# Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни

**Сөзү: Ж.Садыков жана Ш.Кулиевдики**
**Обону: Н.Давлесов жана К.Молдобасановдуку**

**Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,**
**Элибиздин жаны менен барабар.**
**Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,**
**Сактап келди биздин ата-бабалар.**

**Кайырмасы:**

**Алгалай бер, кыргыз эл,**
**Азаттыктын жолунда,**
**Өркүндөй бер, өсө бер,**
**Өз тагдырың колуңда.**

**Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,**
**Досторуна даяр дилин берүүгө.**
**Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,**
**Бейкуттукту берет кыргыз жерине.**

**Кайырмасы:**

**Аткарылып элдин үмүт, тилеги,**
**Желбиреди эркиндиктин желеги.**
**Бизге жеткен ата салтын, мурасын,**
**Ыйык сактап урпактарга берели.**

**Кайырмасы:**

## Кыргыз Республикасынын
## Мамлекеттик тил гимни.

*Сөзү: С.Алтымышовдуку.*
*Музыкасы: Б.Алишеровдуку.*

Тил жаралып Көкө-Теңир таңынан,
Адамзаттын дөөлөтүнө буйруган.
Адам деген түп сөзүнөн элимдин,
Кыргыз тили ай-ааламга жаңырган

**Кайырмасы:** Кыргыз тили жүрөгүм,
Манас ата туу туткан
Кыргыз тили - Мекеним
Менин өлкөм Кыргызстан!

Мекен тили - Ата-Журттун кареги,
Биримдиги, күч-кубаты, тиреги.
Мекен тили - куттуу кыргыз элимдин,
Көкүрөктө согуп турган жүрөгү.

**Кайырмасы**: Кыргыз тили жүрөгүм,
Манас ата туу туткан
Кыргыз тили - Мекеним
Менин өлкөм Кыргызстан!

Мекен тилин ыйык тутуп, сактайлы,
Мекен тили бак-таалайдын кутманы
Мекен тили кан-жаныбыз, туубуз
Ата-журттун келечеги, ак таңы.

**Кайырмасы**: Кыргыз тили жүрөгүм,
Манас ата туу туткан
Кыргыз тили - Мекеним
Менин өлкөм Кыргызстан!

**Койлубаева Айгүл, Койлубаева Айнура**

# Кыргыз тили

**(5 – класс үчүн окуу китеби)**

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган**

УДК 373.167,1
ББК 81.2 Ки Я 721
К 59

Койлубаева А.К., Койлубаева А.К.

К 59 Кыргыз тили: Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто мектептердин 5–класстары үчүн окуу китеби.

ISBN 978-9967-441-17-0

***Шарттуу белгилер***: ! **Эсиңе тут**

? **Ойлончу**

**Оозеки иштөө**

**Жазуу көнүгүүлөр**

К 4306020200-09
ISBN 978-9967-441-17-0

УДК 373, 167.1
ББК 81. 2 Ки Я 721
© Койлубаева А.К.,
Койлубаева А.К.

# I чейрек

## ТИЛ ЖАНА КЕП

### § 1. Тил пикир алышуунун куралы

!

• Тил - пикир алышуунун куралы, адамдар ортосундагы байланыш, баарлашуу, карым-катышты тейлөөчү каражат.

• Эгерде тил болбосо, өз ара пикир алышуу, биргелешкен эмгектин болушу мүмкүн эмес. Турмушта пикир алышуу, катнаш-байланыш жасоо оозеки да, жазуу аркылуу да ишке ашырылат.

• Ошондуктан тил аркылуу берилип жаткан ой-пикир угуу жана көрүү аркылуу кабыл алынат.

• Натыйжада оозеки айтуу – сүйлөшүп жаткан белгилүү мезгилдин бир гана учурунда кызмат өтөсө, жазуу аркылуу берилген кеп узак мезгилге чейин сакталып, адам баласынын бир канча муундарын курал катары байланыштырат.

📖 **1.** Текстти окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле. Тилдин бүгүнкү абалы боюнча талкуу жүргүзгүлө.

**Мамлекеттик тил – биригүүнүн данакери**

Кыргыз тили - элибиздин эң башкы эн белгиси. Кыргыз тили болгон үчүн кыргыз деген эл, кыргыз мамлекети жашап келүүдө. Эгемендүүлүккө жеткенден кийин мамлекеттик символикаларыбызды: Туубузду көтөрүп, Гимнибизди ырдап, Гербибизди кабыл алдык. Эгемендүүлүккө жетишүүнүн миңдеген жылдык узак, коогалуу татаал сапарында элибиздин биримдигин сактап

жүргөндө, эркиндикке умтулуу идеясын, улуу сезимин жараткан кыргыз тили болгон. Демек, элибизди башка элдерден айырмалап келген, улутубуздун улуттугун сактап жана ташка тамга баскандай айырмалап келген – кыргыз тилибиз. Эгерде түптүү, уюткулуу элибиз болбогондо, анда Кыргыз Республикасы деген мамлекет да, кыргыз эли да, аны башкаруучулар да болмок эмес. Биздин мухиттей чалкыган улуу мурастарыбыз, асыл дөөлөттөрүбүз, рухий кенчибиз, өзөктүү маданиятыбыз, каада-салттарыбыз, улуттук көрөңгөбүз, дүйнө кабылдообуз кыргыз тили аркылуу бабалардан урпактарга улуу таберик катары жашап келди…

Тилдин бүгүнкү күндөгү абалы жөнүндө эмнени айта аласың?

данакери – себепкери
эгемендүүлүк – эркин, өз алдынча
ташка тамга баскандай – так, даана
түптүү, уюткулуу – ынтымактуу
мухиттей – деңиздей
дөөлөттөр – байлыктарыбыз
рухий кенч – ички байлык
таберик – белек, эстелик








✍📖 **2.** Тил жөнүндө айтылган төмөнкү макал, ылакаптарды жана учкул сөздөрдү көчүрүп жазгыла. Алардын маанисин түшүндүргүлө.

Тил маданияты – эл маданияты. Тил – мамлекеттин күзгүсү. Тил – акылдын жарчысы. Так сөздүн таасири күчтүү. Тил керемети – тиш өткүс дүйнө. Жылуу сөз жүрөктү жибитет. Тил кылычтан өткүр. Чечен тилдүү алдыда, тил билбеген артында.

Жакшы сөз пилди да жолго салат. Жалган сүйлөп жашаганча, чындыкты айтып өлгөн артык. Тилде бут жок, бирок алыска жетет.

Бардык тилде касиет бар ойлонсо,
Өз тилимде бирок обон салармын.
Эртең тилим жок болору чын болсо,
Анда бүгүн жан кыюуга даярмын. (Р. Г.)

✍📖 **3.** Белгилүү адамдардын тил жөнүндө айткандарын көчүрүп жазгыла. Алар тилге кандай баа бергенин түшүндүргүлө.

1. Тил эң эле ыйык! Ал элпектикти, сулуулукту, тактыкты, уккулуктуулукту талап кылат. Ага кайдыгерлик кылып кароого болбойт (А.Т). 2. Тил – улуттун жан дүйнөсү (Д.С). 3. Эне тилин кадырлабаган адам, элдин өзүн да кадырлабайт (Б. Ю). 4. Элдин өмүрү – анын тилинде (Ч.А). 5. Кыргыз үчүн дүйнөдө кыргыз тилинен кымбат тил жок. Өз тилин урматтоо- улутчулдук эмес. Өз тилин өгөйлөө – өз элине текебердик кылуу. Кыргызды кыргыз кылган – кыргыз тили. (Ч.А)

## § 2. Кептин тил менен карым-катышы

!

- Тил – колдонулуп, белгилүү бир коомдук милдет аткарганда гана тил боло алат.
- Ал эми тилдин колдонулушу, коомдук милдет аткарышы – кеп аркылуу ишке ашырылат. Кепсиз тил эч качан өзүнчө колдонулбайт, тил катары да коомдук милдет аткара албайт.
- Кеп – оозеки жана жазуу түрүндө ишке ашат, башкача айтканда, тилдин тикеден – тике берилиши жүзөгө ашырылышы болуп саналат.
- Силер эне тилиңерди канчалык сүйүп, туура сүйлөсөңөр, кеп ошончолук түшүнүктүү, уккулуктуу жана таасирдүү болот. Демек, тил менен кеп бири – бири менен өз ара ажырагыс бекем байланышкан.
- Кептин оозеки жана жазма түрү бар. Мындан тышкары диалогдук жана монологдук кеп деген түрлөрү бар. Диалогдук кеп эки адамдын ортосунда, ал эми монологдук кеп жеке адамдын кеби, б.а. жеке адамдын өзүнө-өзү кайрылган учурунда колдонулат.
- Тил менен кепти бири-биринен ажыратып, өз-өзүнчө кароого болбойт!

📖 **4.** Окугула, диалог жана монолог түрүндөгү кептерди айырмалап, алар кандай шарттарда колдонулганын айтып бергиле. Интонациясына көңүл бургула.

1. – Ооз - жалгыз баарыбызда,
   Кулак – экөө, бул эмне?
   - Бул муун үчүн жаралган:
   Анык ук да, аз сүйлө!

   - Ооз жапжалгыз баарыбызда,
   Көз да – экөө, бул неге?
   - Бул муун үчүн жаралган:
   Абдан көр да, так сүйлө!

- Ооз жапжалгыз баарыбызда,
Кол да – экөө, бул неге?
- Өзүң ойлоп тап, билгин:
Көп иште да, аз жегин! (К.Т).

2. Карчыганы жебеген, кайран башым.
Кулач чучук жебеген, курган башым.
Ак улакты жебеген, аңкоо башым.
Кара эчкини жебеген, каткан башым
Балчыктан байтал суурган, балбан башым.
Таманына кат жазган, молдо башым.
Мына ушинтип калдыбы, ойрон кашың!

*Кыргыз эл жомокторунан*

📖✍**5.** Кыргыз тилинде: «Баланын тили чыкты. Тили чыгыптыр», - деп айтылат. Муну кандай түшүнөсүң? (эссе жазгыла)

📖 **6.** Л.Н.Толстойдун: «Тилине ээ боло албаган адам, оюна да ээ боло албайт»,-деген сөзүнүн маанисин түшүндүргүлө.

Тил=ойлоо=кептин карым-катышы менен байланыштыргыла.

📖✍**7.** Тил жөнүндөгү макал, ылакаптардан, учкул сөздөрдөн таап жазгыла. Андагы маанини түшүндүрүп бергиле.


? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:*

1. Тил дегенди кандай түшүнөсүң?
2. Кеп деген эмне? Экөөнүн кандай байланышы бар?
3. Тилдин колдонулушу эмне аркылуу ишке ашат? Кепсиз тил жашай алабы?
4. Кептин кандай түрлөрү бар? Оозеки жана жазуу кебин кандай түшүнөсүң?
5. Кептин уккулуктуу жана түшүнүктүү болуусу үчүн эмнени билүү зарыл?

## БАЙЛАНЫШТУУ КЕП, ТЕКСТ

### **§ 3.** Текст, анын мүнөздүү белгилери.

**!**




*Табышмак, макал, ылакап, афоризмдер жана учкул сөздөр да текст боло алышат.*

**8.** Табышмакты, учкул сөздөрдү окуп, маанисин түшүндүргүлө.

1. Бири чөптү кыят, экинчиси жыят, үчүнчүсү үйөт,
   ушул үчөөнүн атын ким билет?
2. Акыл айга жеткирет, өнөр көккө жеткирет.
3. Сүйлөбөйт, бардык ишти айтып берет,
   Ал нерсе бардык элге абдан керек.
   Жазылган беттеринде бардык сырлар,
   Ойлонуп муну кимдер айтып берет?
4. Таза жүргөндүн дени сак, дени сактын өмүрү узак.
5. Эмгек ар кандай дарттын дабасы. Эмгектен өткөн ырыс жок.

✍ **9.** Текстти көчүрүп жазып, андан ары уланткыла.

Жайдын артынан алтын күз келди. Жалбырактар саргарып түшө баштады. Жер бети кызыл, сары жашыл жалбырактардан кооз килем төшөлгөндөй көрүнөт. Күн анча ысыбай, салкын тартат…

📖 **10.** Текстти окуп, маанисин түшүндүргүлө.

1. Каткан нан да бал татыйт.

Каткан нанды сууга салып жибитип, тамшанып жеп отурган философту көргөн бирөө таңыркап:

- Каткан нанды тамак деп кантип жеп жатасың? – деп сураганда ал:

- "Мен муну, каткан нан бал татый турган учур келет деп сактап жүргөмүн!" – дейт.

*Залкар ойлор*

2. Айбанаттардын эң уйкучусу – аюу. Ал уктаганда, опур-топурду, ызы-чууну такыр укпайт экен. Ышкырган катуу шамал да аны такыр ойгото албайт. Ошондуктан аюуну аңчылар көбүнчө уктап жаткан кезде кармашат.



✍**11.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, «Биздин класс» деген темада чакан текст түзүп жазгыла.

Класс, окуучу, кыздар, балдар, кенен, жарык, окуйт, үлгүлүү, тартиптүү, таза, терезе, чоң, гүл, сүрөттөр, парта, отургучтар, бүлдүрбөй, көздүн карегиндей, дайыма, окушат, мыкты, ынтымактуу


✍ **12.** Жайкы эс алууну кандай өткөргөнүңөр жөнүндө ой-пикириңерди жазгыла. Текстке мүнөздүү болгон негизги белгилерди атагыла.

? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:*

1. Кептин жазуу формасы эмне аркылуу берилет?
2. Текст дегенди кандай түшүнөсүң?
3. Текстке мүнөздүү кандай белгилер бар?
4. Эмне үчүн табышмак, учкул сөз, афоризмдерди
5. текст боло алат деп ойлойсуңар?
6. Ар кандай эле сүйлөмдөрдүн топтому текст боло албай тургандыгын эмне менен түшүндүрөсүңөр? Мисал келтиргиле.

## § 4. Тексттин маанилик бүтүндүгү.

!





## КУРМАНЖАН ДАТКА

Курманжан душмандар менен тил табышып, кыргындуу согуштарды токтотуп, элди аман сактоого бүт айла-амалын жумшаган. Душмандар Курманжандын бир баласын жазага тартып өлтүрүп, эки небересин Сибирге, түрмөгө, айдашкан. Ошондо да Курманжан датка эл толкуп, согуш чыгып кетпесин деп, чыдамдуулугун көрсөткөн. Согуш болсо, кыргыздар кыргынга түшөрүн байкап, элди тынчытып, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп турган. «Датка», «Алай ханышасы», «акылман» деген сөздүн баары Курманжанга арналат. Кыргыздар мындай акылман, кыраакы адамды унутпайт. Ал «Курманжан датка» деп тарыхта айтылып калган.

!

Жогорудагы сүйлөмдөрдүн тизмеги маанилик бүтүндүккө ээ. Тексттин талабына жооп берип, ага төмөнкүдөй белгилер таандык:

- Сүйлөмдөр өз ара тематикалык жактан байланышта, б.а., текстте Курманжан датканын өмүрү, ишмердүүлүгү, кыраакылыгы жана акылмандыгы жөнүндө айтылуучу ой кыска жана ырааттуу берилди.
- Тексттеги сүйлөмдөр грамматикалык жактан тыгыз байланышта, б.а., алардын баяндоочтору – ган формасындагы этиштин өткөн чагы аркылуу уюшулуп, айтылуучу ойдун ырааттуу өнүгүшүн шарттап турат.
- Текст – кептин бир түрүнө, баяндоо түрүнө, таандык, анткени Курманжан датканын өмүрү, ишмердүүлүгү ырааты менен биринин артынан экинчиси келген кыймыл-аракеттер аркылуу баяндалды.

Ошентип, бири экинчиси менен тыгыз байланыштагы жогорудагы белгилердин биримдиги **текстин маанилик бүтүндүгү** деп аталат.

!

Тарыхый эстеликтер элибиздин өткөн замандагы турмушун баяндайт. Трактор менен жер айдап, урук себебиз. Капуста чымды көп талап кылат.

Жогорудагы сүйлөмдөрдүн топтому текст боло албайт. Анткени тематикалык, маанилик жана грамматикалык жактан байланышкан жок. Демек, сүйлөмдөрдүн жогорку топтому тексттин мүнөздүү белгиси болгон маанилик бүтүндүккө ээ эмес.

**13.** Текстти окуп чыккыла, андагы сүйлөмдөр маанилик бүтүндүккө ээ болобу? Тексттин талабына жооп береби?

### Баатыр уул жана Эне сүтү

Бул аңыз кептин окуясы илгери-илгери кыргыздар жунгарлар менен кырчылдаша согушуп жүргөн кезде болуптур дешет. Мына ошол согуштардын биринде жунгарлар көптүк кылып, жерин басып киришет. Кырчылдаган катуу согуш болуп, кыргыздар жеңиле баштайт. Ошондо бир баатыры душмандардын курчоосунда калып, жалгыз өзү душмандын жүз баатырын өлтүрүп, акыры чарчап, алдан тайганда, колго түшүп калат.

Душмандын аскерлери аны ханына алып барышат. Хан кыргыз баатырын көрүп, анын эрдигин угуп, "менин да коркок жүз баатырымдан көрө ушундай бир эле баатырым болсочу", - деп ойлойт.

-Мен сенин жаныңа азаттык берем, бирок азырынча бере албайм. Анткени биз душманбыз. Мен сага мындай шарт коем: Менин элимден жүз бала тандап алып, өзүңдүн бүгүнкүдөй өнөрүңдү үйрөтсөң, башыңа азаттык берем. Болбосо, сендей баатыр куру бекер өлүмгө баш ийгени болбойт,-дейт душмандын ханы.

Ошондо кыргыз баатыры анын шартына макул болбоптур.

-Душманыма согуш өнөрүн үйрөтүп, сырымды тарттырганча, өлүмгө бетме-бет барганым артык. Душманыма колтук ачканымды энемдин ак эмчегинен эмген сүтүм кечирбейт,-дептир кыргыз баатыры душманын тике карап. (С.Р.)

📖 **14.** Текстти окуп чыккыла. Кандай ой айтылганын түшүндүргүлө.

1. **Сырттан көрүп баа бербе**.

Акылман мындай деген экен:

- Сырты суук, кийгени жупуну адамдардан жийиркенбей жүр. Адамдын ички сымбаты, сырткы сымбатынан жогору турат да, көзгө көрүнбөй, көкүрөккө сезилет. Алтынды жараткан таш, акылды жараткан баш.

*Залкар ойлор*

2**. Көөкөр үйлөтүү.**

«Көөкөр үйлөтүү”- элдин эзелтен берки сынган кабырганы тез бүтүрүү үчүн иштеген табыптык ыкмасы. Сынган кабырга ичине карата оркоюп калбас үчүн көөкөрдү катуу үйлөткөн. Ошондо кабырганын сынган жери ордуна келсе керек. «Манас» эпосунда Манас кабыргасын Коңурбайга сындыра сайдырып келгенде, Каныкей алты ай Манаска көөкөр үйлөткөн экен.

Х. К. *Накыл сөздөр*

📖 **15.** Төмөнкү сүйлөмдөрдүн топтому текст боло алабы? Эмне үчүн?

Адилет сөз ар качан так жана жөнөкөй келет. Окуу жылы сентябрда башталат. Кыздар элдик бийлерди бийлешти. Китеп – сыйкырчы. Дүйнөнү жаңырткан да - китеп. Экология – жалпы дүйнөлүк проблема. Бүгүн күн

бүркөлүп, нөшөрлөп жаан жаады. Атам малдарды айдап, жайлоого кетти. Асан менен Арлен киного чогуу барышты. Быйыл кыш абдан катуу болду. Күз мезгили мага жагат.

✍ **16.** «Биздин үй бүлө» деген темада чакан текст түзгүлө.




? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:*

1. Тексттин маанилик бүтүндүгү дегенди кандай түшүнөсүң?
2. Тексттин маанилик бүтүндүгүнүн мүнөздүү белгилерин атагыла.

## § 5. Тексттин темасы жана андагы негизги ой.

!



✍ **17.** Текстти көчүрүп, анда айтылган негизги ойду таап, тема койгула.

Мектеп – сенин экинчи үйүң. Мектептин мүлкүн үйүңдөгүдөй сакта. Бүлдүрбө, сындырба, булгаба.

Мугалим сага билим, тарбия-таалим берет. Ошондуктан мугалим жогорку сыйга татыктуу экенин ар дайым унутпа.

Классташтарың менен достук мамиле түзө бил.

Мектепте ар дайым өзүңдүн жакшы сапаттарыңды көрсөтүп, мыкты окуучу деген наамга жетиш.

✍ **18.** «Китепканада» деген тема боюнча чакан текст түзгүлө.

📖 **19.** Текстти окугула, андагы негизги ой менен тема дал келеби? Түшүндүргүлө.

**Асан Кайгы**

а) Илгери – илгери кыргыз элинде Асан Кайгы деген акылман жашаптыр. Ал абдан боорукер болуптур. Жер жүзүндөгү жан-жаныбарларга, алсыздарга, оорукчандарга дайыма боору ооруп, жардам берчү экен. Көп кайгыра берген адамды элдер «Асан Кайгы» деп коюшат. Ошентип, Асан Кайгы бабабыздын аты түбөлүк унутулбай айтылып калган.

б) Мал багуу – кыйын жумуш. Адам аларды кышында суукtан коргоп, жем-чөп берип, аман асырайт. Кышында малдар карды тээп оттошот, бирок ага тоюнушпайт. Жайыттан келгенде, аларга чөп салат, жем берет.

Короону кыш түшө электе жылуулап даярдашат.

Мына ошентип, мал кышында үшүбөй ток болот.

📖 **20.** Текстти көркөм окуп, андагы негизги ойду аныктагыла.

I. - Чоң эне, небереңиз канчада?

- Айланайын, мен канча жашта болсом, ага ошончо ай болду.

- Сиз канча жаштасыз?

- Неберем экөөбүз биригип алтымыш беш жаштабыз.

Ал эми неберем канча жашта экенин өзүң эсептеп ал.

*Сана, баамда, ойлоп тап*

II. Жети нуска.

1. Бүгүнкү бүтүрчү ишти эртеңкиге калтырба.
2. Өз колуңдан келген ишти башкага тапшырба.
3. Арзандыгына карап, керексиз буюмду ала бербе.
4. Аз иш бүтүрдүм деп көп кейибе.
5. Баарынан намыс кымбат турарын унутпа.
6. Боло турган нерсенин болбой калганына өкүнбө.
7. Ачууң келсе, онго чейин сана, өтө эле катуу келсе, жүзгө чейин сана.

*Т. Жеф.*

📖 **21.** Текстти окуп, андагы негизги ойду аныктагыла.

Уулу шаардан айылдагы атасыныкына келди. Атасы: «Ырас келбедиңби? Жүрү, тиги тырмоочту алып, мага жардам бер», - деди. Бирок уулу жумуш кылгысы келбеди. «Мен билим алып келдим. Дыйкандардын сөздөрүнүн баарын унутуп калыптырмын. Тырмооч деген эмне?» - деди. Ушинтип коюп, ал жаңы эле короого кирип баратып, тырмоочту басып алды. Тырмоочтун сабы анын башына бир тийди. Ошондо ал чекесин басып: «Кайсы макоо тырмоочту бул жерге таштап койгон!» - дептир.

? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:*

1. Тексттеги негизги ой дегенди кандай түшүнөсүң?
2. Негизги ой менен тема байланышта болобу? Эмне үчүн?

## § 6. Тексттин планы.

!

❖ Тексттеги ойдун урунттуу учурларын көрсөтүү үчүн жөнөкөй план түзүлөт.

ТЕКСТТИН ПЛАНЫ

❖ Тексттеги айтылып жаткан ойдун майда-чүйдөсүнө чейин кеңири баяндоо үчүн татаал план түзүлөт.

**22.** Текстти окугула да, жөнөкөй планын түзгүлө. Андагы негизги ойдун эмне жөнүндө болгонун аныктагыла.

### Кеминенин жоруктарынан.

Кемине өзүнүн үйүндө уктап жатса, түн ичинде ууру кирип, бир нерсе колума урунуп калабы деп, кайсалап издей баштайт. Кемине ойгонуп кетип, каткырып күлөт:

- Анык макоо жигит экенсиң! Мен бул үйдөн күндүз эч нерсе таппай жүрсөм, сен келип түнкү караңгыда бир нерсе издейсиң да!

*Түркмөн эл жомогу*

**23.** Төмөнкү план боюнча текст түзгүлө жана ага тема койгула.

1. Кара чыйырчык
2. Катуу жааган жамгыр.
3. Бактагы бала.
4. Алмаздын кубанычы.

📖 **24.** Төмөнкү тексттин мазмуну менен план дал келеби? Түшүндүргүлө.

Көлдүн көк жашыл булуңунда балдар лагери турат. Шаарлардан да, айылдардан да бул лагерге дем алууга балдар келишет. Кээси эки айга, кээси бир айга, кээ бирлери эки гана жумага келишет. Бардыгы тең көлгө кызыгышат. Кумга оонап, күнгө кактанышат. Көлдү кылаалап басып жүрүшөт. Болор – болбос жел жортсо, майда толкундар кубалашып, жээкке ак көбүк серпишет. Ошентип, ак көбүктүү жээктен кеткилери келишпейт. Балалыктын кумары таркабайт. Кара көк тартып көл көйкөлөт.

Аптап кайнап, кум үстүндө закым көчөт.

*(Т.С.)*

План:

2. Көл жээги.
3. Эс алууга балдар келишти.
4. Балдардын эс алуусу.
5. Көлдүн көрүнүшү.



✍ **25.** Төмөнкү пландын негизинде чакан текст түзгүлө жана темасын аныктагыла.

План: 1. Мугалимдик кесип
2. Биздин агай-эжейлер
3. Мугалимдин эмгеги.

📖 **26.** Мугалим жөнүндө табышмактардан, ырлардан билесиңерби? Айтып бергиле.

Билгенин жашырып катпайт,
Билимге умтулсаң мактайт.
Бул кандай мээримдүү адам?
Бир бала табат, бир бала таппайт.

## § 7. Кептин түрлөрү.

1. Биз ой-пикирибизди **баяндоо**, **сүрөттөө** жана **ой-жүгүртүү** аркылуу түшүндүрөбүз. Булардын бардыгы кептин түрлөрүнө кирет.

!




📖 **27.** Текстте эмнелер жөнүндө баяндалды. Окуяны ирети менен баяндап бергиле.

### 1. Кызык экен, билип ал!

Куштар жылуу жакка учуп баратканда күчтүүсү, чоңу алдыда болуп, калгандары ээрчип учат. Себеби абаны жирегени бат чарчайт. Алыс жол басып, тоо, токой, деңиздердин үстүнөн учуп өтүшөт. Деңиздердин үстүнөн учуп бара жатканда, эс алып, конорго жер таппай, көбү өлөт.

Окумуштуулар кичинекей, алсыз чымчыктар чоңураагынын жонуна конуп алганын байкашыптыр. Жарадар болгон түгөйүн таштай албай, асмандан жерге боюн таштап өлгөн ак куу жөнүндө ырлар да бар.

Ынтымактуулук жагынан булардан үлгү алса болот экен. *Кызыктар дүйнөсүнөн*



**2. Компьютер досубузбу, же…?**

Компьютер, интернет, мобилдик телефон - учурдагы техникалык ой жүгүртүүнүн туу чокусу. Булардын адам тиричилигиндеги зор пайдасын эч ким тана албайт. Бирок коньюктуралык кызыкчылык ашынып кеткенде, адамзат жакшылык ниет менен ойлоп тапкан ар кандай жаңылык жаманчылдыкка да айланып кетерин тарых жакшы билет. Асыресе, физиологиялык, психикалык жактан бышып жетилип, күч-кубаты калыптана элек жаш организмге терс таасирлер иргелбей жабыша каларын практика нечен ирет далилдегенин унутпасак.

Бири-бирин кууп жүрүп атканды, кырып-жойгонду үйрөткөн оюндарга өзгөчө кызыккан өспүрүмдөр аз эмес. Бул – адамдагы күч-кубатты, эр жүрөктүүлүктү эмес, мыкаачылыкты, залимдикти, таш боорлукту даңазалаган тарбия.

Ырас, компьютерди жакшы билүү, анын сырларын өздөштүрүү азыркы өспүрүм үчүн зарыл. Анын жашообуздагы ролун, маанисин акыл-эс менен түшүнүп, аны кул кылышыбыз керек. *Т.С.*

**28.** Аңгемени окуп, андан ары уланткыла. Темасын койгула.

1. Биздин класс, чоң жана жарык. Класста бардыгы жыйырма окуучу окуйт…

2. Жаратылыш бизге көрк берет. Анын байлыктары - биздин мүлкүбүз…

3. Биздин үй бүлө чоң. Үйдө чоң энем, чоң атам, ата-энем жашайт...

**29.** Сүрөт боюнча аңгеме түзгүлө. Оюңарды ырааттуу баяндагыла.




📖 **30.** Жомокту окуп, мазмуну менен таанышып, ал боюнча план түзгүлө. Окуяны ирети менен айтып бергиле.

**Атанын кеңеши.**

Илгери бир карыя жашаган экен. Анын уулу болуптур. Атасы уулуна мындай дейт:

- Балам, жашоонун сырын бил. Сенин алдыңдан эл кыя өтпөй саламдашсын. Ар бир айылда бирден үйүң болсун. Өтүгүң күндө жаңырып турсун.

Уулу атасынын сөзүн ойлонуп угат да:

- Ата, ар бир айылга үйдү кантип салам? Күндө өтүктү кайдан алам? Канткенде алдымдан эл кыя өтпөйт?

Карыя күлөт:

- Анын жарасы жеңил, балам! Ар бир айылда күйүмдүү досуң болсо, үйүң болгону ошол. Өтүгүң күндө жаңырып турсун десең, кечкисин тазалап кой. Ишке таң заарынан жөнө. Ошондо сени көргөн эл алдыңан кыя өтпөй, ийменип салам берет.

*Армян жомогунан*

📖 **31.** Мектебиңердеги спорттук иш-чаралар тууралуу ирети менен баяндап бергиле?

# § 8. Сүрөттөө

!

**Кептин түрлөрү**

❖ сүрөттөө - заттын белгилерин ачып көрсөтүүчү кептин бир түрү.

❖ Мында жаратылыштагы көрүнүштөрдү, адамдарды, жаныбарларды, буюмдарды жана башкаларды сүрөттөөдөн аларга тиешелүү болгон белгилер, сапаттар, өзгөчөлүктөр көрсөтүлөт.

📖**32.** Тексттерди окугула жана айтып бергиле. Анда кептин кайсы түрү колдонулган?

Ак мөңгүлүү чокулар кыркалап, коргошун ирециндей. Чарык жиптей агарып чубалган суулар агып жатат. Чагылган тийип, кара күйүндү болгон арчанын калдыгы көрүнөт. Жакын эле жерден үпүп сайрайт. Топтомолок кызыл четин алыстан дүпүйөт. Чайыр куурай, аюу чачы, шыралжын жыты буруксуйт. Туу чокуну айланып, арчалуу асканын үстүндө эки бүркүт каалгып жүрөт.

### Жаратылыштагы үндөр

Бактын арасына кирип, же суу жээгине барып, айлана – чөйрөнү бир азга тыңшасаң, ар кандай үндөрдү угушуң мүмкүн. Дароо эле бактын шуулдаганы, же суунун шырылдап агып жатканы угулат.

Гүлгө топтошуп аарылар ызылдайт. Чөптүн арасынан чегирткелер чырылдайт.

Бак ичинде куштар сайрайт. Өзгөчө булбул – ырчы куш. Ал кичинекей эле боз чымчык …

Торгойдун сайраганы да кызык. Ал асманга бийик көтөрүлүп алып, канаттарын дирилдетип сайрайт.

Кечкисин бакалар чардайт.

Жаратылышта ар кандай сонун үндөр бар. Күндүн күркүрөгөнү, көлдүн шарпылдаганы, чөптүн шуудураганы, куштардын сайраганы музыкага окшош.

*Укмуштар дүйнөсүнөн*

**Жер жана күн.**

Ар дайым күн менен түн алмашып турат. Күн тоодон чыгып, жогору көтөрүлүп, асманда жылып олтуруп, анан тоолордун ары жагына батып, түн кирет. Бизге ар дайым күн жылып бара жаткандай сезилет.

Күн чыкканда, жер бети жылыйт, гүлдөр ачылат, чөптөр кулпурат. Айбанаттар да күнгө кактанат. Күндү баарыбыз жакшы көрөбүз. Силер ар дайым күндүн сүрөтүн тартасыңар. Түн ичинде капкараңгы болуп, эч нерсе көрүнбөй калат, суук боло түшөт. Адамдар, айбанаттар уйкуга кирет.

Демек, күн бизге жарык жана жылуулук берет. Жерде күнсүз жашоо жок.

*Адам жана жаратылыш*

✍ **33.** Класстагы өзүңө жаккан досторуңдан бирөөнү сүрөттөп жазгыла.

✍ **34.** Жыл мезгилдеринин ичинен сага жаккан мезгилди сүрөттөп жаз.




📖 **35.** Ырды окуп, кайсы каармандын сүрөттөлгөнүн ирети менен айтып бергиле.

1) Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй …

**2)** Семетейдин Тайбуурул,
Эбелек чөпкө семирген.
Семиргени сүмбөдөй
Бул жаныбар буурулдун,
Секиргени бүргөдөй.
Көргөндүн жаны күйгөндөй.
Жайнаган жакшы көкүлдү
Көзүнө ченеп түйгөндөй.
Чаткаягы колоттой
Маңдайында кашка тиш,
Таптап койгон болоттой,
Туягы зор чарадай,
Арт жагында соорусу
Эркин жаткан талаадай

*«Манас»*

✍🕮 **36.** Сүрөт боюнча чакан текст түзгүлө. Кептин кайсы түрлөрү катышканын айтып бергиле.



## § 9. Ой жүгүртүү

!

**кептин түрлөрү**

**ой жүгүртүү**

- кептин башка түрлөрүнө караганда, ой жүгүртүү татаал болот.
- далилдерге таянуу менен оюн берүү - ой жүгүртүү деп аталат.

**камтылган мазмун**

- адегенде айтылуучу ойдун негизи берилет.
- ошол ой далилдер жана мисалдар менен аныкталат.
- акырында жыйынтык чыгарылат.

*Мисалы:* ой жүгүртүү мүнөзүндүгү төмөнкү текстке көңүл буралы.

### Мугалим болгум келет

Эң ардактуу кесиптердин бири – мугалимдик. Мугалимдер балдарга «А» деген тамганы үйрөтүп, окутушат. Адамдардын бардыгы мугалимден билим алып, көп нерселерди үйрөнүшөт. Ал тургай, врачтар да, учкучтар да, соодагерлер да мугалимден окушкан. Ошондуктан мен чоңойгондо мугалим болом. Балдарга билим, тарбия берүүнү кесип кылам.

Бул тексттеги айтылуучу ойдун негизи – «эң ардактуу кесиптердин бири–мугалимдик» деген сүйлөмдө берилди. Андан кийин ошол ой-максат 2-3-4-сүйлөмдөрдө далилденип, 5-6-сүйлөмдө болсо, жыйынтык чыгарылды.


**37.** Келечектеги сүйгөн кесибиң жөнүндө ой жүгүртүп, чакан текст түзгүлө.

**38.** Берилген тексте кептин кайсы түрү колдонулганын аныктагыла.

## 1. Күн карама

Өсүмдүккө эң зарыл шарттардын бири–жарык. Жарыкты бизге күн берет. Жарык болбосо, өсүмдүк өспөйт. Алар жарыктан кубат алышат.

Күн караманы билесиңерби? Аны эмнеге күн карама дешет? Себеби  ал күндү ушунчалык жакшы көрөт. Гүлү эртеден кечке күндү ээрчип, эртең менен күн чыккан жакты, кечинде күн баткан жакты карай бурулат. Ошол үчүн аны күн карама деп коюшат.




## 2. Бурана


Тарыхый эстеликтер бизге элибиздин өткөн замандагы турмушу тууралуу көп нерсени баяндайт. Бурана мунарасы турган жай «Баласагын шаар урандысы» деп аталат. Бул шаар урандысы Токмок шаарынан 12 км жерден орун алган. Археологдор казганда, бул жерден ар түрдүү карапалар, кооз, оймо-чиймелүү кирпичтер көп табылган. Бурана мунарасы - Борбордук Азия аймагындагы бийик мунаралардын бири. Ал мындан 1000 жыл мурда салынган. Бул мунара тарыхтын бизге калтырган эстелиги болуп саналат.

## 3. Быштак

Кыргыздын илгерки оокаттарынын бири – быштактар. Алар көбүнчө ууздан, ириген сүттөн жасалат. Ууз быштак бодо, же жандык малдын уузун чогултуп, бир аз кайнатып, азыраак туз сээп, уютуп койсо, быштак сары суусунан бөлүнүп калат. Көбүнчө өз үй бүлөсүнө даярдалат. Ал майлуу жана ток оокат. Балдардын ден соолугу үчүн өтө пайдалуу келет.

*Кыргыз даамы*

📖✍**39.** Сүрөт боюнча ой жүгүртүп, «Суу жээгинде» деген темада чакан текст түзгүлө.



📖 **40.** Текстти окуп, кептин кайсы түрүнүн негизинде жазылганын түшүндүр. Мазмунун ирети менен айтып бер.

## Чопо чоор

Элибизде ушундай ат менен ылайдан, же чоподон жасалган шар түрүндөгү үйлөмө аспап белгилүү. Чопо чоордун сырткы түзүлүшү сүйрүрөөк шар сымал. Чоңдугу болсо, жумуртканын көлөмүндөй. Аспаптын бир жагы жерге коюуга ылайыкташтырылып, кенен жана жалпак келет. Ага карама-каршы жагы ичкерээк келет да, үйлөгөндө үндү пайда кылуучу көзөнөк калтырылат. Бул көзөнөктөрдүн диаметри 2-3 ммге барабар. Аспаптын оозунун бир жагы бир аз тегиз келет. Бул жерге, биринчиден, чопо чоордо ойноочу кишинин астыңкы эрини такалат, экинчиден, ал үн чыгарууну оңойлоткон белги, аныктама катары кызмат кылат. Аспапты жасагандардын айтуусуна караганда, ак ылайдан жасалган чопо чоордун үнү тунук келип жагымдуу болот экен.

*Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары*

✍ **41.** «Менин мекеним» деген темадагы текстти улантып жазгыла.

Ар бир адамдын өз мекени бар. «Мекен» деген сөз кыргызда – ата-бабанын жери, туулуп-өскөн жер дегенди билдирет. Менин туулган жерим - …

✍ **42.** Өзүңө жаккан жаныбарлардын бирөөнү алып, кептин түрлөрүн колдонуп, чакан текст жазгыла.

✍ **43.** «Мен сүйгөн чыгарма» деген темада кептин түрлөрүн (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) колдонуу менен эссе жазгыла.

📖 **44.** Текстти окуп, мазмунун ирети менен айтып бергиле. Анда кептин кайсы түрлөрү колдонулганын аныктагыла.

Бул сүрөттү мен али тартып бүтө элекмин. Анын кандай болуп чыгарын эмитен айтуу да кыйын. Күнүгө таң заардан туруп, мурда долбоорлогон айрым вариант, сүрөтчө-этюддарды кайра баштан эки-үч сыйра карап чыгам да, таңкы тынчтыкта аркы-терки басып ойлоном. Жок, мен али көңүлдөгүнү таба элекмин, иштин баары алдыда. Бул сүрөт азырынча ойдогу тилек, жүрөктө толкуган, кан тамырында жүргөн элес, үмүт, кыял гана .

Ишти бүтпөй жатып, болочок чыгарма жөнүндө күн мурун жарыя салганды дегеле башынан жактырбайм. Мен аны сүрөт аркылуу төкпөй-чачпай элге жеткирсем деген үмүттөмүн. Ошого көпчүлүк эл акылын айтып, тилегин кошсо экен дейм.

*Ч.А.*

📖 **45.** Текстти окугула. Кептин кандай түрлөрү колдонулгандыгын айтып бергиле жана кептин башка түрлөрүнөн болгон айырмачылыгын түшүндүргүлө.

### Ийнелик

Мени айланып кымындай вертолет учуп жүрөт. Ал өтө кызык болучу: үнү да, добушу да жок эле. Анткени анда парасы да, мотору да болгон эмес. Көп узабай ал узун камыштын сабагына барып конду. Баа, көрсө ийнелик турбайбы!

Ого, башынын чоңдугун кара, көзүнүн тостойгонун көрчү! Анын узун, тунук канаттары, тартайган алты буту, ичке узун денеси ар дайым дирилдеп турат.

Кармасамбы, койсомбу?

Аңгыча ийнелик секирип учкан бойдон чөп башылап кетти. Болуптур, кетсең кете бер, менин ишим эмне? Бирок сак бол! Тентек көрүнөсүң, суруга түшүп кетпе!

*Ладислав Кухта*

## § 10. Расмий иштиктүү стиль, анын түрлөрү

**!**



!

**Арыз** - мекеме жетекчисине ошол эле же башка уюмдун мүчөлөрү тарабынан сунуш, сураныч, арыздануу мазмунунда жазылат. Ал иш жүргүзүүдө өтө кеңири колдонулат. Мектепке кабыл алуу, же которулуу, жумушка орношуу же чыгуу, түрдүү эс алууларга уруксат суроо сыяктуу процесстер биринчи кезекте арыз аркылуу жөнгө салынат.

1. Мекеменин аталышы, жетекчинин кызматы жана аты-жөнү жазылат. Жетекчинин аты жана атасынын аты кыскартылат. Фамилиясы толук көрсөтүлүп, ал барыш жөндөмөгө келтирилет: А.К. Жолдошевге

2. Арыздануучунун каерде, ким болуп иштери, аты, атасынын аты жана фамилиясы көрсөтүлүп, фамилия чыгыш жөндөмөгө келтирилет: А.К. Базарбаевден

3. Иш кагазынын аты жазылат. Биринчи жана экинчи бөлүмдүн уландысы болгондуктан, кичине тамга менен башталганы туура: арыз

4. Текст. Ал абзацтан башталып жазылат. Арыздын текстти түшүнүктүү, так жана кыска болушу талап кылынат.

5. Арыз жазылган дата алты цифра менен же цифра – сөз менен көрсөтүлөт: 16.05.10 же болбосо, 2010-жыл, 16-май.

6. Колу коюлат.

7. Фамилиясы жазылат.

*Мектепке кабыл алуу арызынын үлгүсү*

Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз
районундагы К. Салиев
атындагы орто мектептин
директору А. Белековго
Дархан айылынын тургуну
С. Акуновдон

арыз

Башка мектепке которулгандыгына байланыштуу уулум Акунов Айдар Сапарбековичтин өздүк делосун берүүңүздү өтүнөм.

09.16.02 Колу: С. Акунов

!

**Чакыруу**-өткөрүлүүчү мааракe тойлорго, түрдүү чогулуштарга чакыруу үчүн жазылган кабарлоо болуп саналат.

1. Иш кагазынын аталышы (Чакыруу);
2. Чакырылуучунун аты-жөнү;
3. Текст;
4. Жыйындын, конференциянын же тойдун өткөрүлүүчү убагы, мөөнөтү;
5. Өтүүчү жайы;
6. Чакырган тараптын аты-жөнү.

Чакырууда ысымы менен атасынын аты (Бек Туратович) же фамилиясы (Урматтуу Т. Садыков), чакырылган адам өтө жакыны болсо (Алымбек ага, Сайра апа, Гүлнура эже) бир түрдүү жазылышы мүмкүн. Чакыруунун текстти үчүнчү жакта "…. келүүгө чакырат" "… катышууңузду өтүнөт" түрүндө жазылат.

*Чакыруунун үлгүсү:*

**Чакыруу**

*Урматтуу Акылай апа, Турат ата!*
*Сиздерди бүтүрүү кечебизге чакырабыз.*
*Кече 2010-жылдын 25-майында саат 13.00дө мектепте өткөрүлөт.*

*11-класстын бүтүрүүчүлөрү*

!

**<u>Кулактандыруу</u>**- белгилүү бир уюмдун же топтун мүчөлөрүн алдыда боло турган иш чараларга, чогулуш, жолугушуу ж.б менен кабардар кылуу үчүн колдонулган жазуу же оозеки түрүндөгү билдирүү болуп саналат.

1. Иш кагазынын аты (Кулактандыруу);
2. Кулактандыруунун текстти;
3. Өткөрүлүү убактысы;
4. Өткөрүү жайы;
5. Иш чараны уюштуруучу (Мекеменин аталышы);

*Кулактандыруунун үлгүсү:*

**К у л а к т а н д ы р у у**

2010-жылы 25-майда саат 14-00дө Т. Сатылганов атындагы окуу-тарбия комплекс-гимназиясынын бүтүрүүчүлөрүнүн кечеси өткөрүлөт.

Уюштуруу комитети

✍**46.** Мектеп директорунун наамына экскурсияга баруу жөнүндө арыз жазгыла.

✍**47.** Чакыруу кагазынын түрлөрүн (ата-энелер чогулушуна, концерттик программа же жолугушуу ж.б) жазгыла.

✍**48.** Класстык чогулуш, ар кандай конкурстар боюнча кулактандыруулар жазгыла.

📖**49.** Берилген арыз, кулактандыруулар туура жазылганбы текшергиле.

а) **Арыз**

Мен 6-класста окугам. Азыр башка мектепте окууну улантып жатам. Ошондуктан деломду бериңиздер.

(колу) Асанов

б) **Кулактандыруу**


Мектепте “Кана эмесе кыздар” конкурсу өткөрүлөт. Кечикпей келгиле.

Уюштуруучулар

## СИНТАКСИС, ПУНКТУАЦИЯ жана КЕП МАДАНИЯТЫ

### § 11. Сөз айкашы.

!



**50.** Окугула. Булардын кайсынысы сөз, кайсынысы сөз айкашы боло алат? Эмне үчүн?

Үй – бийик үй; бөлмө – кенен бөлмө; окуучу – үлгүлүү окуучу; даярдануу – сабакка даярдануу; ыр – уккулуктуу ыр; жыйноо – түшүм жыйноо; асман – көпкөк асман; талаа – жайкалган талаа; токой – чытырман токой; басуу – тез-тез басуу; алма – кыпкызыл алма; арча – жашыл арча.

**51.** Төмөнкү сөз айкаштарын көчүрүп жазып, багындыруучу жана багыныңтуу түгөйлөрүн аныктагыла.

***Үлгү*:** Жакшы окуу, сүйүктүү мугалим.

Кызыктуу окуя, кызыл гүл, бешинчи класс, апамдын сүрөтү, тоого чейин баруу, курч бычак, күмүш билерик, киного баруу, кап-кап буудай, жаркыраган мектеп, айылдык жигит, тартиптүү окуучу, ырдаган кыз, чытырман токой, мелмилдеген көл.

**52.** Төмөнкү мисалдардын кайсынысы сөз, сөз айкашы боло алат, өз-өзүнчө бөлүп жазгыла.

Көл, үй, көлдүн жээги, Ысык-Көл, сүйлөшүү, бака жалбырак, салкын аба, келечек жөнүндө, терең, шаарга баруу, мектепке чейин жүгүрүү, келечек жөнүндө сүйлөшүү, ылдам басуу, аппак, үйүр-үйүр, ырдагандардан экөө, тез-тез, Элдостун эмгеги, бактылуу балалык, күздүн берекеси, кыштын ызгаары, Мээримдин өнөрү.

**53.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү сөз айкашына ажыраткыла. Багындыруучу жана багынычтуу сөздөрдү аныктагыла.

***Үлгү*:** Эненин мээрими күндөн жылуу.

а) мээрими жылуу.

б) эненин мээрими.

в) күндөн жылуу.

1. Бакдөөлөт комуз чертти. 2. Алина, сен айыл чарба көргөзмөсүнө барасыңбы? 3. Учкундан жалын тутанат. 4. Кайгы – багынганды басып калат. 5. Мекенимдин бықшып чыккан түтүнү бал жыттанат. 6. Биздин класстын

окуучулары – эмгекчил. 7. Биз силерди адам болууга тарбияладык.

**54.** Төмөнкү сөздөрдөн сөз айкашын түзгүлө. Анын багындыруучу, багынычтуу түгөйлөрүн аныктагыла. Кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгына көңүл бургула.

Бала, нан, мугалим, тоо, гүл, сабак, окуучу, китеп, дос, мектеп, максат, жомок, кызыктуу, бешөө, тез-тез, катуу, жооп берүү, сүйлөшүү, жоолук, алтын, ата-эне, бетме-бет, жайлоо, эс алуу, филармония, концерт, достук, ойлонуу, кырман, умтулуу.

**55.** Класстагы буюмдарды атап, аларды катыштырып сөз айкашын түзгүлө.

***Үлгү*:** Кенен класс, мектептин китеби, чоң терезе ж.б.

**56.** Берилген схема боюнча сөз айкаштарын түзгүлө.

1. зат атооч + этиш: (сабакка келүү)
2. зат атооч + зат атооч: (атанын сөзү)
3. сын атооч + зат атооч: (үлгүлүү кыз)
4. сан атооч + зат атооч: (беш окуучу)
5. ат атооч + зат атооч: (менин максатым)
6. зат атооч + кызматчы сөз + этиш (сууну көздөй секирүү)

**!**

1. Сөз айкашы болуш үчүн толук маанилүү эки, же андан көп сөз катышат.
2. Эгерде эки сөздүн бири маани берип, экинчиси өз алдынча турганда, эч кандай мааниге ээ болбосо, анда сөз айкашы боло албайт (тартип жөнүндө, үйдү көздөй ж.б.)
3. Булар сөз айкашы болуш үчүн дагы бир толук маанилүү сөздүн болушу зарыл! (тартип жөнүндө сүйлөшүү, үйдү көздөй басуу ж.б.)

*Демек, каалаган эле сөздүн тизмеги сөз айкашы боло албайт!*

**57.** Төмөнкү мисалдардан сөз айкаштарын таап, көчүрүп жазгыла.

Ысык-Көл, Ысык-Көлдүн жээги, Ала-Тоо, Ала-Тоонун абасы, келечек тууралуу, темир жол, келечек тууралуу сүйлөшүү, кызыктуу китеп, беш окуучу, берекелүү күз, үлгүлүү класс, мугалим, сүйүктүү мугалим, тоону көздөй, ак карлуу тоо, балалуу аял, чоң бөлмө, кызыктуу сабак, окуучу, апамдын белеги.

**58.** Төмөнкү схемадан эмнени түшүнүүгө болот? Айтып бергиле.

Тыбыш ——→ сөз ----------→ сөз айкашы----------→ сүйлөм

**59.** «күз» деген сөзгө синквейн түзүү;

***Үлгү:*** 1. Бир сөз менен зат атооч;
2. Эки сөз менен сын атооч;
3. Үч сөз менен этиш;
4. Төрт сөз менен зат атоочко карата берилген фраза;
5. Бир сөз менен синоним.

- «күз» деген сөздөн сөз айкашын түзгүлө;
- «күз» жөнүндө макал – ылакап, табышмак айтуу;

? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:*

1. Сөз жана сөз айкашынын кандай айырмачылыгы бар? Мисалдар келтиргиле.
2. Сөз айкашы деген эмне? Анын тутумундагы багындыруучу жана багыныңкы сөздөр жөнүндө эмнени билесиң? Мисалдар келтиргиле.
3. Татаал сөздөр, же толук маанилүү сөз менен кызматчы сөздөрдүн тизмеги сөз айкашы боло алабы? Эмне үчүн?

М: Ала-Тоо, темир жол, талааны көздөй ж.б.

## § 12. Сөз айкашынын тутумундагы сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдору.

**!**

- Сөз айкашынын тутумундагы сөздөр өз ара маани жактан жана грамматикалык жактан байланышат.
- Маанилик байланыш болгондо, негизги сөз багыныңкы сөздөн кийин келип, экөө өз ара маани жактан байланышат. *Мисалы: сүйүктүү мугалим. Кандай мугалим? – сүйүктүү - зат жана анын сапаты (сын атооч + зат атооч);*

Беш окуучу. Канча окуучу? – беш. Зат жана анын саны (сан атооч + зат атооч)

- Эгерде багыныңкы сөздүн ордун алмаштырсак алардын мааниси өзгөрөт.

Салыштыралы:

а) сүйүктүү мугалим – сөз айкашы;

б) мугалим сүйүктүү – баш мүчөлөрдүн катышынан турган жалаң сүйлөм.

(мугалим – ээ; кандай? – сүйүктүү - баяндооч).

- Грамматикалык жактан байланышканда, багыныңкы сөзгө жөндөмө мүчөлөр уланат, же кызматчы сөздөр (жандооч) айкашат.

*Мисалы: мектепте болуу, келечек жөнүндө сүйлөшүү ж.б.*

- Багындыруучу сөз негизги, ал эми багыныңкы сөз багынычтуу деп да айтыла берет.

**60.** Сүйлөмдөрдү сөз айкаштарына ажыратып, алардын өз ара байланыш жолдорун аныктагыла.

Чириген тактайга мык кагылбайт. Акылдуунун ары бар. Таздан тарак сурабайт. Ала көөдөндөн акыл сураба. Каткан балыкта кан болбойт. Үйдү жарака бузат. Билимдин көбү – акылдын көркү. Окугандын көзү– төрт.

*Кыргыз поэзиясынын антологиясы*

📖**61.** Сөз айкаштарындагы негизги жана багыныччтуу сөздү тапкыла. Алар бири-бири менен кандай байланышта? Схема чийип, багындыруучу сөздүн ордун аныктагыла.

Ысык-Көлдүн жээги. Ала-Тоонун абасы, кылычтай өткүр, кадырлоочу адам, атанын сөзү, балдай таттуу, салкын бөлмө, үйдү көздөй басуу, мугалимдик кесип, тартип жөнүндө сүйлөшүү.

***Үлгү:*** Ысык-Көлдүн жээги

✍**62.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү коюп, сөз айкаштарын түзгүлө. Берилген сөз кайсы учурда негизги, кайсы учурда багыныччтуу болду.

… мектеп …, … ылдам …, … эмгек …, … сабак …, … тоо …, … үч …, … аз …, … класс …, … китеп …, … гүл …,

***Үлгү*:** жаңы мектеп ---сан атооч + зат атооч.
мектепке баруу ---- зат атооч + этиш ж.б.

📖**63.** Берилген сүйлөмдөрдү сөз айкаштарына ажыратып, маанисин түшүндүргүлө.

Момун кишиге адилетсиз жаза берилбейт. Адамдын адеби анын алтынынан кымбат. Сабырдуу максатына жетет. Мен гүлөрдүн кантип уктарын көргүм келди (М.О). Эмгекчил кумурска тамакты аз жейт (С.Р.).

***Үлгү*:** 1. сабырдуу жетет (сын атооч+этиш)
2. максатына жетет (зат атооч+этиш)

📖**64.** Көп чекиттин ордуна заттын ар кандай белгилерин билдирген сөздөрдөн таап, сөз айкашын түзгүлө. Андагы негизги жана багыныңкы сөз бири-бири менен кандайча байланышканын айтып бер.

мээримдүү → эне
… → эне
… → эне
… → эне

беш → окуучу
… → окуучу
… → окуучу
… → окуучу

? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:*

1. Сөз айкашынын тутумундагы сөздөр кандай жолдор менен байланышат?
2. Сөздөрдүн маанилик жактан байланышын түшүндүргүлө? Мисал келтиргиле.
3. Сөздөрдүн грамматикалык байланышы деген эмне? Мисал келтиргиле.
4. Каалаган эле сөздү бириктирсек, сөз айкашы боло алабы? Эмне үчүн?

## § 13. Ыкташуу байланышы.

!

- Айрым сөз айкаштарынын багыныңтуу түгөйү негизги сөз менен жөндөмө мүчөлөрдүн жардамы менен эмес, маанилик жактан гана байланышат. *Мисалы: <u>салкын</u> бөлмө, <u>тез</u> келүү, <u>бийик</u> үй ж.б.*
- Өзүңөр көргөндөй, асты сызылган багыныңтуу сөздөргө жөндөмө мүчөлөр уланган жок. Алар негизги сөз менен орун тартиби боюнча, маанилик жактан гана ыкташа байланышты. Бул ыкташуу байланышы деп аталат.

**65.** Көчүрүп жазгыла. Сөз айкашынын негизги жана багыныңтуу түгөйлөрүн, алардын ортосундагы байланышты аныктагыла.

Жаркын маанай, ачык асман,түлкү тебетей, чытырман токой, карс сынуу, сыйлоо каадасы, чоң мектеп, бийик тоо, биринчи келүү.

**66.** Сүйлөмдөрдүн маанисин түшүндүр жана ыкташуу байланышындагы сөз айкашын тапкыла. Эмне үчүн ыкташуу деп ойлойсуңар?


Картайган жыгач ийилбей сынат. Жылаңачты жүз каракчы тоной албайт. Бийик терек мурда кулайт. Кандын да кайырчы тууганы болот. Жалгыз таруу ботко болбойт. Өзүмчүл киши өзгөгө жакпайт. Талапсыз өмүр - эч нерсеге жарамсыз өмүр. Кырсык жакшы кишини да чалат. Талбас эмгек тоодой тоскоолдукту жеңет.

*«Залкар ойлор»*

**67.** Сөздөрдү маанисине ылайык же багыныңтуу, же негизги сөз катары колдонуп, ыкташуу байланышындагы сөз айкаштарын түзгүлө.

Кызыл, ай, көйнөк, сулуу, чоң, таза, бөлмө, китеп, окуучу, беш, ачык, көңүл, сөз, максат, жетүү, келечек, Ысык-Көл, ойлонуу, кереметтүү, байлык, түгүнгүс, эне, суудай, мээримдүү, тунук, сүттөй, таза, ал, аба.

**68.** Берилген схема боюнча ыкташуу байланышындагы сөз айкашына мисал келтиргиле.




**69.** Ыкташуу байланышындагы сөз айкашына мисалдар келтиргиле. Тутумундагы сөздөрдүн кайсы сөз түркүмүнөн жасалганын аныктагыла.

## § 14. Башкаруу байланышы.

!

6. Байланыштын бул түрүндө негизги сөз багынычтуу сөздүн жөндөмөдө турушун талап кылып, башкарат. Ошондуктан башкаруу байланышы деп аталат. *Мисалы: мектепке келүү, китепти алуу, тоодо болуу, сабактан кайтуу.*
7. Өзүңөр көргөндөй, багынычтуу сөздөр барыш, табыш, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрүндө турду.
8. Байланыштын бул түрү багынычтуу сөзгө жандоочтордун тизмектеле келүүсү менен да жасалат: *тартип жөнүндө сүйлөшүү, мектепти көздөй басуу ж.б.*

**70.** Төмөнкү схема боюнча башкаруу байланышындагы сөз айкашын түзгүлө. Анын негизги жана багынычтуу түгөйлөрүн аныктагыла.

Зат атооч + барыш жөндөмөсү + этиш
Зат атооч + табыш жөндөмөсү + этиш
Зат атооч + жатыш жөндөмөсү + этиш
Зат атооч + чыгыш жөндөмөсү + этиш

**71.** Текстти окуп, маанисин түшүндүргүлө. Башкаруу байланышында турган сөз айкашын көчүрүп жазгыла. Эмне үчүн башкаруу байланышы деп ойлойсуңар?

**1. Бекерчилик жөнүндө**

Даанышман мындай дептир:

- Бекерчиликтен адам шайкелиңдикке барат, шайкелиңдик болсо, адамдын тынчын алат.

*«Ой гүлдөрү»*

2. Бузукулук кайсы жерде болсо, аны бузат, уят кайсы жерде болсо, аны көрктүү кылат. Аш салынган табактын четинен жеңиздер, ортосунан жебеңиздер, анткени ортосунда береке жаап турат.

*«Ой гүлдөрү»*

**72.** Төмөнкү сөздөрдү колдонуп, башкаруу байланышындагы сөз айкаштарын түзгүлө. Багынычтуу сөз кайсы жөндөмөдө турат.

Келечекке карай, келүү, жанаш, адамды, бил, көңүлгө, мугалимди, үйрөн, сыйла, урматта, үйдө , кайтуу, чыгуу.

**73.** Табышмактарды окуп, башкаруу байланышындагы сөз айкаштарын көчүрүп жазгыла. Негизги жана багынычтуу түгөйлөр кайсы сөз түркүмүнөн жасалганын, багынычтуу сөз кайсы жөндөмөдө турганын аныктагыла.

1. Жем жебейт, чарчоону билбейт, колу жок уруп турат, буту жок жүрүп турат .
2. Бетине упа сүйкөнөт, сүйкөнүп жатып үйрөтөт, уят кылат айтканын, көңүлгө бекем түйбөсөк .
3. Жаңыдан демдеп кайнатпай, энемден ичтим ысык чай .
4. Колу бар, сүзүүгө болбойт,
Жолу бар, жүрүүгө болбойт.
Жери бар, айдоого болбойт .

## § 15. Таандык байланыш.

**!**

7. Айрым сөз айкаштарында багынычтуу сөз илик жөндөмөсүндө, негизги сөз таандык мүчөлүү(-ы,-и,-сы) болот. *Мисалы: эненин мээрими, көлдүн жээги, атанын сөзү, эжемдин баласы, досумдун апасы* ж.б.
8. Жогорудагы сөз айкаштарында мээрим энеге, жээк көлгө, сөз атага таандык болуп турат.
9. Байланыштын мындай түрү таандык байланыш деп аталат.

**74.** Төмөнкү сөз айкаштарынын багынычтуу жана негизги түгөйлөрүн таап, кандай жолдор менен жасалганын түшүндүргүлө.

Ала-Тоонун абасы, күндүн нуру, баланын күлкүсү, булбулдун үнү, күндүн суугу, эмгектин шаңы, менин китебим, досумдун максаты, элдин тынчтыгы, жигиттин сөзү.

✍**75.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, таандык байланыштагы сөз айкаштарын белгилегиле. Маанисин түшүндүргүлө.

Акылдуунун сөзү - кыска. Курсагы ачтын кулагы - укпайт. Булбул жокто, баканын чардаганы - керемет. Тобокелдин кемеси сууга чөкпөйт. Тоонун да төрөсү - болот. Ачык сөздүн даамы ачуу келет. Баатырдын өлүмү күндүн батканы менен барабар.

📖**76.** Текстти окуп, таандык байланыштагы сөз айкаштарын тапкыла. Эмне үчүн таандык байланыш деп ойлойсуңар?

Инсандын дили – шамал бирде тиякка, бирде биякка жапырып турган куштун канатындай. Кимде – ким ата – энесинин ыраазычылыгын алса, ага кандай жакшы. Кудай анын өмүрүн узартат. *«Ой гүлдөрү»*

? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:*

Ыкташуу байланышы дегенди кандай түшүнөсүң?
Башкаруу байланышы менен таандык байланыштын өзгөчөлүгү эмнеде? Ар бирине мисал келтир.
Грамматикалык байланыштын түрлөрүнө кайсылар кирет?
Маанилик байланышкачы? Анда мисал келтиргиле.
Төмөнкү таблицаны толтургула. Сөз айкашы боюнча оюңарды жазгыла.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| | | |

## § 16. Сөз айкашы боюнча талдоо

**!**


Сөз айкашы боюнча талдоодо төмөнкүлөрдү аныктоо керек:

5. негизги жана багыныңкы сөздү атап көрсөтүү;
6. негизги сөз менен багыныңкы сөздүн кандайча байланышканын (грамматикалык же маанилик, анын түрлөрү боюнча) аныктоо;
7. негизги жана багыныңкы сөздүн кайсы сөз түркүмүнөн экендигин табуу.

*Талдоонун үлгүсү: Элдин байлыгы.*

*Оозеки түрүндө*: элдин байлыгы деген сөз айкашында негизги сөз – байлыгы. Кимдин байлыгы? – элдин – багынычтуу сөз. Бул сөздөр өз ара грамматикалык жактан байланышты, тагыраак айтканда, байланыштын таандык жолу. Себеби: негизи сөз таандык мүчөлүү, ал эми багынычтуу сөз илик жөндөмөсүндө турду. Байлык элге таандык деген маанини берди. Мында негизги сөз да (байлык), багынчтуу сөз да (элдин) зат атоочтон жасалды.

*Жазуу түрүндө*:




✍📖**77.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, сөз айкаштарына ажыратып, оозеки түрдө талдагыла.

Ааламдын көркүн көз ачат. Адамдын көркүн сөз ачат. Ачуу тил – жылаандын заары. Тил кылычтан өткүр. Тил – жүрөктүн ачкычы. Адамдын сөзү – акылынын чени. Сөөксүз тил сөөктү сындырат. Менин тилим – менин калканым. Шашкан тилин күйгүзөт.

*Кыргыз поэзиясынын антологиясы*

**?**

Каалаган эле сөздү топтосок, сөз айкашы болобу?


**78.** Төмөнкү сөз айкаштарына жазуу түрүндө талдоо жүргүз.

Мектептин окуучусу, билимдүүнүн сөзү, сууга сүзүү, кең талаа, китептин барагы, ишке берилүү, өнөрлүү бала, сулуу кыз, кыргыздын жери.

## § 17. Сүйлөм.

**?**

- сүйлөм деген эмне?
- сүйлөм эмнелерден куралат?
- мисал келтиргиле.
- кандай тыныш белгилер коюлат?
- каалаган эле сөздөрдүн, сөз айкаштарынын топтому сүйлөм боло алабы?



📖✍**79.** Окугула да, сүйлөмдүн бүткөн чегин аныктагыла. Интонацияга ылайык тыныш белгилерин койгула.

Эмне үчүн күн жана түн болот түн киргенде күн кайда кетет жер дайыма айланып турат анын айланганы бизге билинбейт биз да жер менен кошо айланабыз жер тынбай айлана берет ошентип күн менен түн ар дайым кайталанып турат ар дайым күн болсун.

*Балдар энциклопедиясы*

📖**80.** Текстти көрктүү окугула. Андагы интонацияга көңүл бургула.

**Кандай адам кайгычыл**

Бирөөнөн:

- Кандай адам кейикчээл болот? – деп сураганда ал:

- Азга алымсынбаган, ач көз адам кейикчээл болот! – деп жооп бериптир.

*«Ой гүлдөрү»*

**Биле жүр.**



Пил жөнүндө билесиңби?

Пил өмүр бою төрт буту менен тик туруп өтө турган жаныбар. Чоң пилдердин жерге жатканын ушул күнгө чейин эч ким көргөн эмес. Алар чарчаганда, жыгачтарга сүйөнүп туруп укташат.

*Кызыктар дүйнөсүнөн*

✍**81.** Төмөнкү сөздөрдү жана сөз айкаштарын катыштырып сүйлөм түзгүлө. Баш мүчөлөрүн аныктагыла.

Дарак, көйкөлгөн, көйнөк, жоокердин анты, күндүн нуру, бакыт, бактылуу балалык, кыйналуу, онунчу, ар бир, жакшылыктын жарчысы, Алыкулдун оорусу, булбулдун үнү, коркунучтуу окуя, алдыңкы окуучу.

🕮**82.** Текстти окуп маанисин түшүндүргүлө. Интонацияга көңүл бургула.

**Нан – ырыскы**

Нан – ырыскы. Нандан улуу эмне бар?
Дан эмес да, бардык эле өскөн чөп.
Ачка калып, тиштеп нанга зар болуп,
«Нан» деп ыйлап, көз нурлары өчкөн көп.
Адамга нан – ырыскы,
Ардактайлы ырысты!

*(Т.Б.)*

✍**83.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү маанисине карап берилген сөздөрдү пайдаланып толуктагыла.

Эл ар кандай улутта болсо да, бири – бирин … турушат. Эч ким бири – бирин … Ошондуктан … өлкөсүндө ар дайым … өкүм сүрөт. Кыргыздар жана кыргызстандыктар … каалайт. Ынтымак жана достук … байлыгыбыз. (сыйлап, кыргыз, бейпилдик, кемсинтпейт, тынчтыкты, биздин)

🕮**84.** Таблицаны карап, сүйлөм менен сөз айкашын салыштыргыла. Экөөнүн айырмачылыгын мисал келтирүү менен түшүндүргүлө.

| Сүйлөм | Сөз айкашы |
|---|---|
| - жайынча кабарлоо, суроо, буйруу үчүн колдонулат; | - толук маанилүү эки же андан көп сөздөн турат; |
| - толук жыйынтыкталган ойду билдирет; | - заттын, кыймыл-аракеттин белгисин билдирет; |
| - грамматикалык негизге (ээ, баяндооч) ээ болуп турат. | - негизги жана багыныччтуу сөздөрү бар. |

📖**85.** Төмөнкү мисалдардан сөз, сөз айкашы жана сүйлөмдүн бири-биринен болгон айырмачылыгын түшүндүргүлө.

1. Ала-Тоо. Ала-Тоонун абасы. Ала-Тоонун абасы салкын.
2. Эне. Эненин мээрими. Эненин мээрими күндөн жылуу.
3. Көрк. Адамдын көркү. Адамдын көркү - адеп.

## § 18. Жай сүйлөм.

**!**

Сүйлөм айтылыш максатына карай жай, суроолуу, буйрук жана илептүү болуп бөлүнөт.
Сүйлөмдөгү ой жайынча гана баяндалса, жай сүйлөм деп аталат.
Жай сүйлөм бир калыптагы баяндоо интонациясы менен айтылат, жазууда болсо, аягына чекит (.) белгиси коюлат.

📖**86.** Текстти окуп, маанисин түшүндүргүлө. Сүйлөмдөгү ой кандайча баяндалганын айтып бергиле.

### Кызыктар дүйнөсүнөн

Футболдун мекени – Англия өлкөсү. «Футбол» - англис сөзү. «Фут» - бут, «бол» - топ дегенди билгизет. Демек, бут тобу деген маанини берет. Албетте, футбол

бут менен ойнолот. Топту кол менен дарбазачы гана кармайт.

Ал эми баскетболдун мекени – Америка Кошмо Штаты.

*Дүйнөдөгү кызыктар*

📖**87.** Берилген сүйлөмдөрдү окуп, маанисин түшүндүргүлө. Айтылыш максатына карай кандай сүйлөм, эмне үчүн?

Ачууну токтоолук менен, жамандыкты жакшылык менен, битирдикти марттык менен, жалганды чындык менен жеңе бил. Акылдуу адам өзүнө каалабаганды башкага да каалабайт. Билбеген адам баарына макул. Адептүүнүн көзү адилетти мурда көрөт.

*"Ой гүлдөрү"*

Эжеси берген гүлдөр кооз да, чыныгы жыпар жыттуу экен. *(С.Р)*

- Чын эле токойдун аптекасы барбы?
- Ооба, токойдун аптекасы бар.

Эх, десең! Гүл канчалык сулуу да, жыпар жыттуу болсо да, сагынган балага апасынын сулуулугу менен жыпар жытын алмаштыра албайт экен да . *(С.Р).*

✍📖**88.** Берилген сөздөрдү катыштырып жай сүйлөм түзгүлө. Кандай интонация менен айтылгандыгын түшүндүргүлө.

Дарылады, жазды, бышырды, тилди, ташыды, окуду, сурады, китеп, окуучу, аңгеме, эрдик, эл, талаа, темир жол.

📖✍**89.** Текстти окуп, жай сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Ээ жана баяндоочтун алдын сызгыла.

**Билгенди кишиден сураба**

Жолдо бир киши атына аябай көп отун артып келе жатты. Алдынан бирөө жолугуп сурайт:

- Тууган, артып келе жатканың эмне?
- Артып келе жатканым чөп.

- Ой, анын чөп эмес эле, отун го?!

Анда отун алып келе жаткан киши:

- Аны билип турсаң, эмне үчүн сурайсың? - деп бастырып кетет.

*“Залкар ойлор”*

## § 19. Суроолуу сүйлөм.

!

Суроо маанисинде айтылган сүйлөм суроолуу сүйлөм деп аталат.

Суроолуу сүйлөмдөр бир нерсени билүү, бышыктоо жана тактоо максатында айтылат.

Суроолуу сүйлөмдүн аягына суроо белгиси (?) коюлат.

**90.** Жай сүйлөмдөрдү суроолуу сүйлөмдөргө айландыргыла. Көчүрүп жазып, тиешелүү тыныш белгилерин койгула.

1. Адам билбеген нерсесинен коркот. 2. Көгүчкөн аман – эсен кутулду. 3. Мен каникулда лагерге бардым. 4. Биз жайкы каникулда гүлдөргө суу куюп турдук. 5. Тоонун суусу туптунук жана муздак. 6. Элдостун колунан баары келет. 7. Байкем эликтин чаарчыгын кармап келди. 8. Чоң эне уйкулуу көзү менен эмне кыларын билбей унутуп койду (А.К.). 9. Ундан нанды бышырып, дүкөндөргө түшүрөт (М.О.). 10. Чабалекейлер жумшак нерселерди ташыганды токтоткон жок (Ш.Б.).

**91.** Текстти окуп, сүйлөмдөрдү айтылыш максатына карай аныктагыла. Оозеки кептеги интонацияга жана жазуудагы белгилерге көңүл бургула. Маанисин түшүндүргүлө.

### Кимиси акылдуу?

Бир философтон:

- Кандай адам акылдуу? – деп сураганда, ал:

- Колдон келген ишке умтулган адам акылдуу! – деп жооп бериптир.

*“Залкар ойлор”*

**Оңолбос келесоо**

- Кандай кишини оңолбос келесоо деп айтууга болот? – деп бир философтон сураганда, ал:

- Бир эле жерден эки жолу мүдүрүлгөн кишини – деп жооп бериптир.

*“Залкар ойлор”*

**3.** – Тозок деген эмне?
- Кыйналганы жаныңдын.
- Жинденүү деген эмне?
- Бузулганы каныңдын.
- Өлүм деген эмне?
- Өчкөнү болот жалындын.

*А.Т.*

**92.** Көчүрүп жазып, ар бир сүйлөмдүн аягына тиешелүү тыныш белгилерин койгула. Эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө.

- Сен ал иштен кабарың жокпу
- Такыр (Ч.А.).
- Үйүң кайда
- Кең-Суудa (Т.С.).
- Эмне кагылайын
- Бир нерсени байкадыңызбы
- Жок, ал эмне экен
- Бир жактын куурулган буудайдын жыты келет.
- Койчу
- Ырас (К.Б.).

**93.** Ырды көрктүү окугула. Кандай сүйлөмдөр кездешти? Сүйлөмдүн түрлөрүн ажыраткыла.

**Шамал**

Бүт кыдырган ааламды
Айткым келди шамалды.
Аягы жок, башы жок,
Шамал кайдан жаралды.
Анын сырын чечүүгө
Жүгүртөйүн санаамды

Төгөрөктү каптаган
Көлдөн чыгып жүрбөсүн?
Кашык сууга зар болуп
Чөлдөн чыгып жүрбөсүн?
Жандуу – жансыз энеси,
Жерден чыгып жүрбөсүн?

*Б.А.*

## § 20. Илептүү сүйлөм.

!

Илептүү сүйлөм күчтүү сезим менен айтылат.
Илептүү сүйлөмгө көтөрүңкү интонация мүнөздүү.
Илептүү сүйлөмдүн аягына илеп белгиси (!) коюлат.

**94.** Текстти окугула. Илептүү сүйлөмдөр кандай сезимдерди билдирип тургандыгын аныктагыла. Сүйлөмдөрдүн интонациясына көңүл бургула.

Эх, эмнесин айтайын, кесепеттүү согуш нечендердин кендирин кыйды. Атаганат! Жайнагым аман турганда, не деген адам болор эле! Мүнөзүңдөн, кылык-жоругуңдан айланайын, балам, кайдасың? Он экиден бир гүлүң ачылбай, кай жерде барып жалп этип түштүң экен?

-О, дүйнө, о жан жараткан жер, бир оокумга гана баламды тирилтип, бир гана жолу көлөкөсүн көрсөтүп койсоңор! *(Ч. А.)*

✍**95.** Төмөнкү темаларга карата ураан жазгыла. Аларга тиешелүү тыныш белгилерин койгула. Айтылышын байкагыла.

а) окуу куралдарын таза сактоо жөнүндө;
б) элдердин достугу жөнүндө;
в) жаратылыштын көрүнүшү жана аны коргоо жөнүндө.

📖**96.** Текстти көрктүү окугула. Алардын кандай интонация менен айтыларын салыштыргыла. Тыныш белгилери эмне үчүн колдонулат?

**Түлкү менен карапа.**

Түлкү дыйкандын тоогун уурдоого кынык алды. Дыйкан түлкүнү чочутуу үчүн карапаны асып койду. Карапага шамал тийген сайын бу – булап күңгүрөйт. Түлкү келип күүлдөгөн эмне экенин издейт. Караса, карапа экен.

- Токто, күүлдөгөн акмак! Мен сени сууга чөктүрүп жиберейин! Ал карапаны башына кийип алып сууга барды. Муздун тешигине карапаны чөктүрө баштады. Карапанын ичине суу толуп, бурк – бурк этип, түлкүнү суу түбүнө тарта баштады. Ошондо ач көз түлкү:

- Карапа, карапа! Сен мени суугa чөктүрбө! Мен сени бир аз гана чочутайын дегем! – деди.

Ошентип түлкү суугa чөгүп кетти.

*Кыргыз эл жомоктору*

## § 21. Буйрук сүйлөм.

**!**


Буйрук сүйлөм эркти (өтүнүч, буйрук, каалоо ж.б) билдирет да, буйруу маанисинде айтылат.

Сүйлөмдүн бул түрүнүн аягына илеп (!) белгиси коюлат

*Мисалы: Он беш жолу улам кайра туулуп,*
*Он беш жолу жашарбасам карап тур! (А.О.)*

**97.** Көркөм чыгармалардан жай, илептүү, суроолуу жана буйрук сүйлөмдүн ар бирине мисал келтиргиле. Интонация жагынан сүйлөмдөр кандайча айырмалана турганын түшүндүр.

**98.** Илептүү жана буйрук сүйлөмдөрдү кандай белгилери менен окшоштурасыңар жана айырмалайсыңар?




**99.** Бир эле сүйлөмдү алып, жай, суроолуу, илептүү жана буйрук сүйлөм болгондой интонация менен айтып көргүлө.

***Үлгү***: Кандай өзгөчөлүктү байкадыңар?

а) буйруу: Бекдөөлөт, тур ордуңан! Бери кара!

б) өтүнүү, тилек, каалоо: Бекдөөлөт, айланайын, суранам чынынды айтчы!

в) кайгыруу:

г) кекетүү, опузалоо:

д) макул болуу:

е) чогуу, бирге иштөө:

? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:*

Сүйлөмдөрдү эмне үчүн жай, суроолуу, илептүү жана буйрук деп бөлөбүз?


Бул сүйлөмдөрдү айтуудагы интонация деген эмне?

Ошол интонация жазууда кандай белгиленет?

Бекдөөлөт деген сөздөн ар кандай маанидеги сүйлөм түзчү?

## § 22. Сүйлөм мүчөлөрү.

!




**100.** Сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүн тапкыла.

1. Ынтымак достордун жолун ачат. 2. Баатыр элден чыгат. 3. Кекиликтин үнү угулат. 4. Терең ой жүрөктүн тереңинен чыгат. 5. Куштун тилин куш билет. 6. Мээрим этегине түшкөн нандын күкүмүн алаканына салды (Ш.Б.). 7. Төбөдө безеленип сайраган боз торгойдун үнү көңүлүмдү көтөрдү (Т.С.).

**101.** Сүйлөмдөгү ээге карата баяндоочко мүчө улап, баш мүчөлөрдү байланыштыргыла. Көчүрүп жазгыла.

1. Жер бети көк чөпкө оро … 2. Биз сабакка даярда … 3. Тоонун чөптөрү өсүп кал … 4. Арлен комуз черт … 5. Катуу шамал бол … 6. Баку менен Телегей чогуу оку …

**102.** Сүйлөм тизмегиндеги «адашкан» сөздөрдү өз ордуна коюп жазгыла.

1. Бүркөлдү, туман, борошолоп, түштү, жаады, кар, күн. 2. Чыгуу, жолго, камындык, суук, бирок, күн. 3. Менин, жумуштарым, зарыл. 4. Эмгегин, менин, актоо, ата – эненин, милдетим.

## § 23. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү.

**!**

**Ээ.**

Ээнин белгилери:

9. сүйлөмдө ойдун негизин ээлейт;
10. дайыма атооч жөндөмөсүндө турат;
11. ким? эмне? кимдер? эмнелер? кимиси? эмнеси? деген суроолорго жооп берет.

**Баяндооч.**

Баяндоочтун белгилери:

эзнин кыймыл-аракетин көрсөтүп, эмне кылды? эмне кылат? эмне кылып жатат? деген суроолорго жооп берет;

көбүнчө этиш сөздөрдөн жасалат. Мындан тышкары зат атооч, сын атооч жана сан атооч сөздөр да баяндооч боло алышат;

сүйлөмдө ээнин асты бир, баяндоочтун асты эки сызылат.

**103.** Сүйлөмдөрдү жазып, ээ жана баяндоочту тапкыла. Алар кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгын түшүндүргүлө.

Арлен менен Бакдөөлөт чогуу окушат. Мекеним туулган жерден башталат. Жыйырма бешке бөлүнөт. Ысык-Көл кышта жылуу, жайда салкын. Элүүнүн жарымы

– жыйырма беш. Келечектин ээси – силер. Күүнүн башы - Камбаркан.

✍📖**104.** Көчүрүп жазып, сүйлөм ээсин жана баяндоочун тапкыла. Сүйлөмдөрдүн маанисин ачып бергиле.

1. Адам иштеген ишинен таанылат.
2. Бөтөн гүлдүн жыты болбойт.
3. Эненин көөнү – балада, баланын көөнү талаада.
4. Мекендин топурагы – алтын.
5. Мээримдүү жүрөк картайбайт.
6. Сөздүн көркү- макалда. Билимдүүнүн көзү- төртөө.

## Сүйлөмдүн айкындоочу мүчөлөрү.

*Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүнө аныктооч, толуктооч, бышыктооч кирет.*

## § 24. Аныктооч.

**!**

**12.** Аныктооч заттын сын-сыпатын, санын ж.б. белгилерин билдирет.

Ал кимдин? эмненин? кандай? кайсы? канча? нече? деген суроолорго жооп берет.

**10.** Аныктоочтун милдетин көбүнчө сын атоочтор аткарат. Мындан тышкары зат атооч, сан атооч, ат атооч сөздөр да аныктооч боло алат.

Анын асты толкундуу ( ____ ) сызык менен сызылат.

*кандай? кандай?*

*Мисалы: Катуу дабыш тынчтыкты бузат. Суулуу жерге камыш өсөт.*

📖**105.** Берилген сүйлөмдөрдөн аныктоочторду таап, анын кандай сөз менен байланышкандыгын байкагыла. Суроосун койгула.

***Үлгү*:** Адамдын эки колу эки бутунан кыска.

Жакшы адамга бир гана сөз жетет. Бардык элдин тилегени – бейкуттук. Илбирстин тырмагы, карышкырдын тиши – курал. Күүлдөгөн үнү бар, коркунучтуу түрү бар.

📖**106.** Текстти окуп, маанисин айтып бергиле. Аныктоочту таап, кайсы сөз түркүмүнөн экендигин аныктагыла.

**Күчсүз душман менен күчтүү дос.**

Акылман мындай дептир:

- Күчсүз душманды күчтүү деп бил да, андан көзүңдү айырбай, сак бол! Күчтүү досуңду күчсүз деп бил, болбосо досуңа ишенип алып, душманыңдан кордук көрүп каларыңды эсиңден чыгарба.

«*Залкар ойлор* »

📖**107.** Сүйлөмдөрдү окуп, асты сызылган сөздөрдүн сүйлөмдүн кайсы мүчөсү экенин айтып бергиле. Эмне үчүн андай деп ойлойсуң?

Ак ниет адамга асылгандар көп болот, бирок эч ким абийирин ача албайт. Пайдасыз жашоо – мезгилсиз өлүмгө тете.

Үч нерсенин кадырын үч адам билет:
Жаштыктын кадырын картайган билет,
Ден соолуктун кадырын оорулуу билет,
Байлыктын кадырын жарды билет.

Х.К. *Накыл сөздөр*

***? Аныктоочтор көбүнчө кайсы жөндөмөлөрдө турарын байкадыңарбы?***

**108.** Аныктоочту таап, аны байланышкан сөзү менен бирдикте көчүргүлө. Кандай сөз менен байланышканын байкагыла.

1. Жоргонун кадыры желгенде билинер, жакшынын кадыры өлгөндө билинер. 2. Өзөндүн көркүн тал берет. 3. Эки жакшы жайлоого чыкса, кудалашып түшөт, эки жаман жайлоого чыкса, кубалашып түшөт. 4. Карапайым адам, касиеттүү адам. 5. Карынын кебин капка сал.

***Үлгү*:** Жоргонун кадыры.

## § 25. Толуктооч.

**!**

Толуктооч дайыма кыймыл-аракет менен байланышат, б.а. кыймыл – аракет багытталган затты билдирет.

Толуктоочко кимге? эмнеге? кимди? эмнени? кимде? эмнеде? кимден? эмнеден? ким менен? ким жөнүндө? деген суроолор берилет.

Толуктоочтун милдетин зат атооч, ат атооч, сан атооч сөздөр аткарат. Толуктоочтун асты үзүк – үзүк (- - - -) сызык менен белгиленет.

эмнесинен? эмнесинен?

*Мисалы: Адам көңүлүнөн азат, тилинен жазат.*

*Биз келечек жөнүндө сүйлөштүк.*

*Эмгек менен эл көгөрөт.*

**109.** Толуктоочту тапкыла. Ал кайсы жөндөмөдө турат жана кандай суроолорго жооп берерин айткыла.

Жибектей жумшак жел көк шиберди ыргайт. Алманы жакшы бак да, жемишин ал. Улууну урматта, кичүүнү ызаатта. Жакшыны сөз тарбиялайт, жаманды таяк тарбиялайт. Жалкоону жокчулук кордойт. Жакшыда өөн болбойт. Иштөөдөн талба, акыры кор болбойсуң.

✍**110.** Кашаанын ичиндеги суроолордун ордуна тиешелүү сөздөрдү коюп көчүргүлө. Ошол сөздөрдүн сүйлөмдөгү аткарган милдетин аныктагыла.

Уучтаса (эмнеден?) майда, уютса (эмнеден?) катуу. Кушча уча алат, бирок (эмнесинде?) түгү жок. Бирдики (канчага?) татыйт. Эң кенжебиз быйыл (канчанчыны?) бүтүрдү. Баатыр (эмнеде?) таанылат, чечен (эмнеде?) таанылат.

📖**111.** Тексттеги белгиленген сөздөрдүн сүйлөмдөгү кызматын аныктагыла жана кандай сөздөр менен байланышканын айтып бергиле.

**Бака менен чычкан.**

… Ошентип бака менен чычкан дос болду. Күндөрдүн биринде бака чычканды конокко чакырды. Бака жээктен сууну көрүп, чыдабай секирип түштү. Ал сүзүп жөнөдү. Артынан чычкан да секирүүгө камынат. Бирок сүзгөндү билбей, суудан аябай тумчугат. Акыры эптеп суунун аркы четине чыгат.

Ошондон кийин чычкан конокко барбаска ант берет.

*Кыргыз эл жомоктору*

📖**112.** Сүйлөмдөрдү окуп, салыштыргыла. Кайсы сүйлөмдө кыймыл-аракет багытталган зат көрсөтүлдү? Ал кайсы жөндөмөдө турат?

| | |
|---|---|
| 1. Дүйнө жарык. | Билимдүүгө дүйнө жарык |
| 2. Өзүмчүл киши жакпайт. | Өзүмчүл киши өзгөгө жакпайт |

| | |
|---|---|
| 3. Тойгон мышык ойнобойт | Тойгон мышык чычкан менен ойнобойт. |
| 4. Жүрөк алдабайт. | Жүрөк ээсин алдабайт. |
| 5. Койдун каргышы жетпейт. | Койдун каргышы карышкырга жетпейт |
| 6. Көңүл көрөгөч. | Көздөн көңүл көрөгөч. |

✍**113.** Көчүрүп жазгыла. Сүйлөмдөгү толуктоочту тапкыла.

Малды жерден сура, нанды терден сура. Куштардын сайраганы абаны жаңыртат. Жалганчыны сокур да көрөт. Малды мүйүзүнөн, адамды сөзүнөн кармайт. Борошодон асман көрүнбөйт.

## § 26. Бышыктооч.

**!**

Бышыктооч – кыймыл-аракет менен байланышта болуп, анын ар түрдүү кырдаалын (мезгилин, ордун, сан өлчөмүн, сапатын) билдирет.

Бышыктооч качан? кайда? кантип? эмне үчүн? эмне максат менен? деген суроолорго жооп берет.

Бышыктоочтун милдетин көп учурда тактооч, зат атооч, сан атооч сөздөр аткарат. Анын асты мындайча белгиленет _. _. _. _. _

✍**114.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Менин саякатым тоо арасынан башталды (К.Ж.) 2. Досуңдун ким экенин айтып берсең, мен сенин ким экендигиңди айтып берем ( Сократ). 3. Жакшы жазылган китепти окуп, адам жакшы сүйлөөгө үйрөнөт (Залкар ойлор). 4. Шакир болгон окуяны айтып берди (С.Ө.)

5. Төмөнкү бурчтан кароолчуну көрүштү (К.Ж.).
6. Чакырылган кишилер бирден-экиден келе баштаўты (К.К.)

📖**115.** Текстти окугула. Баш жана айкындооч мүчөлөрүн тапкыла. Кайсы сөз түркүмүнөн жасалганын айтып бергиле.

Куйручуктун көзү тунук, сөзү курч, тили мурч. Айтышууга эч кимдин дити жетпейт. Жаактууга жеңдирбейт. Ал – сөзгө чебер, чечен.

✍**116.** Төмөнкү схема боюнча сүйлөм түзгүлө.

1. __________ -.-.-.-.-.-.-.-. ========== .

2 ~~~~~~~~~~ __________ -.-.-.-.-.-.-.-. ========== .

3. ----------- __________ ========== .

4. ~~~~~~~~~~ __________ ----------- ========== .

5. -.-.-.-.-.-.-.-. __________ ========== .

📖**117.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, маанисин түшүндүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Сөз айкаштарына ажыраткыла.

Эки жүздүүлүктүн белгиси – үчөө: калп сүйлөйт, убадасынын аягына чыкпайт жана аманатка кыянаттык кылат. Ач көз адамдын көзү дүйнөгө эмес, топуракка тоет.

📖**118.** Белгиленген сөздөрдүн сүйлөмдөгү аткарган кызматын аныктагыла. Кайсы сөз менен байланышканын айтып бергиле.

Акылдуу сөз *ачты* тойгузат, *жылуу* сөз үшүгөндү жылытат. Адам *сөзүнөн* сынат, айбан *мүйүзүнөн* сынат. *Душмандын* сөзү күлдүрөт, *туугандын* сөзү күйгүзөт.

Бекерпоздун сөзү *көп*. Оозу боштун сөзү *барксыз*. *Миң* адам менен кеңеш, *бир* адамга сырынды айт (Х.К). Душманга колтук ачканымды энемдин ак сүтү кечирбейт (С.Р.).

**119.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн бышыктоочту тапкыла? Эмне үчүн андай ойлойсуң?

Өсүмдүктөр кышында да өсөт. Сыртта суук, бөлмөдө жылуу. Ошон үчүн үйдө гүлдөр өсөт. Кышында парникте ар кандай жашылчаларды да өстүрүшөт. Биз дагы дайыма өсүмдүктөр үчүн кам көрөбүз.

? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:*

Ээ жана баяндооч эмне үчүн баш мүчөлөр деп аталат?


Аныктоочтун милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарат? Мисал келтиргиле.

Кыймыл-аракет багытталган сөз сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болот? Ал кайсы жөндөмөлөрдө турат? Мисал келтиргиле.

Бышыктооч деп эмнени айтабыз. Сүйлөмдө көбүнчө кайсы сөз түркүмү менен байланышат? Мисал келтиргиле.

## § 27. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү.

!



**120.** Сүйлөмдөгү асты сызылган сөздөргө суроо бергиле. Ал сүйлөмдүн кайсы мүчөсү менен байланышты? Сүйлөмдөгү кызматы кандай?

Куш да, мал да жем жеген жерине келет. Адам үчүн адамгерчилик – асыл, кымбат. Ар кимдин мээримдүү, боорукер адамы бар. Элибиз достукту, ынтымакты жактырышат. Ыр менен чоор, оюн менен күлкү эмгек талаасында башталат.


**121.** Көчүрүп жазгыла. Сүйлөмдүн кайсы мүчөсү бир өңчөй болду? Эмне үчүн андай деп ойлойсуң?

Чыдамкай, токтоо, эмгекчил адам гана баарын жеңет. Биз Ала-Тоонун койнунда чоңойдук, жетилдик, тарбияландык. Конкурста жомок, дастан, уламыштар көп айтылды. Алар элин, жерин коргоо үчүн төрөлүшкөн.

**122.** Төмөнкү схема боюнча сүйлөм түзгүлө. Бир өңчөй мүчөлөрдү көрсөткүлө.

_______, _________, ___________ бир мектепте окушат.
Биздин класс __________, _________, _________.
Ал шаардан _ _ _ _ _ _ _, _ _ _ _ _ _ _, _ _ _ _ _ _ _ . айтты.
Жайлоодо _______, ______, _______ гүлдөр өсөт.

**123.** Дыйкан, окуучу деген зат атооч сөздөрдүн кыймылын билдирген сөздөрдү жазгыла. Алар сүйлөмдө кандай милдет аткарат?



✍**124.** Бир өңчөй мүчө катышкан сүйлөмдөр түзүп, суроо бергиле. Бир өңчөй мүчөнүн сүйлөмдөгү кызматын аныктагыла.

## § 28. Бир өңчөй мүчөлөрдүн байланышуу жолдору жана тыныш белгилери.

!

13. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү эки жол менен байланышат: интонация жана байламталар аркылуу.
14. Интонация менен байланышканда, бир өңчөй мүчөлөрдүн арасына үтүр белгиси коюлуп жазылат. *Мисалы: Карыянын үнү кырааттуу, ыргактуу, муңайым чыкты.*
15. Бир өңчөй мүчөлөр жана, менен байламталары аркылуу байланышса, үтүр коюлбайт. *Мисалы: Элди эмгек менен эрдик көп нерсеге шыктандырат. Сыдырым жел жумшак жана назик болуп урду.*
16. Бир өңчөй мүчөлөр да, дагы байламталары аркылуу байланышса, үтүр байламтадан кийин коюлат.


📖**125.** Текстти окуп, бир өңчөй мүчөлөр кандайча байланышканын түшүндүргүлө. Кандай интонация менен окулганын байкагыла.

Мал багуу – кыйын, жооптуу жумуш. Кышында аларга жем, чөп берилет. Жайында жайлоого чыгарат, откорот. Адамдар жайлата чөп чаап, кургатып жыйнайт. Жайыттан келгенде аларга чөп да, жем да берилет. Короону кыш түшө электе жылуулап, тазалап даярдашат. Ошентип, мал кышында үшүбөй, ток болот. Аларды адам багат, карышкырдан кайтарат.

**126.** Окуп, бир өңчөй мүчөлөрдү тапкыла. Ал сүйлөмдүн кайсы мүчөсү жана кайсы сөз түркүмүнөн жасалды.

Жайында ак, кызыл, көк, сары гүлдөр бажырайып ачылат. Дүйнөдөгү ардактуу, кымбаттуу адам – эне. Анын сүйлөгөнү, ырдаганы, бийлегени мага жагат. Алина, Айдана жана Адеми класстагы үлгүлүү окуучулардан. Асел да, Айнура да, Арлен да эмгекте үлгү көрсөтүштү.

**127.** Берилген схема боюнча сүйлөм түзгүлө.



**128.** Сүйлөмдөгү бир өңчөй мүчөлөр өз ара кандай жол менен байланышканын айтып бергиле.

Козу, улак, музоо, кулун, тайлактар жаңы туулганда энесинин уузун эмишет. Төрөлгөндө отугат да, чөп жегенге үйрөнүшөт. Кыздар сулуу да, акылдуу да, билгич да, тартиптүү да болушат. Койдун жүнүн машина менен да, кайчы менен да кыркышат. Карагай менен арчалар дайыма жапжашыл. Жамгыр да, кар да булуттан түшөт.

**?** *Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөр оозеки кепте кандай айтыларын байкадыңбы?*

**129.** Суроолорго жооп берип, бир өңчөй мүчөлүү сүйлөм түзгүлө. Бир өңчөй мүчөлөр кандай суроого жооп берерин жана сүйлөмдөгү аткарган кызматын аныктагыла.

1. Класста кимдер мыкты окушат? 2. Силер кандай чыгармаларды окудуңар? 3. Огороддо кандай өсүмдүктөр өсөт? 4. Адамдагы кандай сапаттар жагат? 5. Жазында эмгектин кайсы түрлөрү аткарылат? 6. Жазында кайсы канаттуулар учуп келет? 7. Кыргызстанда кандай

областтарды билесиң?

## § 29. Жалаң жана жайылма сүйлөмдөр.

!

Жалаң сүйлөм баш мүчөлөрдөн гана (ээ, баяндооч) түзүлөт, б.а. айкындооч мүчөлөр катышпайт. *Мисалы: Сабак башталды. Ай чыкты.*

Жайылма сүйлөмдө болсо, баш мүчөдөн тышкары айкындооч мүчөлөр да катышат. *Мисалы: Эмгек адамды багат.*

**130.** Окуп, жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү өзүнчө жазгыла. Экөөнүн ортосундагы айырмачылыкты түшүндүргүлө.

Момун таарынбайт. Жер тойгузат, от күйгүзөт. Төө суусуз эки ай жүрө алат. Өнөрү бар – өсөт, өнөрү жок – өчөт. Ынтымак жок үйдө ырыс жок. Дартын жашырганга дары табылбайт. Куру сөзгө курсак тойбойт. Семиз койдун өмүрү – кыска. Жадыра – үлгүлүү кыз. Конкурс башталды. Кыш келди. Алмалар гүлдөдү.

**131.** Жалаң сүйлөмдөрдү жайылма сүйлөмдөргө айландырып, талдоо жүргүзгүлө. Кайсы сүйлөмдө ой-пикир кенен баяндалды?

1. Ысык-Көл- тоңбойт.
2. Топурагы- алтын.
3. Ден соолук байлык.
4. Илим – кенч.
5. Жүрөк картайбайт.
6. Мугалим кирди.
7. Жылдыздар жымыңдайт.

1. Ысык-Көл кышында тоңбойт.
2. Мекендин топурагы – алтын.

**132.** Жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү өз алдыңарча түзүп, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдагыла.

**133.** Берилген сөздөрдөн жалаң жана жайылма сүйлөмдөр түзгүлө.

Кыш, мектеп, сабак, окуучу, ата – эне, эмгек,

адептүүлүк, сыйлоо, өнөрлүү, шамдагай, спорт, кружок, мезгил, жайлоо, жумуш, экскурсия, Ала-Тоо, Ысык-Көл.

📖**134.** Текстти окуп, жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү ажыраткыла. Сүйлөмдүн негизин түзүп турган сөздөрдү көрсөткүлө.

Бака сууну жакшы көрөт. Уругун сууга таштайт. Көнөк баштар өсөт. Башы – тегерек. Куйругу – бар. Түсү – кара. Алар суудагы курттарды калтырбай жеп, көлмөнү тазалайт. Эми андай суулар жок. Уругун таштоого суу таппай жүрүп, баканын тукуму уланбай калат. Баканы өлтүрсө убал болот. Зыяны жок. Ал чымын – чиркейлерди жейт. Ал адамга пайда келтирет. Бака – пайдалуу.

*Балдар энциклопедиясы*

✍**135.** Сүйлөмдөргө жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

Кар жаады. Тоо, талаа – аппак. Арча менен карагай тоодо өсөт. Арчаны түтөтүп, үйдү аластайт. Чычырканак менен четиндин ашы кышында мөлтүрөп турат. Кышында бакта мөмө болобу? Күздүк буудайлар кардын алдында кыштайт. Жаратылыш – биздин байлыгыбыз. Жаратылышка аяр мамиле жасайлы.

*Талдоонун үлгүлөрү:* Арча менен карагай тоодо өсөт.

1. Айтылыш максатына карай – жай сүйлөм.

2. Сүйлөмдүн негизи: эмне? – арча, карагай – ээ; эмне кылат? – өсөт - баяндооч;

3. Айкындооч мүчөлөрү: кайда өсөт? – тоодо – бышыктооч;

4. Айкындооч мүчөлөрдүн катышына карай – жайылма сүйлөм;

5. Бир өңчөй мүчөлөрү: арча, карагай; алар өз ара менен деген байламта аркылуу байланышты.

## § 30. Каратма сөздөр.

!




1. Төртүнчү, мага жооп бер!
2. Ой, коркок, эмне бүрүшүп олтурасың?
3. Чогулушка келгендер, бул тарапка өтүңүздөр.

**136.** Окуп, каратма сөздү тапкыла. Каратма сөз катышкан сүйлөмдөр кандай окуларын түшүнгүлө.

Таэне, мага жомок айтып бериңизчи? Кумурска, кумурска, сен кыйынсың жумушка. Өткүн, өткүн, өтө жаа, Кара-Сууга жете жаа. Жигит болгонуң ушул, Арлен. Сен, балам, азыртан жакшы оку! Дүйнөдө кандай адам бай, акылманым?

**137.** Көчүрүп жазып, каратма сөздөрдүн сүйлөмдөгү ордун аныктагыла. Тыныш белгилерин койгула.

1. Балдар коомдук жерлерде маданияттуу жүргүлө. 2. Эй эй каркыра турна кайдан келе жатасың? (А.О.) 3. Талант сен досторуң менен келдиңби. 4. Рахмат сизге энеке.

5. Белсенип жумуш кылгандан,
Акылсыз адам эринет.
Кызыкпа балдар бекерге,
Саргайып адам зеригет.

*Токтогул*

✍**138.** Ээсин каратма сөз катары колдонуп, сүйлөмдү өзгөртүп түзгүлө. Тыныш белгилерин койгула.

Элдос чоң атасына жардам берди. Бакдөөлөт менен Бекдөөлөт экөө бир тууган. Окуучулар концертке активдүү катышты. Эжей эртеңки тапшырманы айтты. Арлен жайында таэнесинин жанында болду.

***Үлгү*:** Элдос чоң атасына жардам берди
- Элдос, чоң атаң жардам бердиңби?

📖**139.** Текстти көрктүү окуп, каратма сөздөрдү тапкыла.

– Мурат, балка менен ойнобо. Бармагыңды оорутуп, чаап аласың!

- Оорубайт, апа, мыкты бөбөгүм кармап турат да.

2. – Асан, мышыгыңды берчи бир күнгө?

Биздин үйдө чычкандар көбөйүп кетиптир кармап жесин.

- Болот, андан көрө сен чычкандарыңды мында алып кел. Менин мышыгым жеп берет, - деди Асан.

3. – Даанышманым, кемчилиги жок адам барбы?

- Момунум, өлбөй турган адамдын телегейи тегиз!

4. – Асан, аквариумдагы сууну жаңырттыңбы?

- Жок, энеке, алар мурдагы сууну да ичип түгөтө элек экен.

? *Сүйлөмдө каратма сөздөрдү колдонуунун кандай мааниси бар?*

140. Каратма сөздөрдү катыштырып, ага-туугандарга кат жазгыла.

## § 31. Жөнөкөй сүйлөмдү талдоо.

!

Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү боюнча талдоодо төмөнкүлөр эске алынат:

айтылыш максатына карай кандай сүйлөм (жай, суроолуу, буйрук, илептүү)? Эмне үчүн андай деп ойлойсуң?
сүйлөмдүн негизин (баш мүчөлөр) атоо;
айкындооч мүчөлөрдү (аныктооч, толуктооч, бышыктооч) табуу жана кайсы сөздөр менен байланышканын аныктоо;
баш жана айкындооч мүчөлөрдүн катышына карата сүйлөмдүн түрүн (жалаң, жайылма) түшүндүрүү;
сүйлөмдөгү бир өңчөй мүчөлөр, алардын өз ара байланышын аныктоо.

а) *оозеки талдоонун үлгүсү:*

Кумурска канча жүктү көтөрөт?

Айтылыш максатына карай суроолуу сүйлөм, себеби суроо иретинде айтылды, ошондуктан аягында суроо белгиси коюлду;

эмне? – кумурска – ээси; эмне кылат? – көтөрөт – баяндооч. Булар сүйлөмдүн грамматикалык негизин түзүп турган баш мүчөлөр. Сүйлөмдө айкындооч мүчөлөр да бар. Эмнени көтөрөт? – жүктү – толуктооч, себеби кыймыл – аракет багытталган затты (жүк) көрсөттү. Канча - аныктооч, **жүк** деген зат менен байланышты. Демек, бул сүйлөм – жайылма, себеби баш мүчөлөрдөн тышкары айкындооч мүчөлөр да катышты.

б) *Жазуу түрүндө талдоонун үлгүсү:*

эмне? эмнени?

Кумурска канча жүктү көтөрөт?

**141.** Көчүрүп жазып. Сүйлөмдөргө жазуу түрүндө талдоо жүргүзгүлө. Баш жана айкындоочмүчөлөр кайсы сөз менен байланышканын айтып бергиле.

1. Жыгылган оогонго күлүптүр. 2. Ак кар тоо башын чулгайт. 3. Сөздүн көркү – макалда. 4. Билимдүүнүн көзү – төртөө. 5. Чөлдөгү уйкучу жаныбар – ташбака. 6. Жыпар жыттуу гүлдүн өмүрү – кыска. 7. Катуу дабыш тынчтыкты бузат.

**142.** Сүйлөмдөргө оозеки талдоо жүргүзгүлө.

Мугалимдик кесип ардактуу. Пейли кенен адамдын дасторкону кенен. Келечектин ээси – силер. Чүйдүн талаасы миллиондогон мал-жанды багып жатат. Соолбос өмүр, сынбас темир болбос. Манас баатыр кырк чорону чогултту. Далай түндү уйкусуз өткөрдүм.

**143.** Текстти окуп, маанисин түшүндүргүлө. Сүйлөмдүн грамматикалык негизин тапкыла. Кайсы сөз түркүмүнөн жасалганын айтып бергиле.



**Биле жүр.**

Канаттуулардын чоңу – төө куш. Анын тепкени күчтүү. Төө куш адамдарга да, айбандарга да кол салат.

**Аңгеме.**

Окуучулар чакан аңгеме жазышты. Аңгеме чоң энеге кандай жардам бергендиги жөнүндө болчу. Эң кыска аңгеме жазган Марат болду:

- Мен барсам, чоң энем үйдө жок экен, - деп жазыптыр.

✍📖**144.** Көчүрүп жазып, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Маанисин айтып бергиле.

Эмгекчил адам тынбай иштейт, табат, жыргайт. Сарт аке акылдуу да, калыс да, жөнөкөй да адам болгон экен. Керектүү таш алтындан барктуу. Эненин көөнү – балада, баланын көөнү – талаада. Ойлонбой сүйлөгөн адам оозунан көп мүдүрүлөт. Мактанган дос эмес.

## § 32. Татаал сүйлөм.

**!**

Татаал сүйлөмдөр эки же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөн туруп, бир ойду билдирет.

Демек, татаал сүйлөм болуш үчүн анын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосунда маанилик байланыш болуусу керек:

*Мисалы, Адамдын көрку – адеп* жана *сабак башталды* деген жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосунда эч кандай маанилик байланыш жок. Ошондуктан бул сүйлөмдөрдөн татаал сүйлөмдөр түзүүгө мүмкүн эмес.

Жазууда татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасына үтүр коюлат, ал эми оозеки кепте болсо, тыным менен окулат:

*Мисалы: Ким досун алдаса, ал өзүн алдайт.*

Бул татаал сүйлөмдүн тутумунда төмөнкүдөй эки жөнөкөй сүйлөм бар: 1) ким досун алдаса, 2) ал өзүн алдайт.

Татаал сүйлөм маанисине карай экиге бөлүнөт: 1) тең байланыштагы татаал сүйлөм; 2) багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм.

📖**145.** Сүйлөмдөрдү окуп, ар бир жөнөкөй сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн тапкыла. Маанисин айтып бергиле.

1. Ак кар тоо башын чулгайт, жаман ат адамды булгайт. 2. Бирөө билбегенди бирөө билер, бирөө ыйлаганга бирөө күлөр. 3. Жакшынын өзү өлсө да, сөзү

өлбөйт. 4. Жакшы бала – тил алчаак, жаман бала – уялчаак. 5. Чындык жаркырайт, калп калтырайт.

📖**146.** Текстти окуп, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

### Эмне үчүн эне тили дейбиз?

Бала биринчи сөздү энеден угат. Эненин сөзүн угуп, баланын тили чыгат. Бүтүндөй таалим – тарбияны бала энесинен ошол тил аркылуу алат. Ошол себептүү ал сүйлөгөн тилди «ата тили» дебестен, «эне тили» дейбиз. Демек, баланы тарбиялап өстүрүүдө атага караганда, эне көбүрөөк салым кошот. Эненин балага болгон мээрими да артыгыраак болот. Ошол мээрим, ошол бардык асыл сапаттар балага эне тили аркылуу өтөт. Силерди бул жарык дүйнөгө жаратып, бөпөлөп өстүргөн, силер үчүн өмүрүн берүүгө даяр турган эне – атаңарды урматтагыла, сыйлагыла!

*Балдар энциклопедиясы*

📖**147.** Төмөнкү сүйлөмдөр татаал сүйлөм боло алабы? Эмне үчүн?

Токчулук, береке, тынчтык болсун! Соо–саламатчылык, жыргалдуу турмуш, колу ачык, берешендик баарынан жакшы. Сенин жүрөгүңдүн тазалыгына, ак сөздөрүңө, убадага бектигиңе мен ишенем (Т.С.). Ар кимдин мээримдүү, боорукер адамы бар.

**!**

- *Жөнөкөй сүйлөмдүн тутумунда бир гана грамматикалык негиз болсо, татаал сүйлөмдө эки же андан көп грамматикалык негиз (баш мүчө) болот.*

📖**148.** Текстти окуп, маанисин түшүндүргүлө, баш мүчөлөрүн тапкыла. Жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандайча байланышканын айтып бергиле.

**Аталар сөзү**

- Адамда канча түрдүү кулак бар.

- Адамда үч түрдүү кулак бар: таш кулак, акма кулак, куйма кулак. Таш кулакка сөз кирбейт, айтканыңды укпайт. Акма кулак уккан менен унутулуп калат. Куйма кулак айтылганды тыңшайт, уккан сөз талаада калбай аткарылат. Сөзгө маани берип, сөз жыйнайт.

Х.К. *Накыл сөздөр*

✍**149.** Маанилик жактан жакын болгон дагы бир сүйлөмдү ойлоп таап, көп чекиттин ордуна коюп татаал сүйлөм түзгүлө. Алар өз ара кандайча байланышканын айтып бергиле.

1. Күн ачык болсо, ….
2. Эки улак суунун үстүндөгү көпүрөгө келишип, ….
3. Кулак – экөө, …
4. Адамдар кең пейилдүү, айкөл болуңуздар, ошондо...
5. Кыш келди да, …

## § 33. Тең байланыштагы татаал сүйлөм.

**!**

Тең байланыштагы татаал сүйлөм өз ара тең байланыштагы, бирдей даражадагы эки же андан ашык сүйлөмдөрдөн түзүлөт.

Ар бир жөнөкөй сүйлөм бири-бирине баш ийбейт, баяндоочтору ойду так бүтүрө айтат.

*Мисалы:1. Билимдүү эмгегине ишенет, билимсиз түшүнө ишенет. 2. Күнсүз жылуулук жок, көрксүз сулуулук жок.*

Тең байланыштагы бул татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр жеке туруп, билимдүү билимине ишенет, же күнсүз жылуулук жок деген сыяктуу аякталган ойду туюндурат.

Өзүнөн кийинки сүйлөм менен мааниси боюнча тыгыз байланышта болуп, интонациялык жактан ажырагыс бирдикте турат.

Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара байламталар аркылуу жана байламтасыз байланышат. Байламтасыз байланышкан учурда жөнөкөй сүйлөмдөрдүн араларына үтүр белгиси коюлат:

*1. Гулсараттын башында чоочун жүгөн катылуу, үстүндө чоочун ээр токулуу.*

*2. Асман ачык, аба укмуштуудай таптаза.*

*3. Акылдуу элге тартат, акмак тууганына тартат.*

| Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштыруучу байламталар | |
|---|---|
| да, дагы | Байламталары өзүнөн мурунку сүйлөмгө тиешелүү болуп айтылат. Үтүр белгиси бул байламталардан кийин коюлат. |
| бирок, ал эми, анткени, же болбосо | Байламталары менен байланышканда үтүр бул байламталардан мурун коюлат, себеби бул байламталар өзүнөн кийинки сүйлөмгө таандык болуп айтылат. |
| жана | Байламтасы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү өз ара бириктирип турат. Бул байламтадан кийин да, мурун да үтүр белгиси коюлбайт. |

## ! Эсиңе тут

Жазууда тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн араларына үтүр белгиси коюлса, оозеки кепте белги коюлган жерде тыным (пауза) болуп окулат.

**150.** Окугула. Татаал сүйлөмдүн кайсы түрү? Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен кандайча байланышты? Тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө.

1. Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт. 2. Кылыч жарасы бүтөт, тил жарасы бүтпөйт. 3. Көпкөн жигит көп сүйлөйт, чечен жигит эп сүйлөйт. 4. Көктөн жалгыз жылдыз учту, үнсүз шуулдап түшүп, куйругу үзүлдү, өзү өчтү (Ч.А.). 5. Сыдырым жел сокту, шыбак башы термелди. 6. Дүйнөнүн шамы – билим, жашоонун шамы – эмгек. 7. Бир көз миңди карайт, миң көз бирди карайт. 8. Мен аз билем, бирок көп билүүгө аракет кылам. 9. Кыйынчылыкты унутууга болот, бирок анын сабагын унутууга болбойт. 10. Барды жоготуп коюш оңой, ал эми жоктон бар кылыш кыйын.

**151.** Сүйлөмдөрдү окуп, тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн араларына коюлган үтүр, сызыкчанын коюлуу эрежелерин түшүндүргүлө.

1. Жакшы дили менен сыйлайт, жаман тили менен кыйнайт. 2. Жаз айы кургакчыл болду, ошондуктан жер кургап кетти. 3. Эмгекчил киши – кадырлуу, эмгексиз киши – жабырлуу. 4. Кийимдин калыңы кир көтөрүмдүү, ал эми жигиттин калыңы сөз көтөрүмдүү. 5. Атамдан кат алдым, ошол себептүү жолго чыктым. 6. Кээде асман ала булут болуп келет да, анан шумдуктуу чагылгандар чартылдайт. 7. Душманыңды кечире бил, бирок анын душман экенин эсиңден чыгарба.

**152.** Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумунда канчадан жөнөкөй сүйлөм бар экенин аныктагыла жана алардын тыныш белгилерин коюп, көчүрүп жазгыла.

1. Дельфин сүт эмүүчү жаныбарга кирет сууда жашайт. 2. Кит өпкөсү аркылуу дем алат эң алпынын узундугу он беш – жыйырма метрге жетет салмагы жүз элүү тонна болот. 3. Караңгылык тарады да жер бети жарык болду. 4. Асманды булут каптады ал эми таранчылар аябай чырылдашты да өзүнүн жакындарын жанына чакырышты. 5. Балыкчылар ак чардакты жакшы көрүшөт себеби алар чыныгы барометрдин ролун аткарышат. 6. Карышкыр козуну көрдү ошондуктан шылтоо издеди. 7. Бүркүт кочкорго тырмагын салды бирок көтөрүп кете албады себеби баткан тырмагын чыгара албай калды.

**153.** Текстти окуп, тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн кандай байланышканын айтып бергиле.

### Бороон.

Шамаал катуулады да, бороондун улуп-уңшуганы күчөдү. Дөбөлөрдүн башына, түз жерлердин бетине кар жукпай учту, ал эми арыктар карга толду. Жылкылырды айдап имерүүгө Акима аракеттенди, бирок минген жээрде кашкасы баспады. Тоонун башын булут чалды, ошондуктан кокту-колот, жылга-жыбытты туман басты.

**154.** **Өз** алдыңарча тең байланыштагы татаал сүйлөмдү түзүп, тыныш белгилерин койгула.

## § 34. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм.

**!**

Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири – ойду жыйынтыктаса, экинчиси ага көз каранды болуп, ар кандай кырдаалын билдирет. Ушул өзгөчөлүккө ылайык **баш сүйлөм** жана **багыныңкы сүйлөм** болуп экиге бөлүнөт.

*Мисалы: Жоо кеткен соң, кылычыңды ташка чап.*

Бул сүйлөмдөгү айтылган ойду кылычыңды ташка чап деген сүйлөм жыйынтыктады. Демек, бул – баш сүйлөм. Ал эми жоо кеткен соң деген бөлүгү ага көз каранды болуп турат. Бул – багыныңкы сүйлөм.

Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен багыныңкы мүнөздө байланышат.

Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдүн араларына үтүр белгиси коюлат. Оозеки кепте болсо, тыным (пауза) менен окулат. *Мисалы: 1. Булут кайда жылса, көлөкө да ошол жакка жылат.*
*2. Жакшы адамды тапсаң, өмүр бою кол үзбө.*

**155.** Көчүргүлө, татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдүн кайсынысы ойду бүтүрө айтты, кайсынысы ага көз каранды болуп ойду бүтүрө алган жок. Айтып бергиле.

1. Биз жээкке жеткенде, шамал тып басылды. 2. Балдар Кызыл Кумдагы ышкындуу бетке жетишкенде, шаңдуу күлкүлөр угулбай калды. 3. Киши болом десең, жакшы менен жаманды айра тааны. 4. Кичинемден тайга мингенимде, чыйрак болбойт белем. 5. Күчүк кара чаар жыланды көргөндүктөн, качып жөнөдү. 6. Мингениң жакшы ат болсо, алысты жакындай көр.

**156.** Окуп, татаал сүйлөмдү көрсөткүлө. Тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү бири-бирине салыштыргыла, айырмачылыгын айтып бергиле.

1. Кичинекей гана жылуулук болсо, өсүмдүк да боюн керет. 2. Жакын жерге жөө барса болот, ал эми алыс жерге

жөө баруу кыйын. 3. Күүлдөгөн үнү бар, коркунучтуу түрү бар. 4. Жакшы адамды тапсаң, өмүр бою кол үзбө. 5. Кедей өмүр бою кара жанын карч уруп иштесе да, байынын бир күнкү көргөн жыргалын көргөн жок. 6. Эч качан адамга текебердик кылба, анткени дээри жокту да Кудай жараткан.

📖**157.** Текстти окуп, маанисин айтып бергиле. Татаал сүйлөмдүн кайсы түрү катышканын, жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандай байланышканын айтып бергиле.

**Боюна карап жүргүн.**

Эстүү кишинин боюна карап жүргөнү дурус. Сулуу эмес болсо, сулууланам деп жүзүн булгабасын. Сулуу болсо, өзүн адепсиз кылмыш менен кордобосун.


Х.К. *Накыл сөздөр*

**Ар биринин чеги бар.**

Сабырдуулук – абдан мыкты сапат, бирок сабырдын түбү сары алтын деп күтө бербе, анткени өмүр өтө кыскалык кылат.

Х.К. *Накыл сөздөр*

📖**158.** Берилген схема боюнча талкуу уюштургула.



✍**159.** Көчүрүп жазып, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдагыла.

1. Биз үйгө жакындаганда, комуздун үнү угулду. 2. Жамгыр жаабай, жер көгөрбөйт. 3. Окуучулар толук чогулсун деп, чогулуш кеч башталды. 4. Булут кайда жылса, көлөкө да ошол жакка жылат. 5. Курсак ачса, аш кадыры билинет. 6. Өрдөк жокто, чулдук бий. 7. Адилеттик өкүм сүргөн жерде чыр-чатак болбойт.

✍**160.** Багыныңкы байланыштагы бир нече сүйлөм түзүп, талдагыла.

## § 35. Төл жана бөтөн сөздөр.

**!**

**Төл жана бөтөн сөздөр**

Өз ара пикир алышуудагы өзүбүздүн сөзүбүз – төл сөз, ал эми башка бирөөнүн сөзү – бөтөн сөз деп аталат.

Бөтөн сөздөр жай, суроолуу жана күчтүү сезим менен айтыла берет.

Жай сүйлөм маанисиндеги бөтөн сөз төл сөздөн мурда келсе, анда бөтөн сөздөн кийин үтүрлүү сызыкча коюлат да, бөтөн сөз тырмакчага алынат. ⇒ **«Б»,-Т**

Бөтөн сөз суроо же илептүү сүйлөм болсо, бөтөн сөздөн кийин суроо же илеп белгиси коюлуп, бөтөн сөз тырмакчага алынат. ⇒ **«Б?!»-Т**

Бөтөн сөз төл сөздөн кийин келсе, өзүнөн мурун кош чекит коюлуп, биринчи сөзү баш тамга менен тырмакчага алынып жазылат. ⇒ **Т: «Б»**

📖**161.** Төл жана бөтөн сөздөрдү ажыраткыла. Тыныш белгилеринин кандайча коюлганын түшүндүргүлө.

### Толубай сынчы

Хандын жигиттери талаада жалгыз отурган кишини көрүшөт. Ал өлгөн аттын куу башын кармап: «Сенин

ченемсиз күлүк экендигиңди ким билди», - деп кайгырып отуруптур. Ал Толубай сынчы экен. Жигиттер аны дароо ханга алып жөнөшөт. Хан Толубайга: «Мага тулпар тандап бергин!» - дейт. Айылдагы аттын баарын алып келишет. Сынчыга эч бири жакпайт. Акырында бир кедейдин жүдөгөн чаар атын алып келишет. Толубай аны көрүп: «Ханым, чыныгы тулпар ушу!» - дейт. Хан жини келип, Толубайдын эки көзүн ойдуруп таштайт.

Толубай чаар атты сурап алып, жакшылап багат. Кырк күндөн кийин чаар ат оңолуп, сонун тулпар болуп чыга келет. Сынчы күлүккө кемпирин мингизип, өзү учкашып ханга барат.

- Эй, көөдөн ханым, мына баягы сен чанган чаар тулпар. Кыйын болсоң жетип ал! – деп чаап жөнөйт.

*Кыргыз эл жомоктору*

✍**162.** Төл сөзгө карата бөтөн сөздү ойлоп таап, аны көп чекиттин ордуна жазгыла.

Элде мындай макал бар: «…».
Чоң энем мындай деди: «…».
Бир акылман: «…», - деген экен.
Мугалим мындай деди: «…?».
Бала мындай деп кыйкырды: «…!».

✍**163.** Эл оозунда айтылып жүргөн макалдар менен учкул сөздөрдү жыйнагыла. Аларды бөтөн сөз маанисинде колдонуп сүйлөм түзгүлө.

✍**164.** Төл жана бөтөн сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө. Алардын тыныш белгилеринин кандайча коюлганын түшүндүргүлө.

? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:*

Сөз, сөз айкашы жана сүйлөмдүн айырмачылыктары эмнеде?

Сүйлөмдүн негизин кайсы мүчөлөр түзөт? Эмне үчүн?

Сүйлөмдөрдү жай, суроолуу, илептүү жана буйрук деп бөлүүнүн зарылдыгы эмнеде?
Айкындооч мүчөлөр кайсылар? Алар сүйлөмдүн кайсы мүчөсү менен байланышат? Мисал келтиргиле.
Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүнүн негизги белгилерин атагыла.
Каратма сөз деген эмне? Ага кандай белги коюлат?
Татаал сүйлөм деген эмне, анын кандай түрлөрү бар? Мисалдар келтиргиле.
Төл жана бөтөн сөз деген эмне? Ага кандай тыныш белгилер коюлат, мисал келтиргиле.

## § 36. Диалог.

!

Диалог гректин diologos – аңгеме деген сөзүнөн алынган.

Диалог оозеки кепте де, жазуу кебинде да кеңири колдонулат. Ал эки же андан көп адамдардын өз ара сүйлөшүүсү аркылуу уюшулат.

Көркөм адабий чыгармаларда диалог түрүндө колдонулган тике сөз каармандардын өз ара сүйлөшүүсү аркылуу берилет. Анын ким тарабынан кандай жагдайга карата айтылгандыгын туюнтуу үчүн автордун сөзүнүн да катышышы мүмкүн.

Демек, каармандардын сүйлөшүүсү **тике сөз**, ага катышкан автордун сөзү **төл сөз** болуп эсептелет. *Мисалы:*

*- Ой, боз бээ, сени жеймин! – дейт карышкыр.*
*- Эмне үчүн? – дейт бээ.*
*- Курсагым ачка, - дейт карышкыр.*
*- Андай болсо, баткактан чыгарып жегин, - дейт бээ. Карышкыр макул болот да, баткактан тырышып жатып сүйрөп чыгат.*
*- Эми жейинби? – дейт карышкыр.*
*- Жок. Таманыма кат жаз, анан жегин, - дейт боз бээ.*

Мисалдардагы асты сызылгандар – тике сөз, калгандары автордун сөзү.

Бирок автордун сөзү бардык учурда эле катышуусу зарыл эмес. Кээде каармдардын өз ара сүйлөшүүсү, аңгелешүүсү түрүндө да берилет.

*- Уюн уурдаткан ушул аял го, кандай дейсиң?*

*- Ошондой болуш керек!*

*- Анда азамат экен. Акыры уурунун изине түшкөн экен да, бирок баласын таштабай эмне үчүн көтөрүп келе жатат?*

*- Аны ким билсин. Деги өзү кандайдыр соо неме эмес, жана сельсовет атка минип, балаңды өңөрүп ал десе, үнчүкпай басып кетти... (Ч.А.)*

Текстте автордун сөзү катышкан жок. Ал жалаң гана диалог түрүндөгү тике сөздөн курулду.

Диалог түрүндөгү тике сөздө тырмакча колдонулбайт. Анын ордуна ар бири жаңы солдон башталып, сызыкча аркылуу жазылат.

📖**165.** Текстти ролдорго бөлүп окугула. Жазылышына жана интонациясына көңүл бургула.

....Жаныбек жактырбай:

Кайдан келе жаткан баласың?-деди.

Султанмаамыттын айлынан. Жаныбек ханга элчи болуп бара жатам,-деди бала токтолбой

Оо, куруган бала, айлыңарда чоңураагыңар жок беле?-деп Жаныбек хан баланы шылдыңдап күлдү.

Таксыр ханым, мени кичине көрүп, чоң керек десеңиз, анда бул буура менен сүйлөшүңүз!-деп бала буурадан түшө калды.

Ээ, куруган бала, сакалдуу жокпу деп жатам?!-деди Жаныбек хан

Куп болот, ханым, сакалдуу десеңиз мында теке турат, теке менен сүйлөшүңүз! Жок, кепке түшүнөр киши менен сүйлөшөм десеңиз, мына мен да кишимин, мени менен сүйлөшүңүз.

Бул кайсы элдин жомогу? Диалогго кимдер катышты?

✍**166.** Өзүңөр сүйлөшүп диалог түзгүлө. Анын жазылышына жана интонациясына көңүл бургула.

## Кеп маданияты

📖**167.** Тексттеги жай, буйрук, суроолуу, илептүү сүйлөмдөрдүн интонациясын туура сактап окугула.

..... Мына төөлөргө да жетти, аралай бастырып барат, бирок уулу көрүнбөйт. Мингич төөсү ком-чому менен боосун чубалта сүйрөп, четте оттоп жүрөт. Уулунун өзү көрүнбөйт. Эмне болгон?

-Жоломан! Уулум, Жоломан, кайдасың?-деп үн сала баштады Найман-эне. Же көрүнбөйт, же жооп бербейт.

- Жоломан! Кайдасың? Бул мен сенин энеңмин.

Эки тарап алысты чочулай карап бараткан эне маңкурт уулу төөнүн далдаасына тизелей олтуруп, жаа кезеп калганын байкабады.

Ч.А.

📖**168.** Текстти окуп, сүйлөмдөрдүн чегин аныктагыла. Оюңарды түшүндүргүлө.

Көрүнүктүү токой дарактарынын катарына талдар жана теректер кирет бул эки дарак дайыма бирге айтылат бир тукумга киришет жана бирдей шартта өсүшөт терек да тал да көбүнчө өзөн суулардын боюнда нымдуу тоо беттеринде кездешет уруктары өнүмдүүлүгүн тез жоготот ошол себептен бышкан уруктар дарактын дароо нымдуу жерге түшкөн учурда гана өнүп кетүүгө жөндөмдүү кургак жерлерге түшсө өнбөй калат сабактарын кесип алып тиккенде тез эле тамыр алып өсүшөт.

*Кыргызстан токойлору*

✍**169.** Берилген сүйлөмдөргө маанисине карап, тыныш белгилерин коюп, көчүрүп жазгыла.

1. Коштун атын союуга кимдин колу барат. (Ч.А.) 2. Кардуу боорду капталдата ким ат чабат (Ч.А.) 3. Жогол түбөлүккө караанын өчсүн Жогол (Ч.А.) 4. Алыстан келген конок экенсиз кезегимди алыңыз (Т.С.) 5. Ысык-Көлгө сүзүп жете албасыңды билдиң бекен (Ч.А.) 6. Сен ушул биздин тоо үчүн биздин көл биздин жер үчүн күрөш

(Т.С.) 7. Жашасын элдердин бир туугандык достугу 8. Ажар көзүнүн жашын мөндүрдөй төгүп олтурат (К.Б.) 9. Мемиреп табияттын бардык көрүнүшү тынчтыкта (К.Ж.).

📖**170.** Берилген текстти окугула. Интонацияга көңүл бургула.

Алтын-Тамга баба он эки жашынан эрөөлгө аттанды. Айры төштүүдөн жаңылбады, жеңди. "О, ыйык Теңир, менин тукумуман эр чыкпайбы? Кылычымды дат баспайбы? Мага эр уул бериң, Теңир!"-деп үч суунун кошулган жеринде үч түн ыйлады. Ошондо суу ээси Сулайман үч суунун куйганынан суурулуп чыкты. "Бар, бара бер, бечара киши. Тилегиң орундалат,"- деп кайра сууга кирип кетти. Алтын-Тамга баба үйгө келди, Гүл-Эркин эне кош кабат экен.(Т.С)

## § 37. Синтаксистик талдоо.

!

Татаал сүйлөм боюнча талдоо жүргүзүүдө төмөнкүлөр эске алынат:

- айтылыш максаты боюнча кандай сүйлөм экендиги;
- татаал сүйлөмдүн кайсы түрү: тең байланыштагыбы, багыныңкы байланыштагыбы?
- татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ар бирин өзүнчө ажыратып, баш мүчөлөрүн табуу;
- жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандай байланышканын айтып берүү.
- тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүрүү.

*Талдоонун үлгүсү*:

Акмак сүйлөгөндө, акылман унчукпайт.

*а) оозеки түрүндө:*

Айтылыш максаты боюнча жай, грамматикалык түзүлүшү боюнча татаал, анын ичинен багыныңкы байланыштагы.

Татаал сүйлөмдүн тутумунда эки жөнөкөй сүйлөм бар: 1. Акмак сүйлөгөндө; 2. Акылман унчукпайт.

Биринчи сүйлөмдөгү баш мүчөлөрү: ким? – акмак – ээ; эмне кылганда? – сүйлөгөндө – баяндооч; экинчи сүйлөмдө: ким? – акылман – ээ; эмне кылат? унчукпайт – баяндооч.

*б) жазуу түрүндө:*

Акмак сүйлөгөндө, акылман унчукпайт.

**171.** Көчүрүп жазып, талдоо жүргүзгүлө.

1. Жигиттин түсүн айтпа, ишин айт. 2. Баканын өзү чөлдө болсо да, көзү көлдө. 3. Терең дайра жай агат, акылдуу адам аста сүйлөйт. 4. Эринчээктин эки досу бар, бири – күлкү, бири – уйку.

**172.** Текстти окуп, татаал сүйлөмдөрдү жөнөкөй сүйлөмдөргө ажыраткыла. Маанисин айтып бергиле.

**Өзүнүн ким экенин кантип билүүгө болот?**

Күчүн сынап баалабастан, ишин сынап баала. Өз милдетиңди аткарып туруп, өзүңдүн эмнеге жарамдуу экениңди билесиң.

*"Залкар ойлор"*

**173.** Татаал сүйлөмдөрдүн түрүн аныкта жана сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Туюнтпай мээнет жолукса, тууганың сага кас болот. 2. Жалгандын жолу – миң, чындыктын жолу – бир. 3. Жакшылык бардык карама – каршылыкты жеңип, турмушту көркүнө чыгарат. 4. Атадан жакшы туулса, эшиктен төргө сүйрөр, атадан жаман туулса, төрдөн көргө сүйрөр. 5. Чуркаган баланы көрүп, чалдын буту зыркырайт.

**174.** Көп чекиттин ордуна мааниси жагынан байланыштуу болгон экинчи сүйлөмдү жазгыла.Татаал сүйлөмдүн кандай түрлөрү түзүлдү?


Күн бүркөө болгондуктан, …
… , сабак кызыктуу өттү.
Мен сабактан келатканда, …
Жаан басылган үчүн, …
Ай көтөрүлгөн соң, …

# II чейрек

## ФОНЕТИКА жана ГРАФИКА

### § 38. Фонетика жөнүндө түшүнүк.

!



| Графика | | |
|---|---|---|
| *Грек тилинен алынган, бизче которгондо "жазамын" дегенди түшүндүрөт* | *Алфавиттеги тамгалардын басма жана жазма түрүндөгү жазылыштарын жөнгө салат* | *Жазууда колдонулуучу түрдүү шарттуу белгилер, алфавиттеги тамгалар* |

**175.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө. Кайсы тыбыштын алмашуусу менен сөздүн мааниси өзгөргөнүн айтып бергиле.

1. кыш, куш; 2. тоо, төө; 3. бак, бек; 4. тор, тер, төр; 5. бал, бол, бөл; 6. кар, бар, тар; 7. кел, бел; 8. так, как, бак.

**176.** Табышмактарды окуп, жандырмагын тапкыла. Кайсы тыбыштардын алмашуусу менен сөздүн мааниси өзгөргөнүн түшүндүргүлө.

«К» тамга менен айтсак,
Жылкынын куйрук жалы.
«Ж» менен айтсак эгер,
Мезгилдин эсеп маалы.

Жашы чоң киши болот.
«У» менен айтсам.
Төрт амалдын бири чыгат.
«А» менен алмаштырсам.

Күндөлүккө коюлса,
Эң жаман баа мен болом
«Ч» тамга кошсоң ортого
Ачуу эрменди жеп коем.

Бирдиктеги санмын мен,
Манжаң жумуп санай бер.
«Ген» деген мүчө уласаң,

Жылдызмын көктө санай бер.
Тийсе деле жаркырап,
Жылуулугун сезбейсиң.
Башына «Ж» жалгасаң,
Бир мезгилди эстейсиң. (А.К.)

**177.** Сөздөрдү окуп, ар бир топтогу сөздөрдүн өз ара жана топтор арасындагы окшош жана айырмаланган жактарын түшүндүргүлө.

Бил, дил, зил, тил, пил; бол, кол, мол, пол, сол, тол; бой, жай, тай, сай.

Из, ил, ий, ит, ич; аз, ак, ай, ал, аң;

Бара, жара, кара, мара; пара, тара, чара.

**178.** Ырдан асты сызылган сөздөрдү көчүрүп жазып, маанилерин айтып бергиле.

***Биз өмүрдүн гүлүбүз.***



Бийик көктөн,
Нурун төккөн,
Орток биздин күнүбүз.
Жайнап өскөн,
Жайдары өскөн,
Биз өмүрдүн гүлүбүз.

Көрүп сыйын,
Достук ырын
Түркүн тилде ырдайбыз.
Окшоп гүлгө,
Тынчтык күндө
Окуп, ойноп жыргайбыз!

*Ануарбек Дүйсенбиев (Казакстан)*

## § 39. Тыбыш жана тамга.

!

Тыбыш – кулакка угулган айрым-айрым үндөр.
Тамга болсо, ошол үндөрдү белгилөө үчүн кабыл алынган шарттуу белги.
Кыргыз тилинде 36 тамга, 39 тыбыш бар.
Көпчүлүк сөздөрдө тамга менен тыбыштын саны бирдей болот: тал, кал, ачкыч ж.б.
Кээ бир сөздөрдө тамгага караганда, тыбыштын саны көп: таяк, коен, елка деген сөздөрдө 4 тамга 5 тыбыш бар. Эмне үчүн?
Тескерисинче, айрым сөздөрдө тыбышка караганда тамганын саны көп болот: пальто деген сөздө 6 тамга 5 тыбыш бар. Эмне үчүн?
Созулма үндүүлөр болсо, эки окшош тамга менен белгиленип, бир гана тыбышты билдирет: аалам – 5 тамга, 4 тыбыш. Эмне үчүн?

**180.** Төмөнкү сөздөрдө канча тыбыш, канча тамга бар? Айрымдарында эмне үчүн тыбыш менен тамганын саны туура келбейт? Аларды катыштырып, аңгеме түзгүлө. Темасын да койгула.

Кыш, суук, бак, лыжа, кар, коньки, ак, чана, көлмө, тоо, муз, биз, кандай, сонун, мезгил, жагат.

**181.** Ырды окуп, суроолорго жооп бергиле. Жооп болгон сөздө канча тыбыш, канча тамга бар? Эмне үчүн андай?

Сага болот чоң ата, өз атаңдын атасы.
Ким болот айтып бер, апакеңдин атасы?
Эмне дейсиң энесин, эмне дейсиң агасын?
Байке десең кокустан, чоң уятка каласың.
Эмне дейсиң эжесин, ини, синди, жеңесин?
Эске алгын муну да, улуулук бир кеңешим.
Эгер болсо апаңдын эжесинин баласы
Ким болот ал сага, кана, туура атачы?

Баарын тактап таанығын, билип алып анығын.

182. Тексттеги белгиленген сөздөрдө канча тыбыш, канча тамга бар экенин айтып бергиле.

**Апендинин жоруктары.**

Бир киши апендиден сурап калат:

- Мергенчи мылтыгын атарда, эмне үчүн бир көзүн жуумп алат?

- Эгерде эки көзүн тең жуумп алса, анда кантип атмак эле, - дептир Апенди.

**Кызыктар дүйнөсүнөн.**

Америка штатындагы бир фермер күрмөсүн короого илип койгондо, сарайдагы музоолордун бири анын чөнтөгүн чайнап жатып, андагы алтын саатты кошо жутуп алат. Арадан жети жыл өткөндөн кийин уйду сойгондо, ичинен баягы алтын саат чыккан. Бул саат жети жыл бою жүрүп турган. Анткени уй өпкөсү менен дем алганда, карындын кыймылдап турушунан кандайдыр бир себептер менен саат акырындык менен бурала берген. Жети жыл ичинде төрт гана мүнөт артта калган.

*Дүйнөдөгү кызыктар*

183. Сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө. Ал сөздөрдө канча тыбыш, канча тамга бар?

Чие, оюнчук, эрин, ээк, коон, медаль, подьезд, аюу, коен, кантты, бакка, митингди, аярлоо, саан, өгөө, тоо.

? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:*

Тыбыш менен тамганын айырмачылыгын түшүндүргүлө.

Тыбыштардын сөздүн маанисин өзгөртүүчү касиети

бар дегенди кандай түшүнөсүң?

## § 40. Үндүү жана үнсүз тыбыштар.

**!**

Айрым тыбыштарды айтканда, өпкөдөн чыгып келе жаткан аба ооз көңдөйүнө келгенде тоскоолдукка учурабай, эркин чыгат. Мындай тыбыштар үндүү тыбыштар деп аталат.
Айрым тыбыштарды айтканда, өпкөдөн чыгып келе жаткан аба ооз көңдөйүнө келгенде, тоскоолдукка учурап, шыбыш пайда болот. Мындай тыбыштар үнсүздөр деп аталат.
Кыргыз тилинде бардыгы 39 тыбыш бар, алардын үндүүсү – 14, үнсүзү – 25.
Үндүү тыбыштар: а, о, ө, у, ү, э, ы, и; аа, оо, өө, уу, үү, ээ.
Үнсүз тыбыштар: б, в, г, д, ж, з, й, к, л, м, н, п, р, с, т, ф, х, ц, ш, ш.
Созулма үндүүлөр эки окшош тамга менен белгиленет.

**184.** Жаңылмачтарды окуп, кайсы тыбыштарды айтканда, ката көп кете турганын байкагыла. Жаңылбай айтууга аракеттенгиле.

Кой жыйырмага чыкпай, картаярбы,
Картайган койду тартайган койчу кайтарарбы.
Бүркүтчүлөр бүркүтүн томого менен томоголойт,
Бүркүтчүлөр бүркүтүн томого менен томогологондо,
Биз бүркүтүбүздү томого менен томоголобой,
Ким бүркүтүн томого менен томоголойт.


**185.** Текстти окуп, маанисин түшүндүргүлө. Кара тамга менен басылган сөздөрдө канча тыбыш, канча тамга бар экенин аныктагыла.

### 1. Үзөңгү жолдош

Бул кептин төркүнү – бирге өскөн, курдаш деген мааниде. Илгери кыргыз эли көчмөн турмушта тиричилик кылган мезгилде баатырлар жоого бирге аттанган. Ат үстүндө дайыма жанаша жүргөндүктөн, үзөңгүлөр кагышкан. Кийинчерээк бул накыл кептин мааниси кеңип,

жалпы эле «теңтуш, курдаш» болуп кеткен .  (*Х. К.)*

**186.** Үндүү жана үнсүз тыбыштарга тиешелүү өзгөчөлүктөрдү, экөөнө тең бирдей белгилерди атап жазгыла.




**187.** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле?

Эмне үчүн тыбыштарды үндүү, үнсүз деп бөлөбүз?
Үндүүлөр кандай жасалат?
Созулма үндүү менен кыска үндүүнүн окшоштугун, айырмасын айткыла?
Үнсүздөргө кайсы тыбыштар кирет? Эмне үчүн алар үнсүз тыбыш деп аталат.

## Үндүү тыбыштар

### § 41. Жоон жана ичке үндүүлөр.

**!**

Үндүүлөрдү айтканда, тил өтө активдүү катышат.
Ушуга байланыштуу тилдин абалына карай үндүүлөр жоон жана ичке болуп экиге бөлүнөт
Жоон үндүүлөрдү айтканда, тил артка карай тартылып, анын түп жак бөлүгү жумшак таңдайды көздөй көтөрүлөт. Ага: а, о, у, ы тыбыштары кирет.
Ичке үндүүлөрдү айтканда, тилдин учу алга карай жүткүнүп, ортосу таңдайды карай бир аз өйдө көтөрүлөт. Ага: э, ө, ү, и тыбыштары кирет.
Үндүүлөр жоон жана ичкелигине карай үндөшүп окшошот, б.а. сөз жоон үндүүдөн башталса, аягына чейин жоон (балдарыбыздыкынанбы, агабызды), ал эми ичке үндүүлөр менен башталса, аягына чейин ичке (сиздердикинен, инилеримдиби) үндүүлөр келет.
Бир эле сөздө жоон да, ичке үндүүлөр да катышкан учурлар бар. Бул көбүнчө башка тилден кирген сөздөрдө кезигет:

адабият, кино, театр.

**188.** Көп чекиттин ордуна жоон жана ичке үндүүлөрдү коюп көчүргүлө. Канча тыбыш, канча тамга бар экенин айтып бергиле.

Маал…мат, … лак, ооруk.. на, гвард .. я, нас .. ят, в… лосипед, т.. атр, б..лет, д..ктант, муз..ка, кар .. я, л…жа, кит…п, кл..сс.

**189.** Текстти окуп, кара тамга менен берилген сөздөргө тыбыштык талдоо жүргүзгүлө.

## Эмнеси окшошот?

- Кем акыл менен сокурдун айырмасы эмнеде? – деп сураганда:

- Сокур жарык менен караңгыны ажырата албаса, кем акыл жакшы менен жаманды ажырата албайт! – дептир.

*Залкар ойлор*

**190.** Ырдагы жоон үндүү катышкан сөздөрдү өзүнчө, ичке үндүү катышкан сөздөрдү өзүнчө көчүрүп жазгыла.

Ким барктаса өз энесин – өз тилин,
Барктай билет дүйнө элинин көп тилин.
Ар улуттун энеси - улуу, тили - улуу
Өйдө-ылдый деп айта албайбыз эч бирин. *(Б.С.)*

**191.** Суроолорго жооп бергиле:

Үндүүлөрдү эмне үчүн жоон, ичке деп бөлүп карайбыз?
Жоон үндүү тыбыш менен, ичке үндүү тыбыштын окшош жана айырмаланган жактарын айтып бергиле.
Аларга кайсы тыбыштар кирет.
а-о, у-ү, ы-и, о-э тыбыштарын айтып, тилдин абалына байкоо жүргүзгүлө. Эмнелерди байкаганыңарды айтып бергиле.
Үндүүлөрдүн үндөшүүсү (жоон – ичкелигине карай) дегенди кандай түшүнөсүңөр? Мисал келтиргиле.

## § 42. Эриндүү үндүүлөр.

!

Үндүү тыбыштар эриндин катышына карай эриндүү жана эринсиз болуп бөлүнөт.
Эриндүү үндүүлөрдү (о, ө, у, ү) айтканда, эки эрин алга карай жүткүнүп чормоет.
Эринсиз үндүүлөрдү (а, э, и, ы) айтканда, эрин алга карай жүткүнбөйт.
Кыргыз тилинде үндүүлөр жоон, ичкелиги боюнча гана эмес, эриндүү болушуна карай окшошуп ээрчишет.

**192.** Макалдарды окуп, жалаң эриндүү үндүүлөр катышкан сөздөрдү айтып бергиле. Маанисин түшүндүргүлө.

Адамдын өзү картайса да, сөзү картайбайт. Акмактын миң сөзү акылмандын бир сөзүнө татыбайт. Ата сөзүн укпасаң, ажырайсың журтуңдан. Билимдүүнүн сөзү өткүр, өнөрлүүнүн көзү өткүр. Дааналык менен кыскалык сөздүн көркү. Ок жарасынан сөз жарасы жаман.

**193.** о-а, ө-э, у-и, ү-ы тыбыштарын айтып, эриндин абалына байкоо жүргүзгүлө. Эмнени байкаганыңарды айтып бергиле.

**194.** Жалаң эрин үндүү же жалаң эринсиз үндүү катышкан сөздөрдөн таап, тыбыштык талдоо жүргүзгүлө.

***Үлгү*:** балдарды – 8 тамга, 8 тыбыш. Үндүүлөр – а: тилге карай – жоон, эринге карай – эринсиз, үндүн созулушуна карай – кыска, жаакка карай – кең.

**195.** Ырды окуп, эринчил үндүүлөр жана эринсиз үндүүлөрдөн турган сөздөрдү тапкыла.

Бирге жүрөм эне тилим кадырлайм
Бул тил менен иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм.
Башка тилди жандай жакшы көрсөм да,

Эне тилин сүйгөнүмдөн жаңылбайм. *(А.О.)*

**196.** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

Эринчил үндүүлөргө кайсыл тыбыштар кирет? Жалаң эринчил үндүү катышкан сөздөрдөн тапкыла.
Эринсиз үндүүлөргө кайсылар кирет? Мисал келтиргиле. Эмне үчүн эринсиз үндүү деп аталат?
Эринчил жана эринсиз үндүүнүн окшоштугу жана айырмасы эмнеде деп ойлойсуңар?

**197.** Эринчил жана эринсиз үндүүлөрдү айткан учурдагы эриндин абалынын сүрөтүн тарткыла.

## § 43. Кең жана кууш үндүүлөр.

**!**

Үндүүлөрдү жасоодо башка сүйлөө органдары сыяктуу эле жаак да катышат. Анын катышына карай үндүүлөр кең жана кууш деп бөлүнөт.
Кең үндүүлөрдү айтканда, тил таңдайга карай бир аз көтөрүлүп, жаак кең ачылат. Ага: а, о, э, ө тыбыштары кирет.
Кууш үндүүлөрдү айтканда, тил таңдайга карай бийигирээк көтөрүлүп, жаак анчалык ачылбайт. Ага: у, ү, и, ы тыбыштары кирет.

**198.** Ырды окуп, жалаң кууш, жалаң кең үндүүлөр катышкан сөздөрдү бөлүп айткыла.

Кыргыз болбойт, кыргыз тили болмоюн,
Калк байыбайт, казынасы толмоюн.
Жарды болсоң, жарып кетер күн келер,
Бирок тилге түк караба тоң моюн. *(Ү.А.)*

**199.** Тексттен жалаң кууш, жалаң кең үндүү катышкан сөздөрдү көрсөткүлө.



Иттер аба ырайынын бузулушун алдын ала билишет. Эгерде жаан-чачын жаап, же борошо боло турган болсо, бульдог деген жумуру тумшуктуу иттер уйкулуу болуп, өзүнүн ийининен чыкпай, бүрүшүп жатып, тамак ичпей коюшат. Аба ырайы ачыла түшсө, ал иттин да көңүлү көтөрүлүп, сыртка чыгууга аракеттенет.

📖**200.** а-у, о-ү,э-и, ө-ы тыбыштарын айтып, жаактын абалына байкоо жүргүзгүлө. Эмнени байкаганыңарды айтып бергиле.

📖**201.** Окугула. Уйкаш сөздөрдү таап, ошол сөздөгү үндүүлөргө мүнөздөмө бергиле.

Атың болсо качанаак,
Айтканыма ишен:
Салып койсоң узабайт,
Кош бутуна …

Колу жөндөм адамга,
Керек нерсе эң эле
Чоң ийне деп айтпагын,
Анын аты …

Көп иш тиксе, колдоруң,
Өйкөйт го деп ойлодум.
Таап бердим аныктап,
Чоң энемдин …

📖**202.** Үндүү тыбыштарга мүнөздөмө бергиле. ***Үлгү:*** ы– тилге карай жоон, жаакка карай – кууш, эринге карай – эринсиз, үндүн созулушуна карай – кыска.

? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:*

Үндүүлөр жаакка карай кандай бөлүнөт?
Кең үндүүлөр кандайча жасалат? Алар кайсылар?
Кууш үндүүлөр деп кайсы тыбыштарды айтабыз? Эмне үчүн?
Кең жана кууш үндүүнүн окшоштугу эмнеде?

## § 44. Кыска жана созулма үндүүлөр.

!

Үндүн созулушуна карай үндүүлөр созулма жана кыска болуп бөлүнөт.
Кыска үндүүлөр: а, о, у, ы, и, э, ү. Созулма үндүүлөр: аа, оо, өө, уу, үү, ээ.
Созулма үндүүлөрдү айтканда, кыска үндүүлөргө караганда, үн белгилүү өлчөмдө созулуп айтылат.
Созулма үндүүлөр сөздүн маанисин өзгөртүп жиберет: сат – саат, ток – тоок ж.б.

📖**203.** Кыска жана созулма үндүүлөрдүн айырмачылыгы менен окшош жактарын айтып бергиле. Мисал келтиргиле.

а-аа, о-оо, у-уу, ө-өө, э-ээ, ү-үү.

📖**204.** Табышмактын жообун таап, ошол сөзгө фонетикалык талдоо жүргүзгүлө.

Түндө бар, күндө жок.
Асманда бар, жерде жок.


Жапжаңы идиш,
Бирок баары жыртык
Эл устасын мактаса
Такыр жок кынтык

3. Ай талаада ак сандык
Оозу мурду жок сандык.

**205.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү тыбыштарды коюп, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Ошол тыбышка мүнөздөмө бергиле.

- Дүйнөдө эмне берекелүү?
- Ж.р.
- Эмне отсуз күйөт?
- К.н, А..
- Асман жерди бүркөгөн,
  Күңүрт шуру эмне?
  Б.л.т.

**206.** Үндүү тыбыштар жөнүндө талкуу (дебат) өткөргүлө.



## § 45. Бир сөз ичинде үндүүлөрдүн ээрчишип өзгөрүүсү

**!**

Бир сөз ичинде үндүү тыбыштардын өз ара таасирлеринин натыйжасында бирине-бири окшошуп өзгөрөт. Мисалы: ата деген сөзгө бир нече мүчө улап көрсөк, ата+лар+ыбыз+дыкы+на болуп, биринчи муундагы жоон үндүүгө карай кийинки муундагы үндүүлөрдүн бардыгы окшошуп, жоон үндүү болуп ээрчишип өзгөрдү.

Эгер **ата** деген сөздү ичке үндүү менен келген **эне** деген сөзгө алмаштырып ошол эле мүчөлөрдү уласак, **эне+лер+ибиз+дики+не** болуп, кийинки муундагы үндүүлөр ичке үндүүлөргө өтөт.

**207.** Ырды окуп, асты сызылган сөздөрдөгү үндүүлөрдүн кандайча өзгөргөнүн түшүндүргүлө.

Кабарын күздүн айтышты,
Каркыра, каздар кайтышты.
Чайпалтпай, төкпөй, шарп этпей,
Чакада суута Ай түштү. (С.А.)

**208.** Текстти окуп, үндүүлөрдүн окшошуп өзгөрүүлөрүн түшүндүргүлө. Жоон үндүү менен ээрчишип өзгөргөнүн өзүнчө, ичке үндүү менен өзгөргөнүн өзүнчө таап, айтып бергиле.

Бул кезде коюу кара туман дале болбой, аны тебелеп-тепсеп өтүп жаткан. Ал биртике ой топтоп алды да, анан туманга карама-каршы жүгүрүп жөнөдү. Туман болсо эми бул балага каршы, бул баланы утурлап катуулап жүгүргөнсүдү. Бири-бирин өтө сагынышкан эне-бала сымал бул эки качкын да бирин-бири карай бала бала болуп эле туман туман болуп эле жүгүрө берди.

...Караса эле сүт, тезек түтүн аралашып, кошул-ташыл жыттанган аруу түнөгү, куттуу бош паанасы алачыктуу айылына жеткен экен. Сүттүн, тезектин түтүндүн аралаш, алда кандай миң ажайып жыты мурдуна урулду (Н.С.).

📖**209.** Ырды окуп, үндөшүүнүн уңгунун муундарындагы же уңгу менен мүчөлөрдөгү үндүүлөрдө учурарын айтып бергиле.

**Түшүмдө**

Мен аралап туулган жердин чарбагын,
Көөнүм ээрчип, балкуу басып денемди,
Келе жатып, карап айыл аймагын,
Токтой калдым кырдан көрүм энемди

Жолду карап, турду көпкө ойлонуп,
Калган өңдүү ошол кырда Ай конуп
Каалгып жай кырдан жылып түштү да,
Энем үйгө кирип кетти Ай болуп...

Жолду көрбөй карек толгон көз жаштан,
Жеттим дагы, үй алдына токтолуп:
“Энекебай, мен келдим!”- деп үн салсам,
Энем үйдөн чыга калды күн болуп... *(К.С.)*

✍**210.** Төмөнкү сөздөрдү жөндөмөлөр боюнча жөндөп жазып чыккыла. Уңгуга карай мүчөлөрдөгү үндүүлөрдүн үндөшүү өзгөчөлүктөрүн түшүндүргүлө.

Ага, ийне, жумуш, жүк.

📖**211.** Берилген сөздөрдөгү үндүүлөрдүн кандайча ээрчишип өзгөрүүсүн түшүндүргүлө.

Бөлөлөрүбүздүкүнө, тоолорубузга, досторубуздукуна, жаратылыштагы, китептерибизди, эмгектенгендерден, шаарыбызда, чогулуштарда, гүлдөрдүн, ырдагандардын.

✍**212.** Жалаң жоон жана жалаң ичке үндүү менен окшошуп өзгөргөн сөздөрдөн тапкыла.

## § 46. Үнсүз тыбыштардын бөлүнүшү.

Үнсүз тыбыштарды айтканда, өпкөдөн чыгып келе жаткан аба ооз көңдөйүнө келгенде, кандайдыр бир тоскоолдукка учурап, үн менен кошо шыбыш да пайда болот.

Мына ушул өзгөчөлүккө ылайык үнсүз тыбыштар жумшак жана каткалаң деп экиге бөлүнөт.

б, в, г, д, ж, з тыбыштарын айтканда, үнгө караганда шыбыш көп катышат. Ошондуктан алар жумшак үнсүздөр деп аталат.

л, й, м, н, ң, р тыбыштарын айтканда, шыбыш да, үн да катышат, бирок шыбышка караганда үн басымдуулук кылат. Бул өзгөчөлүккө ылайык алар уяң үнсүздөргө кирет.

Ал эми үн такыр катышпай, жалаң гана шыбыш аркылуу айтылган тыбыштар каткалаң үнсүздөр деп аталат. Ага к, п, с, т, ф, х, ц, ч, ш, ү тыбыштары кирет.

Мындан тышкары, жумшак жана каткалаң үнсүздөр түгөйлүү (б-п, г-к, в-ф, д-т, з-с) жана түгөйсүз (х, ц, ү) болуп да бөлүнөт.

📖**213.** Текстти окуп, кара тамга менен басылган сөздөрдөгү жумшак жана каткалаң үнсүздөрдүн бири-биринен болгон айырмачылыгын түшүндүргүлө.

### Булак

Айрым жерлерде жер алдынан суу агып чыгып турат. Туптунук, муздак жана таза суу. Түбүнөн таштары көрүнүп турат. Муну элибизде булак дейт. Суу чыгып турган жерди, «булактын көзү» деп аташат. Булакты булгоо жарабайт. Анткени анын көзү бүтөлүп, суу чыкпай соолуп калышы мүмкүн. Кээ бир булактарга адамдар сыйынышат. Ал - мазар булак. Жер алдынан жылуу суу чыгышы да мүмкүн. Андай булактар дарылык касиетке ээ.

✍**214.** Төмөнкү сөздөрдөн түгөйлүү жана түгөйсүз үнсүздөрдү бөлүп жазгыла.

Туссуз, жыгаччы, күчсүз, хирургдар, доклад, справка, авторучка, диван, офицер, паравоз, станция, абзац, келечек, максат.

📖✍**215.** Табышмакты окугула. Жумшак үнсүздөрдүн астын бир, каткалаң үнсүздөрдүн астын эки сызгыла.

Мойну узун, бою пас,
Жону менен боору таш.
Баш, куйругу, төрт бутун
Катып алат тийсе кас?

Колу жок, буту жок,
Дарбаза ачат.

✍**216.** Көчүрүп жандырмагын тапкыла. Түгөйлөш үнсүздөрдүн астын сызгыла.

Өсүп турат талаада
Жер урунуп келет күү.
«Д» ордуна «Т» койсо,
Буюм чачка керектүү.

📖✍**217.** Окугула. Көчүрүп, түгөйлөш үнсүздөрдүн астын сызгыла.

1. Көлмөнүн жээгинде жоондугу эки кулач келген зор терек өсүп турган. 2. Сагызган сактыгынан өлбөй, суктугунан өлөт. 3. Чабалекейдин баары тең кайкып учуп, чымын – чиркейлерди кантип кармарына таңдана карадым. 4. Коен аңды – дөңдү карабай, үймөктү көздөй качып жөнөдү. 5. Аттар тердей берип үстүн бубак басып калган. 6. Канттай агарган кар бороон айдап келген калыбында жаркырап жатат.

✍**218.** Текстти окуп, белгиленген сөздөгү үнсүз тыбыштарга фонетикалык талдоо жүргүзгүлө.

Мага жайлоодогу эс алуу абдан жагат. Жыл сайын жайкы каникул убагында жайлоодо болом. Чоң ата, чоң энелерим мал багышат. Алар жайкысын жайлоого көчүп барышат. Жайлоонун абасы таза, суулары тунук. Тоолор асман тирейт. Айлана көк шиберге оронуп жатат. Жайлоодо дайыма кымыз болот. Аны ичкенде суусунуң канат.

***Үлгү***: Жайлоодогу 10 тамга 9 тыбыш.
Үнсүздөр: ж, й, л, д, г.
жумшак үнсүздөр: ж, д, г.
уяң үнсүздөр: й, л.
каткалаң үнсүздөр: -
түгөйлүү үнсүздөр: д, г.

? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:*

Эмне үчүн үнсүздөрдү жумшак жана каткалаң деп экиге бөлөбүз?


Жумшак үнсүздөр кайсылар? Алар эмне үчүн жумшак?

Уяң үнсүздөр кайсылар? Алар эмне үчүн уяң?

Каткалаң үнсүздөр кандай жасалат? Ага кайсы тыбыштар кирет?

Түгөйлүү үнсүздөр кайсылар? Ар бирине мисал келтиргиле.

Берилген схема боюнча талкуу (дебат) жүргүзгүлө.


ТЫБЫШ
үндүү
үнсүз
Тилге карай
жоон
ичке
Эринге карай
эринчил
эринсиз
жаакка карай
кең
кууш
үндүн созулушуна карай
кыска
созулма
жумшак
каткалаң
уяң
түгөйлүү
түгөйсүз

## § 47. ИНТОНАЦИЯ, анын оозеки жана жазуу кептеги мааниси

!

Интонация – оозеки кептеги тыным, бир аз токтолуу, пауза.
Биздин кебибиз интонация аркылуу сүйлөмдөргө ажыратылат.
Интонация – сүйлөмдү уюштурат жана аларды айтылуу максатына карай жай, суроолуу, илептүү жана буйрук сүйлөмдөргө ажыратат.
Сүйлөөчүнүн айтылып жаткан ойго карата болгон мамилесин (ыраазы болгондук, кубангандык, какшык, өкүнгөндүк, шылдыңдагандык, жек көрүү, жактырбоо ж.б.) билдирет.
Ойдун бүткөнүн же бүтпөгөнүн суроо жана бөлүп көрсөтүү маанилеринде болот.

**219.** Сүйлөмдөрдү окуп, аларда учураган интонациянын элементтерин айтып бергиле.

1. Биринчи кар түштү. Тайганчыларга изине түшүп, түлкүнүн азабын берчү сонор башталды. Бүркүт салчулардын, куш салчулардын, аттын азабын берип, керели-кечке чапкылап, кызыкка батчу, өлөрчө чарчачу учуру келди. (К.О.)

2. – Ким шпион? Менби?
- Сен –шпион! (Ч.А.)

3. ...Энең байкуш болсо, сен ушинтип жүргөндө “Балам алда кандай болду экен?”- деп санаркап куурабайт беле... Дүйнө, чиркин, алмай-селмей оошуп отура турган неме. Акыр өлбөсөң сен бир күнү жетилип кетерсиң... Түн ичинде көзү кургуру да көрбөйт. Болбосо, тизеңдин береги жерин бүрүп берет элем. Чокоюң да суу... (М.Э.)

4. Уулумдун акыры бир күнү көп катары аскерге кетерин билип эле жүргөм, ошентсе да, бул кабарды укканда, муундарым бошой түштү (Ч.А.)

5. – Эмесе, Турумбекти билесиңби?
- Билем. Кайсы Турумбек?
- Камканын баласычы?
- Ооба... Үйү тетиги жакта.
- Өзү барбы?
- Ким, Турумбекпи?
- Ооба, Турумбек.

- Жок, - деди эмнегедир жер карап.
- Ал өлүп калган (Т.С.)

**220.** Текстти окугула. Анда айтылган ой айтуучунун ички кандай сезими менен берилгенин түшүндүргүлө.

### Шире

Мемиреген тынчтыкта аарылардын ызылдаган ыры кулакка музыкадай угулат. Мындай сонун учурда бир да кыбыраган жандык уюгунда калбай, шашыла сыртка чыккан сыяктуу. Ар кимиси өз түйшүгү менен алек.

Жыпар жыт көңүл көтөрөт. Албетте, бул - гүлдөрдүн, ар кандай өсүмдүктөрдүн жыттары. Теребелге көрк берген да, жан-жаныбарга ырахат тартуулаган да ушул гүлдөр. Карап турсаң кандай гана кооз гүлдөрдү кезиктирбейсиң! Бирин-бири жерибей, алар аралаш өскөн. Алар ошонусу менен кооз, ошонусу менен көзгө сүйкүмдүү! Жаратылышта ар нерсенин өз ынагы да, өз шериги бар. Көпөлөк менен аарылардын ынак досу–гүлдөр. Гүлсүз алардын күнү да, жашоосу да жоктой.

*Өсүмдүктөр дүйнөсүндө*

**221.** Текстти окуп, сүйлөмдөрдүн чегин ажыраткыла жана интонация болгон жерге кандай тыныш белги коюула турганын айтып бергиле.

### Гүлкайыр

Жазгы таң таптаза атты чыгыш тарап нурданып келип улуу күн жарк этти түнкү жаан жууп кеткен жашыл дарактар ого бетер кулпуруп гүлзар жыты анкый түштү ал күндөгү убагында туруп узун халаты менен ачык коридорго чыкты ак мөңгүсү жалтылдап аккан Ала-Тоонун заңкайган бийик имараттарга жетип-жетпей сыдырым желге жумшак термелип шаарды чүмкөп калган коюу дарактарды карап турду да өмүргө жашоо үрөнүн сепкен жаз кереметине таасирлене көңүлү көтөрүлө түштү адам дүйнөсүн сулуулаган тазарткан жашарткан да өзүңсүң го жазым сенсиз табигат кооздугу болор беле мезгилдин гүлгүн курагы жаз сага теңдеш түс көркүнө жетер көрк табылбайт го чиркин...

## § 48. Орфоэпия жана орфография.

!

**Орфоэпиянын негизги эрежелери**

**1.** Уңгу сөздөрдү туура айтуу эрежелери:

эки үндүүнүн ортосунда жана уяң үнсүздөрдөн кийин келген **б** тыбышы жумшарып айтылат: кабар - кавар, айбан-айван. кыргыз тилиндеги **б,в,г,д,ж** тыбыштары сөз аягында колдонулбайт.Ошондуктан **клуб, дуб** деген сөздөрдөгү **б** тыбышы **п** тыбышына, **г** тыбышы **к** тыбышына (**митинг-митинк**),д тыбышы **т** тыбышына (**завод-завот**)өтүп айтылат. Жазууда буга жол берилет..

**2.** Мүчө уланган сөздөрдү туура айтуу эрежелери:

Сөз аягындагы **ч** тыбышы **с,т,ч** тыбыштары менен башталган мүчөлөрдүн алдында **ш** тыбышына өтөт: **ачты // ашты,**

Аягы н тыбышы менен бүткөн сөздөргө **б,м** тыбышы менен башталган сөздөр уланганда, **н** тыбышы **м** тыбышына өтүп айтылат.

**3.** Жаңаша тур-ган сөздөрдү туура айтуу эрежелери:

биринчи сөз каткалаң менен аяктап, экинчиси жушак **б** тыбышы менен башталса, **п** тыбышына өтүп айтылат: ат басты // ат пасты.

**к** тыбышы менен бүткөн сөздөрдөн кийин үндүү менен башталган сөздөр жанаша айтылса, биринчи сөздүн аягындагы **к** тыбышы жумшарып **г** тыбышына өтүп айтылат: *ак үй // аг үй, көк ала // көгала.*

**4.** Орус тили аркылуу кирген сөздөрдү туура айтуу эрежеси

Орус тилинен кирген сөздүн аягындагы б, в, г, д тыбыштары каткаландашып п, ф, к, т тыбыштарына өтөт: хирургдар // хирурктар, докладда // доклатта..

✍ **222.** Төмөнкү сөздөрдү айтылышы боюнча көчүрүп

жазгыла.

Тору жорго, кара уй, кеч чыкты, чач тарак, аз чач, туз сал, он кой, ала карга, нанга, жыгаччы, күчсүз, шарж, блиндаж.

✍📖**223.** Төмөнкү сөздөрдүн аягына үндүү менен башталган мүчө улап көчүргүлө, алардын өзгөрүшүн **к, п** тыбыштары кандай тыбыштарга өтүп айтыларын байкагыла.

Сабак, белек, кайык, китеп, илеп, чөп, эсеп, түп, топ, жип, көйнөк, жомок, кийик, кудук, тумак.

✍**224.** Жазылышы жана айтылышы боюнча айырмаланган сөздөрдөгү үндүүлөр жана үнсүздөрдүн айтылышына байланыштуу эрежелердин ар бирине өзүнчө мисал келтиргиле.

✍**225.** «**О**рфографиялык сөздүктөн» карап, эки түрдүү жазылган сөздөрдүн кайсынысы туура болсо, ошону көчүргүлө.

Кунажын - кунаажын, мелүүн - мээлүүн, ишарат - ишаарат, азоо - асоо, мүдөө - мүдө, мейиз - мейис, тамыз - тамгыз, кыраакы - кыракы, олуя - оолуя.

## § 49. Бир сөз ичинде к, п тыбыштарынын г, б тыбыштарына өзгөрүп айтылышы жана жазылышы

**!**

Уңгунун аягындагы к, п тыбыштарынан кийин үндүү менен башталган мүчө жалганса, эки үндүүнүн ортосунда к, п тыбыштары г, б тыбыштарына өтөт.

*Мисалы: ак + ыш = агыш, көк + ыш = көгүш, топ + ым = тобум, сеп + уу = себүү ж.б.*

Эки үндүүнүн ортосундагы к, п тыбыштарынын жумшарып г, б тыбышына өтүшү бир сөздүн ичинде гана болбостон, жанаша айтылган эки сөз арасында да болот. Бирок буга жазууда жол берилбейт.

*Мисалы:*

| | |
|---|---|
| *жазылышы* | *айтылышы* |
| *ак ала* | *аг ала* |
| *жок эле* | *жог эле* |
| *ала кел* | *ала гел* |
| *кара кой* | *кара гой* |
| *кеп ук* | *кеб ук ж.б.* |

Ошондой эле кээ бир башка сөздөрдө эки үндүүнүн ортосунда бул тыбыштар жумшарбай да калган учурлар кездешет. *Мисалы: кек + ен = кекен, бек + и = беки ж.б.*

**226.** Бул сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө жана алардын жазылышындагы өзгөчөлүктөрдү түшүндүргүлө.

Тобун, китебин, калпы, алпы, электр тогу, кепке, хирург, геолог.

**227.** Эки үндүүнүн ортосунда к, п тыбыштары жумшарып айтылган сөздөрдөн тапкыла.

**228.** Аягы к, п тыбыштары менен бүткөн сөздөргө үндүү тыбыш менен башталган мүчө уланганда, ал тыбыштардын кайсы тыбыштарга өтөрүн түшүндүргүлө. Мисалдар келтиргиле.

**229.** К, п тыбыштары катышкан төмөнкү сөздөрдүн жазылышын түшүндүргүлө.

Жээги, терегим, багы, агыш, көгүш, тобум, тагын, мектеби, кесиби, көгү, калагы, кулагын, калпагы, колкабы, сабы ж.б.

## Кеп маданияты. Түгөйлүү үнсүздөрдүн айтылышы жана жазылышы.

Кеп агымында ар башка үнсүз тыбыштардын таасиринен бири экинчисине окшошуп өзгөрөт.Алар төмөнкүлөр:

Жанаша айтылган эки сөздө биринчи сөздүн аягындагы каткалаң үнсүзгө карай **б** тыбышы каткалаң **п** тыбышына өтүп айтылат,бирок жазууда жол берилбейт. Мисалы:

| *жазылышы* | *айтылышы* |
|---|---|
| көп бала | көп пала |
| таап бер | таап пер |
| баш бак | баш пак ж.б. |

Жумшак үнсүз **(л,р,ң,з)** менен аяктаган сөздөн кийин, каткалаң **к** менен башталган сөз келсе айтууда **к** тыбыш **г** тыбышына өтөт,бирок жазууда жол берилбейт. Мисалы:

| *жазылышы* | *айтылышы* |
|---|---|
| эл келди | эл гелди |
| ар кандай | ар гандай |
| миң киши | миң гиши |
| аз калды | аз галды |

Уңгунун аягындагы **з** тыбышы мүчөнүн башындагы каткалаңдар менен келгенде,каткалаң **с** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

сөз+сыз=сөссүз (орф..сөзсүз)
туз+сыз=туссуз (орф.тузсуз)
кыз+ча=кысча (орф.кызча)

Уңгунун аягындагы **ч** тыбышы мүчөлөр уланганда, **ш** тыбышына өтүп айтылат, бирок жазууда жол берилбейт.

| *жазылышы* | *айтылышы* |
|---|---|
| качты | кашты |
| кечти | кешти |
| жыгаччы | жыгашчы |
| кеч чыкты | кеш чыкты |

**230.** Төмөнкү сөздөрдү окуп, уңгу сөздөрдүн курамында эки үндүүнүн ортосунда «к», «п» тыбыштары өзгөрүүсүз колдонула берерин түшүндүр.

Жака, така, сака, чака, коко, бака, жука, эки, теке, аша, капа сепил, кепил, копол, сапан ж.б.

**231.** Берилген сөздөрдү туура жазгыла.Кандай өзгөчөлүк бар экенин түшүндүргүлө.

Клуп, герп, дуп, диалок, налок, маскарат, доклат, завот, эскис, синтес, княс.

📖✍**232.** Тексти окуп, **«к»,«п»** тыбыштары менен аяктаган сөздөргө үндүүлөр менен башталган мүчөлөр уланганда аталган тыбыштар «г», «б» тыбыштарына өткөн сөздөрдү көчүрүп жазгыла. Алардын айтылыш,жазылыш өзгөчөлүктөрүн айтып бергиле.

Замандаш, карачы боз үй ичинин жарашыгын…. Ушул элдин кыял жоругу, санаасы, сүйүү дарты, ою, иши, жашоосу, үмүтү кылымдан жолду басып келип ушул ат айланган оюнга түшүп жүрбөсүн. Сулуулукту ого бетер комуз күүсү көркүнө чыгарды белем. « Боз үйдө түнөп от боюнда комузга кошулуп ырдаган муңдуу ырларды угуп олтурууну жакшы көрөмүн »,-деп орус уулу, кыргыз сүрөтчүсү С. Чуйков балалыгын эскерип, тамшанганы бекер эмес тура!. Аттардын дүбүртү элдин таянар тоосу болуп, жоголгону табылып, бөксөргөнү толуп, кубат бериптир.

📖**233.** Макалдарды окуп «д» тыбышынын сөздөрдө кайсы орунда турарын айтып бергиле.

Жакшы төөнүн мурду жарылбайт. Ден соолук - чоң байлык. Жамандыкты амандык жеңет. Жамандын жаны ардак. Дос көтөрөт көңүлдү, мал көтөрөт өлүмдү.

## § 50. Фонетикалык талдоо.

**!**

Фонетикалык талдоодо төмөнкү талаптар коюлат.
сөздөрдүн муунга бөлүнүшү, муундун түрүн аныктоо;
сөздөгү тыбыш жана тамганын саны, алардын бири-биринен болгон өзгөчөлүктөрү;
тыбыштардын үндүү, үнсүз болуп бөлүнүшү;
үндүүлөрдүн тилге, эринге, жаакка карай бөлүнүшү;
үнсүздөр, алардын жумшак, уяң, каткалаң болуп бөлүнүшү;
түгөйлүү жана түгөйсүз үнсүздөр.

***Үлгү:*** **сабак** деген сөздө эки муун (са-бак) бар,

биринчиси – ачык, экинчиси – туюк муун. Бул сөздө 5 тыбыш, 5 тамга бар.


с – үнсүз, катталаң, түгөйлүү;
а – үндүү, жоон, кең, эринсиз, кыска;
б – үнсүз, жумшак, түгөйлүү;
к – катталаң үнсүз, түгөйлүү.

🕮**234.** Ырдагы кара тамга менен берилген сөздөрдү көчүрүп, фонетикалык талдоо жүргүзгүлө. Ырдын маанисин айтып бергиле.

Айтылып **кылымдарга** сенин даңкың.
Сакталып урпактарга **ыйык** салтың.
Баркталып башка **журттун** арасында,
Бар болсун! Аман болсун! **Кыргыз калкым** ! *(Р. Ж.)*

🕮**235.** а, б, о, у, ч, й, л тыбыштарына мүнөздөмө бергиле.

🕮**236.** Венндин диаграммасы боюнча түшүндүр.




🕮**237.** Окуп, маанисин түшүндүргүлө. Кара тамга менен берилген сөздөргө фонетикалык талдоо жүргүзгүлө.

**Тил** – туура жолду табуунун куралы. 2. Айтылган

**сөз** атылган ок. 3. Оройлук **олуяга** да жарашпайт. 4. Көп тил билген **көсөмдүк**. 5. **Карынын** сөзү – дары. 6. Адилет сөз - **ачуу**. 7. **Көңүл** – сөздүн сандыгы.

**238.** Берилген сөздөрдөгү үндүү жана үнсүздөргө талдоо жүргүзгүлө.

Ала-Тоо, эмгек, адилет, булак, сый.

**239.** э, и, ы, к, т, п, р, м тыбыштарына мүнөздөмө бергиле.

**240.** Окуп табышмактын жандырмагын тапкыла. Белгиленген сөзгө фонетикалык талдоо жүргүзгүлө.

Таттуулугу балдай,
Аппактыгы кардай.
2. Туюк челегимдин ашы - таттуу.
3. Суюк, бирок суу эмес.
Ак, бирок кар эмес.

? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:*

Жумшак үнсүздөргө кайсылар кирет? Эмне үчүн алар жумшак үнсүз деп аталат?

Уяң үнсүздөр кандай жасалат? Ага кайсылар кирет? Мисал келтиргиле.

Каткалаң үнсүздөргө кайсылар кирет? Эмне үчүн алар каткалаң үнсүз деп аталат?

Түгөйлүү үнсүздөрдү атап, ар бирине мисал келтиргиле.

Орфография деген эмне?

Орфоэпияны кандай түшүнөсүң? Анын негизги эрежелерин айтып бергиле?

## §51. Лексика жана кеп маданияты.

!




**241.** Көчүргүлө, алардын маанилерин түшүндүргүлө.

Сөз менен мамиле түзүлөт, сөз менен мамиле үзүлөт. Сөз менен акыйкат жол табат, сөз менен арамдык кол салат. Сөз менен ар намыс ылганат, сөз менен ак кагаз булганат.

**242.** Ырды окуп, акындын сөз тууралуу ой жүгүртүүсүн

түшүндүргүлө.

Сөз – күчтүү. Сөз – жал. Сөз – өмүр.
Сөз – душман. Сөз – азап. Сөз – өлүм.
Сөз менен:
Күчсүздү мактап, күчсүздү таптап
Жалганды жактап, жалааны актап,
Койсо да болот – калыстыкты тоноп
Айтылган сөз – атылган ок
Аны кайра алуу жок. (Т.Б)

## § 52. Сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанилери

!

Сөздүн жеке керт башына тиешелүү мааниси – лексикалык маани деп аталат. Мисалы: мугалим – балдарды окутуп, тарбиялоону кесип кылган адам; стул – адам отурууга ылайыкталган буюм, орундук.

Сөздүн грамматикалык мааниси болгондо, ошол сөздүн грамматикалык маанилери аныкталат. Мисалы: мугалим – зат атооч, жекелик сан, конкреттүү зат, атооч жөндөмөдө, жалпы ат.

Тилибизде грамматикалык да, лексикалык да мааниге ээ болбогон менен, го, жана, чейин, жөнүндө ж.б. сөздөр бар.

**243.** Төмөнкү сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык маанилерин түшүндүргүлө. Аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

Жылуу, достук, китеп, келечек, эмгек, бакыт, сүйкүмдүү ж.б.

**244.** Текстти окугула, кара тамга менен жазылган сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык маанисин түшүндүргүлө.

Тил чоң **мурас** аталардан балага,

Өз тилиңе эч **кайдыгер** караба.
Өзгө тилди үйрөнө бер, а бирок
Тилиң, **дилиң** бизде болсун, **садага**.

Тилиң – **тарых**, тилиң – **күзгү** дилиңе,
Кимдигиңе тилиң **күбө** ириде.
Өз тилиңди кадыр тутуп, туу тутуп,
Өтүүң **парз** бу дүйнөдө, тирүүдө.

Ушул тилде **баба** Манас сүйлөгөн,
**Баар** издебейм, башка тилде сүйлөөдөн.
Өз элимден, өз тилимден сүйкүмдүү,
**Касиетти** көрө албаймын дүйнөдөн. *(Ү.А.)*

**245.** «Түшүндүрмө сөздүктөн» пайдаланып, **учкуч, окуучуну, өзөн, алышты, биринчи, достук** деген сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык маанисин жазгыла.

**246.** Медициналык жана спорттук терминдерге байланыштуу сөздөрдөн тапкыла.

**247.** Берилген сөздөрдү маанисине карай бөлүп жазгыла.

Актриса, философ, тергөөчү, драма, обончу, домбура, сот, гитара, акын, судья, ырчы, комуз, түшүнүк, күбө, арыз, актер, режиссер, гастрол, чечим, акт, өкүм, протокол, нота, комедия, прокурор.

***Үлгү*:** искусстволук маанидеги сөздөр:
юридикалык маанидеги сөздөр:

**248.** Түшүндүрмө сөздүктү пайдаланып, төмөнкү сөздөрдүн лексикалык маанисин түшүндүргүлө.

Адил, ажыдаар, өткүр, ырда, айда.

**249.** Текстти окуп, маанисин түшүндүргүлө. Асты сызылган сөздөрдүн лексикалык, грамматикалык маанилерин көрсөткүлө.

Ат үстүнөн алышкан баатырлардын кагылышында

тизгинди жыя кармап, ээрге бекем отуруп, үзөңгүнү чирене тээп, теминип жүрүү – кайраттуулукту билдирет. Ат үстүндүгү адамдын таянычы үзөңгү болгон. Кокустан үзөнгүдөн бут тайып кетсе, баатыр ооп түшүп калган. Үзөнгүдөн бут тайыганда, ээрден да көчүк кыйшайган. Жоокердин дарманынын кеткенин эл: «Үзөнгүдөн бут тайды, ээрден көчүк кыйшайды»,–деп сыпаттаган.

*Х.К.*

**250.** Көп маанилүү жана бир маанилүү сөздөрду бөлүп жазгыла.

Араа, кол, күн, балаты, жибек, жамгыр, карек, аркан, баш, алма, аркак, катар, балык, тер.

**251.** Түшүндүрмө сөздүктү колдонуу менен тил, жылуу, көз, ок деген сөздөрдүн маанилерин толук жазгыла.

**252.** Сүйлөмдөрду окуп, **көз** деген сөздүн кандай мааниде колдонулганын айтып бергиле.

Аны ыза – күйүт бууду, **көзүнөн** жашы сыгылды (К.Ж.) 2. Ийненин **көзүн** баамдай албай, учукту улам оозуна сала берди (К.Ж). 3. Терезенин **көзүнө** эски-уску чүпүрөктү тыгындап салган. 4. Мына, айланайын, куржундун эки **көзүн** толтура буудай алып келдик (К.Ж). 5. Анын эсине кызыл **көз** шакек түштү. 6. Асманды булут каптап, күндүн **көзүн** калкалады. 7. Кулпунун **көзүн** таппай убараландым. 8. Тутам бел, **көзү** чырак чырайы күл, оймок ооз, он жетиге толгон жашы (Ж.М.)

## § 53. Бир маанилүү жана көп маанилүү сөздөр

!

Эгерде сөздөр бир маанини гана билдирсе,жеке же бир маанилүү сөздөр деп аталат. *Мисалы: китеп, анделек, араа, балаты, балык ж.б.*

Бир эле сөздүн бир нече маанилерди билдириши сөздөрдүн көп маанилүүлүгү деп аталат.

Көрүнүш деген сөздүн маанилерин байкап көрөлү: 1) Бир нерсенин көзгө урунган жалпы белгилери, сырткы келбети, түрү, турпаты. 2) Драмалык чыгарманын бир бөлүгү (биринчи көрүнүш). 3) Абал, жагдай (иштин көрүнүшү). 4) Кубулуш (шамал, жаратылыш көрүнүшү).

Мисалдарда көрүнүп тургандай, жаңы мааниге ээ болгон сөздөр ошол сөздөрдүн мурунку маанилерин сактоо менен сөздөрдүн көп маанилүүлүгүн пайда кылды.

**253.** Берилген сөздөрдүн маанилерин аныктагыла.

Тер, от, сан, май, жаа, көк, той, жарык, ой, бак.

***Үлгү***: Тер. 1. Чогултуу,жыйноо,иргеп алып таштоо.
Арип терүү, тамга терүү.
Маңдай тер.

**254.** Баш деген сөзгө байланыштуу келип чыккан маанилерди айтып бергиле.

Түнкү сыдырым желге шыңга теректин башы акырын гана шуулдайт. (Т.К.).Ал күнү кыргыз уруусу аза күтүп, эл атасы, журт энеси, сан колдун башчысы Күлчө баатырдын сөөгүн жерге бергени жаткан. (Ч.А.). Биздин жерде кыргыздын сөөгү да калбасын! - деп өлүктөрдү жар башынан өзөнгө кулатты. (Ч.А.). Уркуя калың буудайды аралап кетип баратат. Буудайдын башын алаканы менен сылай басат. (Н.Б.).

**255.** Бир маанилүү сөздөрдү өзүнчө, көп маанилүү сөздөрдү өзүнчө бөлүп көрсөткүлө.Көп маанилүү сөздөрдүн кандай мааниде колдонулганын түшүндүргүлө.

Айтыш, айып, аска, Аким, айыпкер, аксакал, аары, жамгыр, балык, көз.

## § 54. Сөздүн тике жана өтмө маанилери.

**!**

Бир маанилүү сөздөр тике мааниде колдонулат. *Мисалы: Алма, өрүк гүлдөгөнү* ***аарылардын*** *тынымы жок.* Мында ***аары*** деген сөз дайыма тике мааниде гана айтылат.

Өтмө маани көп маанилүүлүктүн бир көрүнүшү болуп саналат.

Сөздүн тике маанисинен улам пайда болгон жаңы маани тилде дайыма колдонулуп, биротоло калыптанганда гана өтмө маани түзөт.

Сөздөр түз мааниде жана өтмө мааниде колдонулат. Нерселерге, кыймыл-аракетке тике багытталган жана аларды билдире турган сөздүн лексикалык мааниси тике маани деп аталат. *Мисалы:* ***алтын*** *деген сөздүн түз мааниси – кымбат баалуу, сары түстүү жалтырак металл, химиялык элемент.*

***Алтын****, күмүш эшилген кендериң бар Ала-Тоо.*

***Алтын*** *чирибейт, акыл азбайт.*

Сөздүн тике маанисинен башка нерсени, кубушуту образдуу, эмоциялуу жана көркөм туюнтуу үчүн колдонулган маани өтмө маани деп аталат. Ушул эле **алтын** деген сөз–кымбат баалуу, сонун, жакшы, жакшынакай деген өтмө мааниде колдонулат. Мисалы:

Ала-Тоо жериң **алтын**, биле элек элиң баркың (А.Т.).

**Алтын** билим өнөрдүн, сүтүн берген – мугалим.

Өткөн **алтын** жаштыкты, эскерип обон салалык (Жеңижок).

**256.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, **карек** деген сөздүн кандай маанилерде колдонулгандыгын түшүндүргүлө.

Көкөлөгөн ай, көкүрөккө дем берип,
Кыргый түшкөн карегине эм берип. (Т.К.).
Көздүн кареги көрүнбөй, агы аңтарыла түштү.
Кагылайын каректи, аман-эсен көрөмбү? (К.Ж)

**257.** Ырды окуп, маанисин түшүндүргүлө. Кара тамга менен берилген сөздөрдүн тике жана өтмө маанилерин аныктагыла.

Аргымак жаны кайрылса,
Арман эмей эмине.
Артында туяк калбаса,
Арман эмей эмине

Тобурчак жаны айрылса,
Арман эмей эмине.
Өзүндөн туяк болбосо,
Күйүт эмей эмине. *Жеңижок*

**258.** Түшүндүрмө сөздүктү пайдалануу менен **дасторкон, кагаз, жүк, чайнек** деген сөздөрдүн маанилерин тапкыла.

**259.** Сүйлөмдөрдү окуп, көп маанилүү сөздөрдү тапкыла. Алардын кандай маанide колдонулганын айтып бергиле.

1. Зуннахундун өлбөгөн жаны калган. (К.Ж.) 2. Көчөдө кыбыр эткен жан жок. (Ч.А.) 3. Кайсы жериң ооруса жаның ошол жерде.

? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:*

Көп маанилүү жана бир маанилүү сөздөргө мисал келтир. Эмне үчүн көп маанилүү деп аталат?
Сөздүн тике жана өтмө маанилерин кандай түшүнөсүң? Мисал келтиргиле.
Көп маанилүү сөздөр кандай жолдор менен жасалат?
Сөздүн лексикалык мааниси деген эмне?
Сөздүн грамматикалык мааниси дегенди кандай түшүнөсүң? Мисал келтир.

## Сөздүн эмоционалдык мааниси

!

Айрым сөздөр адамдын ички сезимин билдирет. Алар төмөнкүдөй эмоционалдык маанилерде айтылат:

1. Кубануу, ырахаттануу, ыраазы болуу, сүйүнүү мааниси:

*Бах,чиркин, биздин күндөр кандай таттуу!*
*Бүгүнкүдөн эртеңкиси ырахаттуу! (А.О.).*

2. Өкүнүү, кайгыруу, кейүү, ачуулануу мааниси:

*Эх, эмнесин айтайын, кесепеттүү согуш нечендердин кендирин кыйды, атаганат, Жайнагым аман турганда не деген адам болор эле! (Ч.А.).*

**260.** Текстти көркөм окугула жана эмоционалдык кандай

маанide  айтылганын байкагыла.

**1.** Баткенде өтө сейрек кездешүүчү «Айгүл» деген кооз гүл өсөт. Баткендин өрүкзарын элестетип көңүлүң көтөрүлө түшөт. Бах! Өрүгүнүн даамычы, жүзүмү, пахтасычы! Пай-пай! Табигаттын берген белегин карачы!

Сукtanып, ырахат алып отуруп, жүрөгүң зырп дей түшөт. Ал каргашалуу Баткен окуясы. Эли-жерин сактоодо эчен азаматтарыбыз курман болду. Аттиң дүйнө! «Кайра келем» деп кеткен жаш  жигиттерибиз кайрылып келбей, шейит кетишти. Баткенде курман болгондордун эрдигин эч ким, эч качан унутпайт!

1-абзацтагы берилген эмоционалдык маани менен 2-абзацта берилген эмоционалдык мааниде кандай айырмачылык бар?

**2.** Экинчи сабакка жаңы эле киргенде, дүкөнчү аял класска кирип келди. Ыйлап алыптыр, ыйлап жатып көзү шишип бүтүптүр

-Айланып кетейин, кучүктөрүм, акча көрдүңөрбү? Мен кургур дүкөндүн бүт акчасын азыр эле жоготуп жибердим. Айланайындарым, силер баарыңар эле бөжүрөп мектепке келатпадыңар беле. Айткылачы, сүйүнчүсүнө эмне кааласаңар сатып берейин. Айланып кетейиндер! (С.Р.).

📖**261.** Тексттин интонациясына көңүл бургула жана кандай эмоционалдык маани бар экенин түшүндүргүлө. Жазуудагы жана оозеки кептеги өзгөчөлүктөрүн айтып бергиле.

Көрөйүн деген көз желкеде, кулак чокуда,өпкө өз ордунан кетип, жүрөк жамбаштан орун алды. Унутпай жүргүн, балам! Сага деген батамды эсиңе салам! Башыңдан балекет кетпесин, этегиң толорсугуңа жетпесин, сокуну минип, сокбилекти камчыланып, ичериңе тамак таппай, куураган сөөктү кемиргин!

*«Курманбек»*

✍📖**262.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп,эмоционалдык мааниде айтылган сөздөрдү таап, кандай сезимде берилгенин айтып бергиле. Интонациясына көңүл бургула.

Пай-пай! Ысык-Көлдүн көрүнүшү кандай керемет!

Табигаттын тартуулаган белегин карачы!


-Тилиңден айланайын сенин! Сейде жүрөгү элжиреп кетип, анын көзүнөн, маңдайынан өптү. Уюңар туусун, айланайын, анан жейбиз. Бөбөгүң да жейт, тиши чыгып калбадыбы! (Ч.А.).

-Ыйлаба, кагылайын, мен тим эле, - деп акырын гана дабышын чыгарды. Атасынын мындай алсыз,акырын сүйлөшүн бала биринчи укту. Анын төгүлгөн жашын күтпөгөн жерден көрдү. (А.Т.).

✍**263.** Эмоционалдык сезимди билдирген сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөрдү түзгүлө жана кандай мааниде колдонулганын айтып бергиле.

## § 55. Синонимдер.

**!**



Ылдый менен төмөнгө,
Даяр менен беленге,
Өлчөм менен ченемге,
Барал менен кемелге
Чуңкур менен тереңге
Жарга менен кемерге,
Эндүү менен кененге,
Далай-далай ушундай,
Жана менен мененге,
Ырлар арнап узартсак,
Эмне болот дегенде,
Бар болгону бул оюн
Маанилеш сөздөр – синоним.

*Балдар адабиятынан*

📖**264.** Төмөнкү сөздөрдүн синонимдик түгөйлөрүн таап жазгыла жана маанилерин түшүндүргүлө.

Акыл, көгүчкөн, кант, шаар, баатыр, кооз, мактанчаак, сүйлө, тез, айлан, бет, даңк, жумуш.

📖**265.** Окугула. Түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле. Кара тамга менен басылган сөздөргө синоним тапкыла.

**Асмандан** ай козголуп жарылганбы?
Суу басып **жердин бети** тарылганбы?
Болбосо күн **нөшөрлөп** жер жүзүнө
Учкунун **жанга** чачкан чагылганбы?
Күн түшүп, бардык **адам** кысылганбы
Эт жүрөк адамзаттан бузулганбы?
Болбосо бардык **санаа** бир кошулуп
**Сан** мээге жалгыз собол сызылганбы? *(А.Т.)*

📖**266.** Сөздүктү пайдаланып, төмөнкү сөздөрдүн

синонимдерин тапкыла.

Көч, көр, жер, маал, апта, кесел, кайбир, жөөлө, маани, айкын, жыйналыш, булгаары, кең.

**267.** Төмөнкү синонимдердин маанилерин айтып бергиле жана аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

Чек – мара, муң – чер – кайгы – капа – бук – санаа, мурунку – илгерки, кенже – кичүү, ири – зор – чоң, аз – кем, асыл - кымбат, түс – өң – чырай – жүз, казык – мамы – столба, иш - жумуш, теңсел - термел, чайка – чайпа, ур – сок, шак – бутак.

**268.** Текстти окуп, кара тамга менен басылган сөздөрдүн синонимдерин тапкыла.

Кадимки бака жалбырактын дарылык касиети **адамдарга илгертен белгилүү.** Ромашка жөтөлдөн **айыктырат**. Валериан чөбүнүн тамырынан **кишини эсине** келтирүүчү дары жасалат.

**269.** Төмөнкү синонимдер кандай мүчөлөр менен жасалганын айтып бергиле.

Тынчтык – тынччылык, жаштык – жашчылык, адепсиз – бейадеп, капарсыз- бейкапар, жүргүнчү – жолоочу, калпычы – жалганчы, зордук – зомбулук, ооздук – суулук, далдала – калкала.

**270.** Ырды окуп, маанисин айтып бергиле. Кара тамга менен берилген сөздөрдүн синонимдерин тапкыла.

**Улутуңдун уулу** болуп,
Улайм десең **учугун**
**Өзгөлөрдөн** калып калбай
**Өссүн** десең **тукумуң**
Эне тилге **толук бойдон**
Берүү керек укугун. *(Э.И.)*

## § 56. Омонимдер.

!

## Омонимдер

Тыбыштык түзүлүшү окшош бирок маанилери ар башка сөздөр. Грек тилиндеги homas (бирдей), onot (ат) деген сөздөн алынган.

Айрым омонимдер бирдей сөз түркүмдөрүнө, айрымдары ар башка сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болот.

**271.** Төмөнкү омонимдердин маанилерин тапкыла.

Ат, бөлө, кес, жем, сын, аз, көк, көч, май, март, шак, турак, конок, кан, казык, ток.

**272.** Окуп, көп маанилүү сөз же омоним экенин аныктап, алардын айырмачылыгын түшүндүргүлө.

Жемиш багы, иштин жемиши; жеңил таш, иш жеңил, жараты жеңил, душмандан жеңил; оң жак, от жак, тууганга жак.

**273.** Сүйлөмдөрдү окуп, омонимдерди тапкыла жана маанисин айтып бергиле.

Балалуу үй–базар, баласыз үй–мазар. 2. Бекерчиден безе кач. 3. Бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт. 4. Алтымыш менен жетимиш–абышканын курагы. 5. Көңүлдөгү сырды көз билет.

**274.** Сүйлөмдө белгиленген сөздөрдүн маанисин

түшүндүргүлө. Сүйлөмдөгү аткарган кызматын аныктагыла.

1.Ал олуялар бар экенине ишенчү эмес. 2.Бир сом берсем уят, үч сом ал дейин.3. Жерге тоң түштү. 4. Күн караган суукка тоңот. 5. Ой–сөздүн сандыгы. 6. Ой да, тоо да, бүт карга чулганган. 7. Ой, сен кайдасың?

**275.** Омонимдер жана көп маанилүү сөздөргө мисал келтирип, окшоштугун жана айырмасын айтып бергиле.

## § 57. Антонимдер

!

Карама-каршы мааниде айтылган сөздөр антоним деп аталат. Ал грек тилинин anti (каршы) жана onata (ат) деген сөзүнөн алынган.

Антонимдер өз ара ар башка уңгулуу жана бирдей уңгулуу болуп экиге бөлүнөт. *Мисалы:* ***ар башка уңгулуу*** *антонимдер: күн–түн, катуу–жумшак, ач–ток, батыш–чыгыш, кең–тар, баатыр–коркок, калп–чын.* ***бирдей уңгулуу антонимдер****: абийирдүү–абийирсиз, адептүү–адепсиз, алдуу–алсыз, бейкүнөө–күнөөлүү, бейтааныш–тааныш, нааразы–ыраазы.*

**276.** Ырды окуп, антонимдерди тапкыла. Антонимдердин кайсы түрү экенин айтып бергиле.

Күн менен түн сыяктуу,
Кээде кара, кээде аппак,
Кээде турмуш уу берет,
Ачуусуна караба.
Кээде турмуш кант берет,
Таттуусуна караба (А.О.).

**277.** Сүйлөмдөрдү окуп, кара тамга менен берилген сөздөрдүн маанилерин аныктагыла.

1. **Сыртында** кырк градус аяз болуп, бирок **ичинде**

көйнөкчөн жүрө беришет. 2. Суу сөөк какшатып **муздак** эмес, дымыктырып **ысык** экен. 3. **Берген** март эмес, **алган** март. 4.**Жакшылык** кылсаң, **жамандык** ойлонот. 5. **Кыш** татаал болсо да, **жазгы** сууктан сактасын. 6. **Этегинен** күн чыкса, тө**рүндө** али таң ата элек.

✍**278.** Төмөнкү сөздөргө карама-каршы маанидеги сөздөрдү таап жазгыла.

Бай, жашырын, ачык, улуу, таза, кий, наарazы, ары, бар, асты.

✍**279.** Антонимдерди катыштырып, сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Бүтүн–сынык, жалкы–эгиз, жеңил–оор, ачык–бүркөк, акырын–катуу, ачык–күңүрт.

📖**280.** Окуп антонимдерди тапкыла, маанисин айтып бергиле.

Жаман адам белгиси, өз камы үчүн жүгүрөт, жакшы адам белгиси, эл камы үчүн күйүнөт. Келеринде дүнүйө булутсуз тийген күндөйсүң, кетеринде дүнүйө булут баскан түндөйсүң. Тууганына батпаган, душманына жалынат.

Бири кургак, бири суу,  
Бири ширин, бири уу.  
Бири бийик, бири пас,  
Бири кары, бири жаш.  
Бири салкын, бири дем,  
Бири ашык, бири кем-  
Оң- тетири бул дүйнөң…

(Т.К.) *«Келкел»*

? *Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор.*

Омонимдердин көп маанилүү сөздөрдөн айырмачылыгы эмнеде? Мисал келтиргиле.

Омонимдердин көп маанилүү сөздөр менен окшоштугу эмнеде?

Синонимдердин кандай белгилери бар?

Антонимдерге мисал келтиргиле. Анын кандай түрлөрү бар?

## Кеп маданияты

**281.** Текстти окуп,сөздөрдүн өтмө маанидe, түз маанидe колдонулганын айтып бергиле.

Маңдайы жазы, башы кууш,
Бар боюнда турат тууш.
Кочкор тумшук, коен кирпик,
Көркү калча, көзү тик.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаагы жазы, ээги узун,
Эрди калың, көзү үңкүр,
Жолборс моюн жоон билек,
Соорусу калың, таш жүрөк,
Жылма кабак, жылдыз көз.
Бөрү кулак, жолборс төш,
Бөлөкчө түрү бар экен…

*«Манастан»*

**282.** Төмөндөгү синонимдик катарлардын тизмесин уланткыла. Ар бир синонимге ылайык мисалдар келтиргиле. Маанилерин өз ара салыштыргыла.

1. Аалам, дүйнө, жер жүзү, дүйнө жүзү…
2. Маанилүү, маңыздуу, мазмундуу…
3. Тез, ылдам, дароо, бат…
4. Абийирдүү, кадырлуу, беделдүү, барктуу…
5. Тезде, ылдамда, ыкчамда, чамда, бачымда…

📖**283.** Сүйлөмдөрдү окуп, антонимдерди тапкыла.

Түн уйкусу, күн тынымы жок,качан болсо ээрден түшпөй жүргөнү жүргөн. (Ч.А. «Гүлсарат»). Субанкул экөөбүздүн ушул талаада кошулуп, жыйырма эки жыл ушул жерде таман акы, мандай терибиз менен агарып-көгөрүп, бирге өмүр сүргөнбүз. (Ч.А. «Саманчынын жолу»).

Өмүр деген–жарык күн,
Өмүр деген–кара түн.
Өмүр–жандын үмүтү,
Өлүм–жандын күйүтү. (Б.А.) *«Өмүр»*

Күн менен түн сыяктуу,
Кээде кара,кээде аппак.
Кээде турмуш уу берет,
Ачуусуна караба.
Кээде турмуш кант берет,
Таттуусуна караба. *(А.О.)*

📖**284.** Элдик макал, ылакаптарда кандай маанилер камтылган? Өзүңөр да билгениңерди айтып бергиле.

Билимдүүгө дүйнө жарык,
Билимсиздин күнү карып.

Жакшы деген бир атты жууса кетпейт,
Жаман деген бир атты кууса кетпейт.
Акылдуу–ойлоп, түгөйүнө айтат,
Акылсыз–чала-була билгенин айтат.

## Лексикалык талдоо

**!**

Талданып жаткан сөздүн лексикалык маанисин аныктоо.
Көп маанилүү сөзбү, же бир маанилүүбү? Эгер көп маанилүү сөз болсо, ар бир маанисине мисал келтирүү.
Сөздүн синонимдерин, антонимдерин жана омонимдерин табуу.

✍**285.** Көчүрүп жазып, кара тамга менен берилген сөздөргө лексикалык талдоо жүргүзгүлө.

**Өмүр** –китеп, барактарын,
Кылым бою окугун.
Тапкан **адам, таалайлуу** адам,
**Рахатын** окуунун.

*Жами*

***Үлгү*****:** Өмүр –зат атооч, адамдын жаралгандан өлгөнгө чейинки жашоосу, синоними –жашоо,антоними –өлүм.

✍**286.** Көп маанилүү сөздөргө мисал келтиргиле жана маанилерин түшүндүргүлө .

📖**287.** Кара тамга менен берилген сөздөрдүн маанилерин айтып бергиле.

1. **Жаа**, жаа жамгырым, жумшарт жердин тамырын. (А.О.).
2. **Жаа** атуула ыктуусуң, Төштүк,
Мергендик жакка шыктуусуң, Төштүк.
3. Берген **март** эмес, алган март (макал). 4. **Март** айы болсо да, азыр бул жерде жаз белгиси жок (Т.К.). 5. Ошол кезде Танабай жылкычы болуп, тоого **көчтү** (Ч.А.). 6. **Көч** байсалдуу болсун, конуш жайлуу болсун!

✍**288.** Берилген сөздөрдүн синонимдерин таап жазгыла.

Адам, акыл, кооз, сүйлө, сүйүн, ылдам, жумуш, даңк, кайгы, курбу, даамдуу, булганыч, мугалим.


✍**289.** Антоним сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөрдү түзгүлө жана аларга лексикалык талдоо жүргүзгүлө.

Кубаныч –өкүнүч, жай–кыш, жаштык–карылык, оң–терс, узун–кыска, жогору–төмөн, эрте–кеч, ылдам–жай.

## III чейрек

### § 58. Сөздүн курамы, уңгу жана мүчө

!




📖**290.** Текстти окуп, кара тамга менен берилген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Ар бир **адамдын** сүйүктүү **ташы** болот. Мен балык жылдызында төрөлгөндүктөн, бермет – менин **ташым**. Эмнегедир **койду** сойгондо, көзүнүн агын **берметке** окшоштурам, анын көз менен да байланышы болсо керек. Илгертеден акак топчу, бермет шуру **байлыктын белгиси** болуп келген. Менин тун **кызымдын** аты – Бермет. Бир эле бермет зергер буюм болгончо, татаал **баскычтардан** өтөт. Ар бир музыканттын, ар бир **композитордун** түсү болот. Мен ак **түскө**, ак берметке жакынмын.

*(Д.Ж.)*

**291.** Накыл сөздөрдү окуп, маанисин түшүндүргүлө жана белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

1. Жагымдуу сөзду дүлөй да жакшы угат. 2. Мактанчаактын оозу толтура жел. 3. Тилин тиштенген башын сактайт. 4. Чындык сөздүн душманы көп. 5. Акмакка алтын сөздүн да баркы жок. 6. Акылмандар канча болсо, ой-пикирлер ошончо. 7. Калпычынын тили - кыска.

*(Х.К.)*

**292.** Сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Уңгунун жана мүчөнүн белгилерин айтып бергиле.

Сөзмөр, учкуч, китепкана, арабачы, кыргызча, сууса, атасы, тоолук, үйдөй, тузда, үйдүн, энелер, сүткор, кызматкер, көлдүн, катчы, шаарга.

**293.** Сүйлөмдөрдү окуп, белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Маанисин айтып бергиле.

Акылдуу адамдар үчүн достуктан ыйык нерсе жок. Достук адилеттүү болуусу зарыл. Жакшылыкты кааласаң, бактылуу болгонуңда дагы жоро – жолдош арттырууга тырышкын.

Арийне, деңиз толкуп-ташыса дагы дарыя суусуна муктаж эмеспи.

Чоң дарак өзгөлөргө сая берет, өзү болсо дайыма аптапта сызгырылат, ошону менен бирге ал өзү үчүн эмес, башка бирөөлөрдүн зарыл – муктаждыктары үчүн мөмө берет.

*“Ой гүлдөрү”*

**294.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөр түзгүлө жана аларды уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Билим, бекерчи, айтыш, апалар, дарыкана, максатым, келечекти, табигаттын, коондук.

## § 59. Мүчөнүн түрлөрү.

!

Мүчөлөр уңгуга улангандан кийин айрымдары жаңы сөз жасап, уңгунун лексикалык маанисин өзгөртсө, айрымдарында андай өзгөчөлүк болбойт. Ушуга ылайык мүчөлөр сөз өзгөртүүчү жана сөз жасоочу деп экиге бөлүнөт.

Сөз жасоочу мүчөлөр уңгуга улангандан кийин, анын лексикалык маанисин өзгөртүп, жаңы маанидеги сөз жасайт. *Мисалы: дары+кана=дарыкана, мал+чы=малчы.*

*дары: адамдар ооруганда иче турган нерсе;*

*дарыкана: ошондой дарылар сакталуучу жай.*

Демек, –кана мүчөсү уңгуга уланып, анын лексикалык маанисин өзгөртүп, жаңы сөз жасады. Ошондуктан бул мүчө сөз жасоочу мүчө деп аталат.

Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр уңгунун лексикалык маанисин өзгөртпөйт, жаңы маанидеги сөз да жасабайт, жөн гана ошол сөздүн ар түрдүү формасын пайда кылат. *Мисалы: китеп+ти=китепти, мугалим+ге=мугалимге.*

Мугалим: балдарды окутуп тарбиялоону кесип кылган адамдар (агай-эжейлер);

мугалимге: ошол эле кесипте иштеген адамдар.

Демек, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр ошол эле сөздүн ар түрдүү формасын пайда кылат, жаңы сөз жасабайт. Сөз өзгөртүүчү мүчөлөргө жөндөмө, жак, таандык мүчөлөр кирет.

| Сөз жасоочу мүчөлөр *(жаңы маанидеги сөз жасайт)* | Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр *(сөздүн ар түрдүү формасын пайда кылат)* |
|---|---|
| -чы: кызматчы, манасчы<br>-ла: иште, ырда, ойло<br>-чыл: суучул, эмгекчил, ойчул<br>-ма: басма, сызма, түймө<br>-мак: оймок, иймек | -га: шаарга, айга<br>-ны: баланы, эмгекти<br>-да: сууда, тоодо, үйдө<br>-ы: аты, малы, үйү<br>-сы: энеси, апасы, эжеси<br>-сың: мугалимсиң, адамсың<br>-ныкы: аныкы, меники |

📖**295.** Текстти окуп, алды сызылган сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Жаратылыш – бизди курчап турган дүйнө. Бирок биз дайым эле табияттын сырларын, кооздугун байкай бербейбиз. Карагылачы, дүйнө кандай кооз: түркүн түстүү гүлдөр, алардын үстүндө учуп жүргөн көпөлөктөр, сайрап жаткан куштар, ак булуттардын арасында нурун төккөн күн, согуп турган жел, асман, тоолор, шаркыратмалар – булардын баары адамды суктандырбай койбойт. Биз ушундай дүйнөнү баалап, биздин кийинки муундарга сакташыбыз керек!

**296.** Төмөнкү сөздөргө тиешелүү мүчөлөрдү улап, маанисин айтып бергиле. Мүчөнүн кайсы түрү экенин аныктагыла.

Зергерлер сатат базар…
Билек … салчу жасалга
Акыл ай… жеткирет
Билим көк.. жеткирет
Китеп – билим булаг…
Билим – өмүр чыраг…
Убакыт алтын .. кымбат
Текке кеткен бир саат…
Жыл бою кууп жетпейсиң.
Уста темир … да алтын кылыч жасайт.

**297.** Төмөнкү сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып, кызматына карай кандай мүчө экенин аныктагыла.

Ырчы, балалуу, басмакана, ашкана, сузгуч, баскыч, үйдү китепти ж.б.

**298.** Төмөнкү сөздөргө сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү улагыла.

Жаратылыш, тазалык, корук, араа, суу, класс, жумуш, жоогазын, булут, көл, гүл, тилек.

**299.** Төмөнкү сөздөргө сөз жасоочу мүчөлөрдү улап жазгыла.

Мал, кат, жол, өтүк, бекер, ой, ый, көчө, иш, сөз, аш, китеп, дары.

**300.** Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөнүн окшоштугу менен айырмасын өзүнчө жазгыла.




**301.** Текстти окуп, белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

<u>Жаңгактын</u> <u>жалбырагы</u> менен кабыгы канды токтотуу үчүн колдонулат. Жаңгактын майы ар түрдүү <u>жараны</u> <u>айыктырат</u>. Жаңгактын <u>ширеси</u> <u>ашказанга</u> жана <u>бөйрөккө</u> пайдалуу.

**302.** Ырды окуп, маанисин айтып бергиле. Кара тамга белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

**Арчалуу** жашыл улуу төрдү,
Көздөй тунук **Ысык-Көлдү,**
Сактап калсак ыйык тутуп,
Болбойт беле өтө жөндүү.

Аябадык **арча талды,**
Аябадык **жандыктарды.**
Булгадык го мөл булакты,
Сууга таштап калдыктарды.

**Соолуп** барат көлүбүз да,
Такыр болду **чөлүбүз** да.
Булганабыз минте берсек,
**Калдыктарга** өзүбүз да.

## § 60. Тубаса жана туунду сөздөр.

!




📖**303.** Текстти окуп, тубаса жана туунду сөздөрдү тапкыла. Туунду сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Эгер сиз бермет ташынан жасалган зергер буюмдарын тагынып жүрсөңүз, ишиңизде жана турмушуңузда ийгиликке өбөлгө болот. Үйүңүзгө бакыт алып келет. Бермет ташын тагынып жүргөн ээси кокус каза болуп калса, бермет ташы өңүн өзгөртүп жиберет.

*Асыл таштардын биз билбеген сырлары*

### Кеп маданияты.

Кыргыз тилинде сөз жасоодо эки жол колдонулат. Алар –морфологиялык жол жана синтаксистик жол.

Эгерде берилген сөз башка сөздөн мүчөлөрдүн жардамы менен жасалса, морфологиялык жол деп аталат. Кыргыз тилинде туунду сөздөрдүн көпчүлүгү ушул жол

аркылуу жасалат. Мисалы: малчы, пахтакер, балтала, тузда, сырда, атчан, алгыр, өткүр ж.б.

Эгерде жаңы сөз эки же андан көп сөздү кошуу аркылуу жасалса, мындай жол синтасистик жол деп аталат. Мисалы: ат кулак, темир жол, жибек курт, кол чатыр, кайгы-капа, жер-суу ж.б.

✍**304.** Морфологиялык жол менен жасалган сөздөрдү өзүнчө, синтаксистик жол менен жасалган сөздөрдү өзүнчө бөлүп жазгыла.

Жумушчу, кооздо, ата-эне, айыл-кыштак, суучул, билим, айыл чарба, чалгы, бөлүм, кара тору, көрүн, тизил, алп кара куш, жылкычы чымчык, дыйканчылык, мал базар.

📖**305.** Берилген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Кандай жол менен жасалган сөз экендигин түшүндүргүлө.

Бул ырым жүрөгүмө баткан тамга,
Бул ырым кубат болор мендей жанга.
Калдайган туман курчап жазып жатам,
Калемди жүрөктөгү малып канга.

*Мезгил жана Алыкул*

📖**306.** Текстти окуп, белгиленген сөздөрдүн кандай жол менен жасалганын айтып бергиле.

Илгертен эле кыргыз элинде той-тамашаларда ат чабуу, улак тартуу, балбан күрөш, эр эңиш өңдүү толуп жаткан оюн-зооктор менен катар акындарды айтыштыруу да кеңири жайылган. Мында эки ырчы акындык күчүн салыштырып, бири-бирин жеңүү максаты менен ырдашкан. Мындан тышкары, жаштардын арасында да өзүлөрүнүн чечендигин көрсөтүү үчүн сөз оюндары ойнолгон. Сөз оюндарына макал, ылакап, табышмак, жаңылмач, калп, акыйнектер кирет.

**307.** Табышмактарды окуп, жообун тапкыла, белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн кайсы түрү экенин айтып бергиле.

Көшөгө чакан, көп нерсе баткан. Нурдан түшкөн сүрөт, сансыз элес берет, үйдөн чыккан эл дүйнө жүзүн көрөт.

Кыдыракей короом бар
Кызыл «кушту» кайтарган
Отуз эки чором бар.

3. Жеңил, көзгө көрүнбөйт
Бөлө чапсаң бөлүнбөйт.
Сууга окшоп төгүлбөйт.

**308.** Текстти окуп, сөз өзгөртүүчү мүчө уланган сөздөрдү таап, көчүргүлө.



**Комуз**–элибиздин музыкалык аспаптарынын ичинен эң байыркысы. Анын үнү–мукам, назик. Комуз–угуучулар арасында эң кеңири тараган аспап. Бул аспап өрүктөн, алмуруттан, жапайы жыгачтардан: карагай, арча, талдардан жасалат. Ал эми кылдары болсо, койдун ичегисинен кургатылып даярдалат. Музыкалык маданиятыбызда комуздун күүлөрүн элибиз урматтап угушкан.

Комуз күүлөрүндө: элибиздин бүткүл турмушу, элге, жерге болгон сүйүүсү, эрдиги, эмгекчилдиги, тилеги, кубанычы жана кайгы-капасы камтылган.

## § 61. Сөздүн курамдык бөлүгү боюнча талдоо.

!

унгу, мүчөгө ажыратып, мүнөздүү белгилерин аныктоо;
мүчөнүн түрлөрүн жана өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү;
тубаса же туунду сөз экенин айтуу, сөз жасоонун кайсы жолу экенин аныктоо.

***Оозеки талдоонун үлгүсү:***

Эненин мээрими күндөн жылуу.

Эненин деген сөздөн уңгусу –эне - зат атооч.

Мүчөсү: -нин: илик жөндөмөсүнүн мүчөсү, сөз өзгөртүүчү мүчө, себеби эне деген сөздүн лексикалык маанисин өзгөртө алган жок.

мээрими деген сөздүн уңгусу-мээрим-зат атооч.

-и: 3-жактын таандык мүчөсү, сөз өзгөртүүчү мүчө;

күндөн деген сөздүн уңгусу – күн - зат атооч.

-дөн: чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү, сөз өзгөртүүчү мүчө;

жылуу-деген сөз уңгу түрүндөгү сын атооч.

***Жазуу түрүндө талдоонун үлгүсү:***

Эне-нин мээрим-и күн-дөн жылуу.

**309.** Ырды көчүрүп, кара тамга менен басылган сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн кайсы түрү экенин түшүндүргүлө.

Ысык-Көл мынча тереңсиң,
Акактын өзү белемсиң?
Толкунуң кубат жаныма,
Көл эмес, ыйык энемсиң! *К.Б.*

**310.** Сүйлөмдөргө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө. Мүчөнүн түрлөрүн аныктагыла.

1. Акылдууга кеңеш айтсаң билет..
2. Акмакка кеңеш айтсаң күлөт.

3. Улуттун уюткусу, булагы- айылда.

***Үлгү***: Талаа-га сөз-дү эк-пе-й-т, үрөн-дү эг-е-т.


**311. Китебинен, амалкөй, кабаанак, экөө, уйкучул, нысапсыз, балтала, барам, таап, сүйлө, кыргызча, жайлата, биздикинен, атасын, максатың, мектептики, алтоо** деген сөздөрдү сөз составы боюнча талдагыла.


**312.** Тубаса жана туунду сөздөргө мисал келтиргиле.

## § 62. Сөз түркүмү, аны классификациялоодогу принциптер.

**!**

Грамматикадагы борбордук түшүнүктөрдүн бири - сөз түркүмдөрү болуп саналат. Ал сөздөрдү тилдеги табиятына ылайык чоң-чоң топторго бөлүштүрүү аркылуу белгиленет. Топторго бөлүштүрүүдө төмөнку принциптер жетекчиликке алынат.






Мындан тышкары кызматчы сөздөр (жандооч, байламта, бөлүкчө), тууранды сөздөр, сырдык сөздөр да сөз түркүмүнө кирет.

📖**313.** Текстти окуп, белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла, суроо берип, кайсы сөз түркүмү экенин аныктагыла.

**Чил**

Чил–көп жумуртка тууй турган канаттуунун бири. Кекиликтер да чил сыяктуу көп жумуртка тууйт. Чилдин мекияны тогуздан он жетиге чейин балапан чыгарат. Кышкысын ойго учуп түшүшөт. Аңызда калган дандарды, чөптүн уруктарын терип жешет. Мергенчи экөөбүз эгин айдалган аңыз менен келе жатканбыз. Кар тээп оттоп жүргөн чилдерди көрдүк.

*Жаныбарлар дүйнөсү*

📖**314.** Маани берүүчү сөз түркүмдөрүн атагыла. Мисалдар келтиргиле. Эмне үчүн маани берүүчү сөздөргө кирерин түшүндүргүлө.

📖**315.** Жандооч, байламта, бөлүкчөлөр эмне үчүн маани бербөөчү сөздөргө кирерин айтып бергиле.

📖✍**316.** Текстти окуп, маани берүүчү жана кызматчы сөздөрдү өзүнчө ажыраткыла.



**Нооруз** – бул бүткүл мусулман элинин жаңы жыл майрамы. Аны 2000 жылдан ашуун убакыттан бери 21-мартта тосушкан. Жаңы жылга карата жаңы кийимдерди даярдашкан.
Ар бир адам эң даамдуу, эң сыйлуу тамак-ашын Ноорузга арнаган. Жаңы жылга карата даярдалган тамактардын ичинен өтө сыйлуусу, өтө ширелүүсү сүмөлөк менен көжө болгон. Сүмөлөктү өнүп калган буудайдын данынан жасашкан. Нооруз күнү ар бир үйдө арча түтөтүлүп, куран окутулган.

📖**317.** Окуп маанисин түшүндүргүлө. Асты сызылган сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыраткыла.

Убакыт алтындан кымбат.
Текке кеткен бир саатты жыл бою кууп жетпейсиң.
Акыл айга жеткирет, өнөр көккө жеткирет.
Айтуучусу мыкты болсо, угуучусу көсөм болот.
Алгыр кушту тумшугунан, адамды сөзүнөн билет.
Жылуу сөз жүрөктү жибитет.

📖**318.** Текстти окуп, белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн кайсы түрү экенин айтып бергиле.

Жаңгактын жалбырагы менен кабыгы канды токтотуу үчүн пайдаланат. Жаңгактын майы ар түрдүү жараны айыктырат. Жаңгактын ширеси ашказанга жана бөйрөккө пайдалуу.

Ал эми лимондун майы мээ тамырлары чарчаганда пайдалуу. Ошондой эле сарык ооруга жана кыямы өпкө менен тамакка да жакшы.

*Пайдалуу кеңештер*

## § 63. Зат атооч

?

- Зат атооч деген эмне?
- Ал кандай суроолорго жооп берет?
- Зат атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө?
- Китеп, окуучу, тоо, гүл деген сөздөрдү эмне үчүн зат атооч дейбиз?

### Зат атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү

!

Зат атоочтун төмөнкүдөй белгилери бар:
лексикалык: заттын атын атап көрсөтөт;
морфологиялык: жөндөлөт, сан, таандык категориялар менен өзгөрөт, айрымдары жакталат;
синтаксистик: сүйлөмдө баш жана айкындооч мүчөлөрүнүн милдетин аткарат. Мындан тышкары атама сүйлөм жана каратма сөз боло алышат.

**319.** Берилген суроолорго жооп берүүчү зат атооч сөздөргө мисал келтиргиле.

| | |
|---|---|
| Ким? | Эмне? |
| Кимдер? | Эмнелер? |
| Кимиси? | Эмнеси? |

**320.** Табышмактын жообун тап, зат атооч сөздөргө кандай мүчө уланган?

1. Бир жерден сүйлөп, миң жерге угулат.
2. Ийнеси жок, жиби жок, терезеге сайма саят.
3. Түндө бар, күндө жок, асманда бар, жерде жерде жок.

**321.** –чы, -ма, -кана, -ым деген мүчөлөрдү улап, сөздөр тапкыла. Сөздү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Кандай мүчө уланды?

**322.** Тексттеги зат атооч сөздөрдү таап, уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Чиркейдин 100гө жакын көзү бар. Алар башынын үстүндө жайгашып, чоң жарым шар формасында болуп, торчолорго бөлүнүп турат. Бирок, аларда кулак жок. Анын ордуна башындагы түктүү мурутчалары угуу кызматын аткарат. Көбүнчө эркектери ургаачыларын канат серпүүсүнөн чыккан үндөн улам табат. Эң кызыгы – эркек жана ургаачы чиркейлердин канат серпүү жыштыгы эки башка.

*Жандыктардын биз билбеген сырлары*

**323.** Табышмактарды окуп, жандырмагын тапкыла. Алар кандай жазылат? Эмне **ү**чүн?

Көркөмү көңүл байлаган,
Атын алган дайрадан,
Кайсы экенин таппасаң,
Картаны кара кайрадан.

Баш жагында «О» су бар,
Ортосунда тоосу бар.
Тапкылача ойлонуп,
Татынакай кайсы шаар? *(Ж. Б.)*

**324.** Зат атоочту таап, анын сүйлөмдө аткарган кызматын аныктагыла.

Ала-Тоо бүгүн кулпунду. Жеңиштин туусун жогору көтөрөбүз. Адам ойго тойбойт. Мен быйыл Ысык-Көлдө эс алам. Үйдөгү сыйлуу адам–чоң атам. Улуттун уюткусу, булагы–айылда.

**325.** Төмөнкү сөздөрдү жөндөгүлө жана уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Мектеп, бала, эне, дос, келечек, торгой, көл, сабак, тоо.

**326.** Берилген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажырткыла. Мүчөнүн кайсы түрү экенин айтып бергиле.

Окуучумун, апамын, окуучусуң, апасыз, эжемин, эжесиң, чоң энебиз, доссуз, мугаliммин, эжейсиз.

**327.** Зат атооч ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч жана бышыктоочтук милдет аткаргандай кылып сүйлөм түзгүлө.

? *Өзүн-өзү текшерүүчү суроолор:*

1. Зат атоочтун лексикалык белгиси кайсы?
2. Зат атооч сөздөрдүн баары тең жакталабы же жакталбайбы? Мисал келтиргиле.
3. Таандык мүчө уланган зат атоочтордон бир нечени тапкыла?
4. Зат атоочтор сүйлөмдө кандай милдет аткарат? Мисал келтиргиле.
5. Зат атоочтун морфологиялык белгилери кайсылар?
6. Зат атоочтун синтаксистик белгисичи?

## § 64. Жөнөкөй жана татаал зат атоочтор.

!

Зат атоочтор түзүлүшүнө карай **жөнөкөй** жана **татаал** болуп бөлүнөт.

Жөнөкөй зат атооч бир гана сөздөн, татаал зат атооч эки же андан көп сөздөн түзүлүп, лексикалык бир түшүнүктү билдирет.

**328.** Ырды окуп, зат атооч сөздөрдү тапкыла. Үлгү боюнча зат атоочко мүнөздөмө бергиле.

***Үлгү*:**

Эмненин атын билдирди?
Кандай суроого жооп берди?
Түзүлүшүнө карай: жөнөкөйбү же татаалбы?
Кандай жазыларын түшүндүргүлө.

Керилген чалкак-чалкак, кең Тян-Шань,
Жыргаган Ала-Тоо элиң да шаң.
Ысык-Көл, Ысык-Ата, Жалал-Абад,
Ырааттуу туш-тушуң баары арашан. *(К. А.)*

📖**329.** Тамсилди окуп, белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн кайсы түрү экенин ажыраткыла.

**Түлкү менен жүзүм.**

Бир күнү түлкү бакка барды. Бактан ал бышкан жүзүмдү көрдү. Түлкү жүзүмгө жете албады, анткени жүзүм өтө бийик турган эле. Жүзүмдүн айланасында көпкө жүрдү да, акыры жете албай койгонуна ичи күйүп:
- Жүзүм али быша элек турбайбы, - деп бактан чыгып кетти.

✍**330.** Жөнөкөй жана татаал сөздөрдү өз-өзүнчө бөлүп жазгыла.

Көз айнек, асман, орун басар, Жети-Өгүз, Ак-Дөбө, көк кытан, куш, Коңур-Өлөң, ата-эне, бала, күн-түн, дем алыш, бака жалбырак, газета, окуучу, Семиз-Бел, тынчтык, чогулуш, күн, ак куу, жети ата, таш көмүр, достук, күн карама, жаан.

📖**331.** Текстти окуп, белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн кайсы түрү экенин айтып бергиле.

Ар бир эл өз өнөрүнүн өзгөчөлүгүнө,талант, шыгына жараша дүйнөлүк маданий казынага өз салымдарын кошуп келген. Өз кезегинде кыргыз эли дагы көлөмү жана мазмунунун байлыгы жагынан ааламда эч теңдеши жок керемет чыгарма – «Манас» эпосун жаратып, ошол дүйнөлүк маданий казынаны байыткан.

«Манас» эпосу – кыргыз элинин бабалардан калган ата мурасы, улуттук сыймыгы, руханий маданиятынын туу чокусу. Ал – кылымдар бою муундан-муунга оозеки

түрүндө өтүп, сакталып келген, ыр түрүндөгү улуу чыгарма. Адатта, аны океан эпос деп аташат.

*«Манас» энциклопедиясы*

**332.** Текстти окуп, зат атоочторду тапкыла. Аларды уңгу, мүчөгө ажыратып, мүчөнүн кайсы түрү экенин айтып бергиле.

### Акыл оюндары

Илгертен эле кыргыз элинде той – тамашаларда ат чабуу, улак тартуу, балбан күрөш, эр эңиш өндүү ж.б. толуп жаткан оюн-зоoктор менен катар акындарды айтыштыруу да кеңири жайылган. Мында эки ырчы акындык күчүн салыштырып, бирин-бири жеңүү максаты менен ырдашкан. Мындан тышкары, жаштардын арасында да өзүлөрүнүн чечендигин көрсөтүү үчүн сөз оюндары ойнолгон. Сөз оюндарына макал, ылакап, табышмак, жаңылмач, калп, акыйнектер кирет.

**333.** Жөнөкөй жана татаал зат атоочторду катыштырып сүйлөмдөр түзгүлө.

**334.** Көп чекиттин ордуна ылайыктуу сөздөрдү коюп көчүрүп жазгыла.

Ар бир адамдын ….. сапаттары бар. Улуттук оодарыш оюнуна ….. жигиттер катыша алашат. Тойдо …  … – баары, …. кенен болот. Сайкал быйыл жайында Ысык-Көлгө ….. менен барып келди. Идиш-аяк дүкөнүнүн көргөзмөсүнөн …. түрлөрүн тандап алууга болот. Көчөдөн майда балдардын …..үндөрү угулуп жатты.

(Алдуу-күчтүү, ыжы-кыжы, алма-өрүк, коон-дарбыз, жакшы-жаман, чыны-аяк, улуу-кичүү, кары-жаш, бала-бакыра)

## § 65. Зат атоочтун жасалышы.

!




📖**335.** Сөз жасоочу мүчө уланган сөздөрдөн таап, аны уңгу мүчөгө ажыраткыла. Эмне үчүн сөз жасоочу мүчө экенин түшүндүргүлө.

📖**336.** Сөз өзгөртүүчү мүчө уланган сөздөрдөн таап, аны уңгу  жана мүчөгө ажыраткыла. Эмне үчүн сөз өзгөртүүчү мүчө экенин түшүндүргүлө.

📖**337.** Сөз өзгөртүүчү  жана сөз жасоочу мүчөлөрдүн окшоштугун жана айырмачылыктарын айтып бергиле.

📖**338.** Берилген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Зат атоочтор кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгын айтып бергиле.

Аткана, бейтапкана, айылдаш, пикирлеш, достук, тазалык, көктүк, марттык, теңдик, уйкулук, үчүлүк, бадачы, сатуучу, токойчу, чоңдук, кампачы, чоорчу, акимчилик, жоокерчилик, кымбатчылык, асылкеч, зыянкеч, бычак, таяк, тешик, төшөк, турак, шыбак, ачыткы, тамызгы, баскыч, бакма, мүнөздөмө, үймөк, эгин.

**339.** Этиштен жасалган зат атооч сөздөрдөн тапкыла. Мүчөнүн кайсы түрү катышканын айтып бергиле.

**340.** Атооч сөздөрдөн жасалган зат атоочторго мисал келтиргиле. Мүчөнүн кайсы түрү катышканын аныктагыла**.**

**341.** Текстти окуп, зат атоочторду таап, уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн кайсы түрү катышканын айтып бергиле.

**Янтарь ташы.**

Янтарь ташы ден-соолукка пайдасы чоң. Башка баалуу таштардан айырмаланып, наристенин башына коюп, же жогору жагына илип койсоңуз уйкудан сактайт. Янтарь ташын боюнда бар аялдар тагынып жүрсө, жеңил төрөйт. Зоб дартына чалдыгып калсаңыз, анда янтарь ташын мойнуңузга тагынып жүрүңүз. Дартыңызга даба болот.

*Таштардын биз билбеген сырлары*

**342.** Синтаксистик жол менен жасалган зат атоочтордон тапкыла. Алардын жазылышындагы өзгөчөлүктү түшүндүргүлө**.**

? *Өзүн-өзү текшерген суроолор:*

Зат атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы дегенди кандай түшүнөсүң?

Синтаксистик жол менен жасалышына мисал келтиргиле.

Уңгуга сөз жасоочу мүчөнүн уланышынан пайда болгон зат атоочтор кандай жол менен жасалган деп ойлойсуңар?

## § 66. Энчилүү жана жалпы зат атоочтор.

!

Бардык зат атооч сөздөр заттарды атоо касиети боюнча энчилүү жана жалпы аттар болуп экиге бөлүнөт.
Жалпы аттар бир тектеги заттарды, жан-жаныбарларды жалпы жонунан атайт: киши, бала, небере, карышкыр, китеп, ыр, кыштак, шаар.
Энчилүү аттар бир тектеш заттардын, жан-жаныбарлардын ичинен бирөөнү бөлүп көрсөтөт. Башкача айтканда, затка, жаныбарга, көбүнчө адамга энчиленип коюлат.
Энчилүү зат атоочторго адамдардын, жер-суунун, адабий чыгармалардын, тарыхый чыгармалардын, жаныбарлардын аттары жана географиялык аттар да кирет.

**343.** Текстти окуп, энчилүү жана жалпы зат атоочторду тапкыла.

«Сейтек» - даңазалуу «Манасты» бардык жагынан жыйынтыктаган бөлүгү. Сейтек атасы Семетей сыяктуу эле бөтөн жерде, Кыяздын үйүндө, туулуп өсөт. Анын алгачкы максаты да ата-бабасынын жерине жетүү үчүн жүргүзгөн күрөштөрүнөн турат. Сейтек он эки жашка чыкканда, атасы Семетей экендигин угуп, анын душмандарына өч алууга киришет. Өз жери Таласка келип, чоң энеси Каныкейге, бабасы Бакайга жолугат. Элди эркиндикке чыгарат. Бакай, Каныкей, Күлчоро, Айчүрөк кайып болуп кетишет.

*«Манас» энциклопедиясы*

**344.** Өзүңөр билген шаарлардын, айыл-кыштактардын аттарын жазгыла.

**345.** Өзүңөр жактырган акын-жазуучулардын аттарын жазгыла.

**346.** Текстти окуп, энчилүү зат атоочторду тапкыла.

Кытайда «Манас» дайрасы жана шаары бар. Индияда «Манас» кичи эпосу бар. Галилей библиясында Манасия падышачылыгы бар. Венгрияда Манас айылы жайгашкан.

Крымда «Манас» жарым аралы орун алган. Кореяда Манас булуңу, Бутанда Манас дарыясы, Жапонияда Семетей шаары бар. Испания жана Латын Америкада Манас атындагы шаар бар.

**347.** Текстти көчүрүп жазып, энчилүү зат атоочторду тапкыла.

Биздин жаратылыш кооз жана жарашыктуу. Тоолорубуздагы Сары-Челек, Соң-Көл, Чатыр-Көл деген көлдөрдүн суулары тунук. Борбор шаарыбыз–Бишкек. Республикабыз 7 областтан турат: Ош, Талас, Ысык-Көл, Жалал-Абад, Чүй, Нарын, Баткен.

**348.** **Ө**зүңөрдүн өмүр баяныңарды (качан, кайда, областы, шаары, району, айылын) жазгыла. Ата-энеңер, бир туугандарыңар тууралуу аты-жөнүн көрсөтүп, маалымат бергиле.

## § 67. Энчилүү аттардын жазылышы.

**!**

Жазууда энчилүү аттар менен жалпы аттар бири- биринен айырмаланышат. Энчилүү аттар сүйлөмдүн кайсы жерине келбесин (башына, ортосуна, аягына) дайыма баш тамга менен жазылат.

Географиялык татаал энчилүү аттар өз өзүнчө жазылат: Ала-Арча, Ала-Бука, Ак-Талаа, Ысык-Көл, Ысык-Ата, Көк - Жаңгак, Кара-Балта.

Географиялык жөнөкөй энчилүү аттар баш тамга менен жазылат: Алай, Сокулук, Каракол, Нарын, Тоң ж.б.

Географиялык энчилүү аттарга ошол жердик экендигин туюнтуучу -лык мүчөсү уланып айтылса, ал сөз кичине тамга менен жазылат: Ысык-Көл // ысык-көлдүк, Нарын // нарындык ж.б.

Китеп, журнал, газета, сүрөт, күү, кино, ж.б. аттары баш тамга менен жазылып, тырмакчага алынат.

**349.** Текстти окуп, энчилүү аттарды атагыла. Алар эмненин атын билдиргенин жана кандай жазылганын түшүндүргүлө.

Саякбай Каралаев өмүрүнүн 60 жылын «Манаска» арнап, «Манас» эпосунун үч бөлүмүн толук жаздырууда тоодой эмгек кылган. Алп манасчы С. Каралаев «XX кылымдын Гомери» деп аталган. Башка манасчылар сыяктуу эле С. Каралаев да өзүнүн манасчылык кесибин «Манас» эпосундагы каармандарды түш көрүү менен баштайт. Саякбайдын түшүнө Манас эки жолу кирет. Ал гана эмес Каныкей, Бакай, Алманбеттер менен сүйлөшкөн. Ушундан кийин Саякбай Манас айта баштаган.

Саякбай Каралаев Ысык-Көлдөгү Ак-Өлөңдүн Семиз-Белинде туулган. Манасчынын балалык күндөрү ошол айылда өткөн.

**350.** Көчүрүп жазып, зат атоочторду тапкыла. Алардын сүйлөмдөгү аткарган кызматын аныктагыла.

Көңүлдүн көпүрөсү–тил. Кекчилдин кеги бүтпөйт. Оройлук олуяга да жарашпайт. Акылы тунуктун сөзү–айкын. Туура сөз таяктан катуу тиет. Тил адамдын даңкын чыгарат. Туура сөз тууганга жакпайт.

**351.** Текстти окуп, энчилүү аттарды атагыла. Алардын кандай жазылганын түшүндүргүлө жана уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Тарыхый эстеликтер өткөн замандагы турмушту баяндайт. Таластагы Манастын күмбөзү, Оштогу Бабырдын үйү, Ат-Башыдагы Таш-Рабат, Кошой-Коргон, Ала-Букадагы Шах-Фазилдин күмбөзү, Өзгөндөгү жана Токмок шаарынын жанындагы мунаралар өткөн замандан калган эстелик болуп эсептелет.

**352.** Текстти окуп, энчилүү зат атоочторду көчүрүп жазгыла. Алардын жазылышын айтып бергиле.

Жалал-Абад шаарынын чет жагында Аюу тоо деген тоо бар. Алыстан караганда бул тоо жерди кучактап жаткан аюуну элестетет. Тоодо Жалал-Абад курорту бар. Курорттогу Кыз булак, Аюу булак, Жаңы булак, Узун

жылга, Чаңгыр таш, Шор булак  деген булактардан дары суулар агып чыгып турат. Бул жерге ар тараптан элдер келип, дары суудан ичип, сакайып кетишет.

**353.** Өзүңөр жашаган аймактагы жер-суу, кыштоонун, шаарлардын аттарын жазып келгиле. Алардын жазылышын түшүндүргүлө.

## Зат атоочтун сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрүшү.

### § 68. Зат атоочтун көптүк санда өзгөрүшү.

!




Эгин, май, кум, эл ж.б. сөздөр да көптүк маанини берет.

**354.** Текстти көчүрүп жазгыла. Көптүк сандагы зат атоочту таап, уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Бардык жерлерде элдер эмгектенип жашайт. Эмгексиз жашоо жок. Бир жерде жашылча-жемиштерди өстүрүшөт. Кай бири эгин айдашат. Ал эми шаарларда, завод-фабрикалар, ишканалар, базарлар бар. Адамдар ар кандай кесипте эмгектенишет.

**355.** Текстти окуп, көптүк сандагы зат атоочторду тапкыла. Алар кайсы мүчөнүн жардамы менен уюшулганын жана кандай вариантта өзгөргөнүн айтып бергиле.

Кара чыйырчыктар алыс жактардан учуп келишти. Тоолордун, талаалардын, деңиздердин үстүнө учуп өтүп абдан чарчашат. Аларга чек ара жок, кайда болсо, кете беришет. Бирок кара чыйырчыктар туулуп-өскөн жерлерин унутушпайт.

**356.** -лар мүчөсү кандай учурда -дар, -тар формаларына өтөрүн түшүндүрүп, мисалдар келтиргиле.

**357.** Төмөнкү сөздөрдү көптүк санда өзгөрткүлө. Көптүк сандын -лар мүчөсү кандай вариантта өзгөрдү? Эмне үчүн?

Окуучу, мугалим, мектеп, көл, тоо, эл, стол, көчө, машина, дос, тууган, эже, терек, доска, бор, мелдеш, концерт.

## § 69. Таандык мүчөлөр, алардын түрлөрү.

!

Затты үч жактын бирине таандык кылып көрсөткөн мүчөлөр таандык мүчөлөр деп аталат.
Мааниси жагынан таандык мүчөлөр жак таандык мүчө жана жалпы таандык мүчөлөр деп экиге бөлүнөт. Мисалы: I дос+**ым** = менин дос**ум**
II дос +**ың** = сенин дос**уң**
III дос +**у** = анын дос**у**
Таандык мүчө сөз өзгөртүүчү мүчөлөргө кирет. Эмне үчүн?

📖**358.** Китеп, үй, тоо, гүл деген сөздөрдү таандык мүчөлөр менен өзгөрткүлө.

📖**359.** Ырды окуп, белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн кайсы түрү экенин айтып бергиле.

Эне тилим–энем, элим–уюткум.
Тунук болсом, тилим менен тунукмун.
Улук болсом, тилим менен улукмун.
Улут болсом, тилим менен улутмун.
Анткени тил - ар улуттун улуулугун аныктар,
Паспорту да, мандаты да, метиркасы улуттун (Э.И.).

**?**

Жак мүчө менен таандык мүчөнү кантип айырмалоого болот?

📖**360.** Ырды окуп, маанисин түшүндүргүлө жана таандык мүчөлөр катышкан сөздөрдөн тапкыла. Кайсы жактын таандык мүчөсү экенин айтып бергиле.

Эне тилим, эне сүтүм таалайым,
Ачык турган ак калпагым маанайым.
Кылымдардан кылымдарга кыярбай,
Сен өркүндөп өсүшүңдү каалаймын. (С.Ж.)

## § 70. Жак таандык мүчөлөр

**!**

Үнсүз тыбыш менен бүткөн сөзгө таандык мүчө уланганда, мүчөнүн башындагы үндүү тыбыш сакталат:

ат + **ым** = ат**ым**

ат + **ың** =ат**ың**

ат + **ы** – ат**ы**

Үндүү менен бүткөн сөзгө I, II жактын таандык мүчөлөрү уланганда, мүчөнүн башындагы үндүү тыбыш түшүп калат:

тоо + **ым** = тоо**м**


тоо + **ың** = тооң

Үндүү менен бүткөн сөзгө III жактын таандык мүчөсү – ы уланганда, ал – сы мүчөсүнө өтөт:

бала + **ы** = бала**сы**

эне +**ы** = эне**си**

Жакчыл таандык мүчөлөр жекелик, көптүк санда колдонулушат жана ар түрдүү вариантта өзгөрөт:




**361.** Төмөнкү сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып жазгыла. Кайсы мүчөлөр уланганын айтып бергиле.

Мугалимим, апам, гүлүм, китебибиз, тообуз, көлүбүз, ручкам, дептерим, досубуз, атабыз, эжебиз, мектебим, досум, максатым.

**362.** Текстти окуп, белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Алп таш бака жылуу деңиздерде жашайт. Алардын бири Франциянын Атлантика жээгинен кармалган. Вандея департаментиндеги Сабль шаарынын балыкчылары калканынын диаметри 2,5 метр, салмагы 400 кг келген ташбаканы колго түшүрүшкөн. Ал таш бака 400 жашта экен.

**363.** Ырды окуп, маанисин айтып бергиле жана белгиленген сөздөргө сөз составы боюнча талдоо жүргүзгүлө.

Бирге жүрөм, эне тилим кадырлайм
Бул тил менен иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм.
Башка тилди жандан жакшы көрсөм да,
Эне тилим, сүйгөнүмдөн жаңылбайм (А.О.).

**364.** **Эне, бала, окуучу** деген сөздөрдү таандык мүчөлөр менен өзгөрткүлө. Сөздү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

**365.** Таандык мүчө уланган зат атоочторду таап, көчүргүлө.

Ооздун көркү–тил, тилдин көркү–сөз. Ачуу тил–жыландын заары, таттуу тил–жүрөккө дары. Аталардын сөзү–акылдын өзү. Кемчилигиңди айткан адамды жаман көрбө. Тилиңди таза тутам десең, дилиңди таза тут. Абийириң төгүлгөн жерге акыл айтпа.

**365.** Ырды окуп, таандык мүчө уланган сөздөрдү көчүрүп жазгыла. Аларды уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Эне тилим сырын ачты дүйнөнүн,
Эне тилим башка тилди үйрөттү.
Эне тилсиз тааныр белем жеримди
Эне тилсиз тааныр белем элимди.

Ананайын куурчагым
Огороддо буурчагың.
Терип жейли жүрөгой
Ачып кетти курсагың.

## § 71. Таандык мүчөнүн сылык түрү.

!

Таандык мүчөлөр сылык формада да колдонулат.
Үндүү менен бүткөн сөзгө таандык мүчөнүн сылык түрү уланганда, мүчөнүн башындагы үндүү тыбыш түшүп калат:
*бала* + ***ыңыз*** = *бала**ңыз***
*суу* + ***ыңыз*** = *суу**ңуз***
Үнсүз менен бүткөн сөзгө таандык мүчөнүн сылык түрү уланганда, мүчөнүн башындагы үндүү тыбыш сакталат:
*ат* + *ыңыз* = *ат**ыңыз***
*китеп* + *ыңыз* = *китеб**иңиз***

| Сөздүн акыркы тыбышы | Таандык мүчөлөр | | формасы |
|---|---|---|---|
| | Жекелик сан | Көптүк сан | |
| Үндүү болсо | -ныз, -низ, -нуз, -нүз | -ныздар,-нүздөр, -нуздар,-низдер | II жак *(сылык)* |
| Үнсүз болсо | -ыңыз,-иниз, -уңуз, -үнүз | -ыңыздар, -үнүздөр, -үнуздар, -иниздер | II жак *(сылык)* |

**366.** Берилген сөздөргө таандык мүчөнүн сылык түрүн улап, сүйлөмдөр түзгүлө. Таандык мүчө уланган сөздү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Максат, окуучу, көл, ата-энелер, балдар, эмгек, акыл-насаат.

**367.** Текстти окуп, белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн кайсы түрү экенин айтып бергиле.

Балдарыңыздарды сууда сүзүүгө жана ок атууга үйрөтүңүздөр. Кыздарыңыздардын үйдө тигүү, бычуу иштери менен алектенгени жакшы. Эгер ата-эне бирдей чакырып калса, алгач энеге жооп кыл.

Падышаларыңыз жакшы болуп, байларыңыз берешен жана иштериңиз түзүк болсо, сиздер үчүн жердин астынан көрө үстү абзел (Х.К.).

**368.** Таандык мүчөлөр уланган сөздөрдөн таап жазгыла. Уңгунун лексикалык мааниси өзгөрдүбү?

## § 72. Жалпы таандык мүчө.

!

Жалпы таандык мүчө сан жана жак менен байланыштуу маанилерди билдирбейт. Жөн гана таандык катыштын бар экендигин туюндурат.
Жалпы таандык мүчөнүн төмөнкүдөй варианттары бар:
-үндүүлөрдөн кийин: -ныкы, -ники, -нуку, -нүкү.
*(устаныкы, төөнүкү)*
-жумшак үнсүздөрдөн кийин: -дыкы, -дики, -дүкү, -дуку
*(Асандыкы, үйдүкү)*
-каткалаң үнсүздөрдөн кийин: -тыкы, -тики, -туку, -түкү
*(мектептики, бактыкы)*

📖 **369.** Сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн кайсы түрү экенин айтып бергиле.

Атым, досуң, гүлү, үйүбүз, элдики, көлүбүз, тоонуку, балдарыңыздар, энеңиз, китеби, максатың, кошунаң, сабагыңыз, атаңдыкы, мектептики, келечегиң.

**?**

| |
|---|
| 1. - жак таандык мүчө менен жалпы таандык мүчө уңгунун лексикалык маанисин өзгөртө алабы?<br>2. - жаңы сөз жасайбы?<br>3. - анда кандай мүчөгө кирет деп ойлойсуң? |

📖 **370.** -ныкы, -дыкы, -тыкы формасына кандай учурда өтөрүн түшүндүргүлө жана ар бир вариантына мисал келтиргиле.

📖 **371.** Жалпы таандык мүчө уланган зат атоочторду таап, уңгу, мүчөгө бөлгүлө. Мүчөнүн кандай варианта өзгөргөнүн, анын себебин түшүндүргүлө.

**Ар нерсенин пири бар, колдоочусун билип ал.**

Дыйкандын пири–Баба Дыйкан, бакыттын пири–Кыдыр Ильяз, акындыкы–Асан Шайыр, секелек сары кыз, куштуку–Буудайык, иттики–Кумайык, суунун пири–Сулайман, койдуку–Чолпон Ата, уйдуку–Заңги Баба, жылкыныкы–Камбар ата, төөнүкү–Ойсул ата, эчкиники–Шыйпаң ата, баланыкы–Умай Эне, жигиттики–Шаймерден (кырк чилтен), устаныкы–Дөөтү, табыптыкы –Улукман, кийиктики–Кайберен.

*Пири - колдоочусу*

✍ **372.** Кашаадагы сөздөргө таандык мүчөлөрдү улап, кашаадан чыгарып жазгыла.

Менин досумдун (кесип)–журналист. Ал бизди өзүнүн (үй) конокко чакырды. Бүгүн анын (туулган күн). Бүгүн филармонияда «Кыял» эстрада тобунун (концерт) болот.

Анын репертуарында кыргыз элинин (ырлар) жана (бийлер) бар. Бул жоолук (апам). Атам атын минип (байкем) бастырды. Бул буюмдар (чоң эне).

**373.** Жалпы таандык мүчө уланган зат атоочторду катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө**.**

**374.** Текстти окуп, зат атоочторду көчүрүп жазгыла жана уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн кайсы түрү экенинин айтып бергиле?

Сиздер адамдарды короо-короо мал, эсеби жок дүнүйөңүздөр менен канаттандыра албайсыздар, балким, жаркын маанайыңыздар, жакшы пейилиңиздер менен ыраазы кылышыңыздар мүмкүн. Жакшылыктын эң мыктысы–атасынын көзү өткөндөн кийин да, анын достору менен байланышта болуу.

*Залкар ойлор*

## § 73. Зат атоочтун жакталышы

**!**

Зат атоочтун жак мүчөлөр менен өзгөрүшү жакталыш деп аталат.

Бардык эле зат атоочтор жактала бербейт, тууганчылыкка, кесипке байланыштуу зат атоочтор жакталат.

*М: Мен мугалим**мин**.*

*Сен окуучу**суң**.*

Жак мүчөлөр жана алардын өзгөрүшү.

| **жак** | **жекелик сан** | **көптүк сан** |
|---|---|---|
| 1-жак | -мын, -мин, -мун, -мүн | -быз, -биз, -буз, -бүз, -пыз, -пиз, -пуз, -пүз. |
| 2-жак | -сың, -сиң, -суң, -сүң | -сыңар, -сиңер, -суңар, -сүңөр |
| 2-жак *(сылык түрү)* | -сыз, -сиз, -суз, -сүз | -сыздар, -суздар, -сүздөр, -сиздер |
| 3-жак | - | - |

📖 **375.** **Дос, малчы, ырчы, окуучу** деген сөздөрдү жак мүчөлөр менен өзгөрткүлө.

📖 **376.** Ырды окуп, жак мүчө уланган зат атоочторду тапкыла. Аларды уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

1. Тарбиялуу кыздарбыз
   Тартиби бар кыздарбыз.
   Арбын билим алууга
   Ар кимибиз куштарбыз.

2. Өсүп турган талабым
   Мен кичине баламын.
   Мерседесте чалкалап
   Айдаганды самадым

*(Т.К.)*

📖 **377.** Сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн кайсы түрү экенин айтып бергиле.

Классташмын, классташым, досмун, досум, апаң, апаңыз, эненики, көлүң, максаты, китебиң, баламдыкын, сабагым, китебиң, каты, оюну, атасы, мугалимсиң, окуучубуз.

**?**

**- жак мүчө менен таандык мүчөнү кантип айырмалайсың?**

📖 **378.** Текстти окуп, белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Кыргыз эли өзүнүн <u>меймандостугу</u> менен белгилүү. Келген <u>меймандарды</u> <u>кучагын</u> жая тосуп алып, мейманды <u>төрүнө</u> отургузуп, <u>малды</u> союп, <u>дасторконун</u> кенен жайып сыйлашат. Дасторкондун үстүнө токоч, боорсок, каттама, каймак, май, өрүк, <u>мейиздерди</u> коюшат. Аягында <u>бешбармакты</u> тартышат. <u>Кыргыздардын</u> тамак берүү <u>салты</u> боюнча <u>меймандарга</u> бышырылган эт устукандалып берилет. <u>Этти</u> устукандоо <u>адамдардын</u> <u>жашына</u>, <u>урматына</u> жараша жүргүзүлөт.

## Кеп маданияты

📖 **379.** Кош сөз түрүндөгү зат атоочтордун түгөйлөрүнүн туунду, же тубаса экендигин аныктагыла. Айтылышына жана жазылышына көңүл бургула.

Ата-эне, соода-сатык, кыз-жигит, үй-жай, аш-той, аң-сезим, ата-бала, атак-даңк, уруш-талаш, жыйым-терим, ага-ини.

📖 **380.** Берилген сөздөр жекелик санда турабы же көптүк санда деп ойлойсуңарбы? Эмне үчүн экенин түшүндүргүлө.

Жаан, чагылган, жарык, караңгы, асман, Ай, Күн, шамал, жел, бороон, жай, күз, жаз, кыш, январь, дүйшөмбү, жума, чыгармачылык, балалык, атак, акыл, бакыт, каармандык, марттык, кенендик, тазалык, сулуулук.

✍📖 **381.** Адам аттарынан уюшулган бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү түзгүлө. Аларга көптүк сандын –лар мүчөсү жалганган учурларынын жазылышын түшүндүргүлө.

📖 **382.** Таандык мүчөлүү сөз менен илик жөндөмөсүндөгү сөздү таап, кандай маани бар экенин айтып бергиле.

Эненин тили менен сүтү баланын өмүрүнүн ачкычы (А.Т.). Жаздын көркү жылдагыдан башкачараак (Ч.А.). Алыстан карышкырдын улуганы угула баштады (К.Б.). Маймылдын колу бутунан узун. Илбирстин тырмагы, карышкырдын тиши–курал. Чүйдүн талаасы миллиондогон мал жанды багып жатат.

✍📖 **383.** Мисалдарды өз ара салыштырып, суроолорун койгула, кандай өзгөчөлүктү байкадыңар? Сүйлөм түзүп, алардын аткарган милдетин аныктагыла.

| | |
|---|---|
| Эне мээрими | Эненин мээрими |
| казак талаасы | казактын талаасы |
| айыл адамдары | айылдын адамдары |
| мектеп ичи | мектептин ичи |
| балдар бакчасы | балдардын бакчасы |
| көл жээги | көлдүн жээги |

📖 **384.** Ырды окуп, маанисин түшүндүргүлө**.** Илик жөндөмөсүндөгү сөз менен таандык мүчөлүү сөздүн айкашын тапкыла. Экөөнүн ортосунда кандай маани бар экенин түшүндүргүлө.

Эне – ыйык,жашообуздун жарчысы,
Эне–дайра,биз булактын тамчысы.
Бешиктеги балтыр бешик баланын,
Эне–өзү, жүрөгүнүн жартысы *(А.А.).*

## § 74. Зат атоочту морфологиялык жактан талдоо

! **Талдоонун тартиби**:

1. Зат атооч кандай суроого жооп берет?
   Жөнөкөй, татаал түзүлүшү:
   Энчилүү же жалпы атпы?
2. Морфологиялык белгилери:
   Сөздүн уңгу мүчөсүн табуу: мүчөнүн кайсы түрү?
   Сөз жасоочубу, же сөз өзгөртүүчүбү?
3. Сүйлөмдөгү аткарган кызматын аныктоо.

***Талдоонун үлгүсү*** **Адамдын көркү – адеп.**:

***Оозеки талдоо***: Адамдын–зат атооч, жөнөкөй түзүлүштө, жалпы ат. Уңгусу–адам: мүчөсү: **-дын**, илик – жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн өзгөргөн варианты. Сөз өзгөртүүчү мүчө: сүйлөмдөгү аткарган кызматы – аныктооч. Көркү – зат атооч, жөнөкөй түзүлүштө, жалпы ат, эмнеси? деген суроого жооп берет. **–ү,** 3-жактын таандык мүчөсү, сөз өзгөртүүчү мүчө. Сүйлөмдөгү аткарган кызматы – ээ. Адеп - уңгу түрүндөгү зат атооч, сүйлөмдүн баяндоочу.

***Жазуу түрүндөгү талдоо:*** кимдин? эмнеси? эмне?
Адамдын көркү – адеп.

✍**385.** Көчүрүп жазып, зат атооч сөздөргө талдоо жүргүзгүлө.

Карганын баласы энесине аппак. Картайган даракты курт басат. Аракеттен адат жаралат. Кырсык жакшы кишини да чалат. Күн карама көлөкөнүн баркын билбейт.

📖 **386.** Төмөнкү сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн кайсы түрү экенин айтып бергиле.

Тамчысы, камчысы, чыгарманын, китебим, күчсүздүктүн, адилеттик, атасын, досум, курбубуз, окуучуларым, шаарыңар, үйүңүз.

📖 **387.** Сүйлөмдөрдү окуп, белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн кайсы түрү экенин айтып бергиле.

Айдана эжесиникине келди. Адам ойго тойбойт. Соодада достук жок. Бектурган атасына кат жазды. Жылкынын көркү - желеде. Жамийла айылында чоңойду. Көл бир тамчыдан куралат.

📖✍**388.** Окуп, көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү коюп, көчүрүп жазгыла жана уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Кары … кебин капка сал. Жумуш адам … пайда келтиргенде гана көңүлдүү болот. Курсагы ач … кулагы укпайт. Кырсык … корккон бактыга жетпейт.


✍**389.** Сөз өзгөртүүчү мүчө уланган беш сөз, сөз жасоочу мүчө уланган беш сөз таап, уңгу, мүчөгө бөлгүлө.

📖**390.** Текстти окуп, зат атооч сөздөрдү таап, уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Өзүнүн ким экенин кантип билүүгө болот? Күчүн сынап баалабастан, ишин сынап баалаш керек. Өз милдетиңди аткарып туруп, өзүңдүн эмнеге жарамдуу экениңди билесиң. Жүрүш-туруш адамдын ким экендигин билдире турган күзгү болот (Х.К.).

## § 75. Сын атооч

!




**392.** **Ө**зүңөр заттын өңү-түсүн, сын-сыпатын, даамын жана көлөмүн билдирген сөздөрдөн таап жазгыла.

**393.** Окугула. Кандай? деген суроого жооп берген сөздөрдү көчүргүлө. Ал сөздөр заттын кандай белгисин билдиргенин айтып бергиле.


Адырлуу тоонун ары жагында,
Ала-Тоонун бери жагында.
Калың чийдин арасында,
Кең сары Чүй талаасында
Бир узун кулак коен болгон (Р.Ш.).

**394.** Төмөнкү заттардын сын-сыпатын көрсөткөн сөздөрдү таап жазгыла.

Токой, үй, бычак, шакек, туз, топ, кой, мончо, кино, таш, китеп, гүл, мал, кагаз, талаа, аба, суу, трактор, чөп, жамгыр, булут, коон, алча, мектеп.

***Үлгү:*** түнт токой, …

**395.** Бул заттардын белгисин таап, толуктап жазгыла. Аларга суроо белгиле.




**396.** Сүйлөмдөрдү окуп, кандай? деген суроо коюу аркылуу сын атоочторду тапкыла. Көчүрүп жазып, сүйлөмдөгү кызматын аныктагыла. Маанисин түшүндүргүлө.

1. Жакшы уул элине баш болот, жаман уул элине кас болот. 2. Ак эмгектин наны таттуу, жалкоонун жаны таттуу. 3. Тянь-Шань көп тоолордон бийик.

**397.** Сын атоочторду ажыраткыла. Алардын зат атооч менен байланышын байкагыла.

Кызык кино, чоркок кыз, эптүү бала, жакшы адам, узун терек, тар өтүк, буурул ат, ысык чай, жапыз тоо, ачуу пияз, ачык асман, коркок коен.

## § 76. Жөнөкөй жана татаал сын атоочтор.

**!**

Сын атоочтор түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт.

Жөнөкөй сын атооч бир сөздөн (*амалдуу, алгыр, чайкор*), татаал сын атооч эки же андан көп сөздөн (*кызыл-тазыл, алдуу-күчтүү, ак жүздүү*) түзүлүп, лексикалык жактан бир эле түшүнүктү берет.

📖 **398.** Сын атоочту заттын белгиси (багыныңкы сөз) катарында колдонулуп, сөз айкашын түзгүлө. Сын атоочтун түзүлүшүн аныктагыла.

Балалуу…, тартипсиз…, тоодой…, алдуу-күчтүү…, ак жүздүү…, жаанчыл…, тончон…, кара тору…, кызыл ала…, адепсиз…

***Үлгү***: Балалуу аял,

✍**399.** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Сын атоочту таап астын сызгыла.

Куудай чачы агарган,
Менин да бар чоң атам.
Кардай болгон сакалын,
Сылап коет ар качан.

Чоорумду чоң атам,
Жасап берди камыштан.
Талаа, дайра тыңдашат,
Мукам үнүн алыстан (Р.Г.).

✍**400.** Татаал сын атоочторду катыштырып, беш сүйлөм түзгүлө.

📖✍**401.** Окугула. Суроо коюу менен заттардын белгисин билгизген сөздөрдү тапкыла. Сын атоочторду көчүрүп жазгыла.

Ак мөңгүлүү чокулар кыркалап, коргошун ирециндей. Чарык жиптей агарып чубалган суулар агып жатат. Чагылган тийип, кара күйүндү болгон арчанын калдыгы көрүнөт. Топтомолок кызыл четин алыстан дүпүйөт. Чайыр, куурай, аюу чачы, шыраалжын жыты буруксуйт. Тоо чокусун айланып, арчалуу асканын үстүндө калдайган эки бүркүт каалгып жүрөт.

## Тубаса жана туунду сын атоочтор

Сапаттык сын атоочтордун бардыгы тубаса сын атоочтор болуп эсептелет. Мисалы: кызыл, ак, сары, кең, тар, курч, шок, көк, бош ж.б.

Мындай сын атоочтордун көпчүлүгү антонимдик катышты түзөт: ак-кара, чоң-кичине, тар-кең, жоон-ичке ж.б.

Туунду сын атоочтор мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат. Мисалы: суусуз (суу), жыттуу (жыт), оттуу (от), балалуу (бала), үлгүлүү (үлгү), тартиптүү (тартип) ж.б.

**402.** Тубаса жана туунду сын атоочторду өзүнчө бөлүп жазгыла.

Акылдуу, кызыл, тоголок, балдай, балыктай, жакшы, тартиптүү, сүйрү, жоон, кичине, токойлуу, тончон, шаардык, бузук.

**403.** Сүйлөмдөрдү окуп,сын атоочторду таап, тубаса же туунду сын атооч экендигин түшүндүрүп бергиле.

Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат (макал). Мындан чоңураак киши деп элестетчүмүн (К.Ж.). Мен коендон жапыс болоюн,сен бүркүттөн алгыр бол. («Эр Төштүк»). Узун-узун уз келет, узун бойлуу кыз келет (табышмак). Анын кара тору жүзүнөн тер тыпылдап кетип жатты (Б.У.). Балалуу үй–базар. Аркы суудан берки суу улуураак тарбайбы, аркы кыздан берки кыз сулуураак турбайбы (фольк.).

**404.** Берилген зат атоочтордон сын атооч жасоого болобу? Мисалдар менен түшүндүргүлө.

Канат, токой, эс, билим, от, найза, сүт, даам, бал, булак, шаар, темир, үй, ой, уйку, кийим, класс, намыс, тамаша.

**405.** Тубаса сын атоочторду туунду сын атоочторго айландыргыла.

Ак, көк, чоң, бийик, сулуу, кенен, кызыл, кир.

**406.** Тубаса жана туунду сын атоочторду катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө жана экөөнүн окшоштугу менен айырмасын түшүндүргүлө.

**407.** Заттардын белгисин билдирген сөздөрдү тапкыла. Көчүрүп, алардын сүйлөмдөгү кызматын аныктагыла.

**Ө**тө баалуу бир зат бар,
Сүйлөгөндү билбеген
Кызыл, жашыл көздөрүн
Ирети менен ирмеген.

**408.** Көчүрүп жазгыла, сын атооч сөздөрдүн сүйлөмдө аткарган кызматын аныктагыла жана уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Бетегелүү жер жакшы. Акылдуу киши отту карайт, акылсыз киши казанды карайт. Акылдуунун сөзү - кыска. Ысык-Көл жайда салкын, кышта жылуу. Биздин тоолор бийик.

**409.** Сын атооч сөздөр сүйлөмдө аныктооч жана баяндооч болгондой сүйлөмдөр түзгүлө.

## § 77. Сын атоочтун жасалышы

!

Сын атоочтор морфологиялык жана синтаксистик жолдор менен жасалат.

Сын атоочтун сөз жасоочу мүчөлөр менен жасалышы морфологиялык жол деп аталат.

**а) Зат атоочтон сын атооч жасоочу мүчөлөр:**

**- луу:** токой**луу**, мал**дуу**, бала**луу**
**- поз:** өнөрпоз, илимпоз
**- сыз:** акылсыз, ишсиз, суусуз
**- лык:** айылдык, шаардык, тоолук.
**- чыл**: жаанчыл, ойчул, суучул
**- чан:** тончон, чапанчан, кийимчен
**- дай**: тоодой, балдай, суудай

**б) Этиштен сын атооч жасоочу мүчөлөр:**

**- гыр:** алгыр, өткүр
**- гыч:** билгич, сезгич
**- чаак**: урушчаак, унутчаак
**- чак**: тайгак, соргок
**- ынды**: кесинди, таарынды
**- гыс**: кеткис, түгөнгүс.

Синтаксистик жол менен жасалган сын атоочторго кош сөз жана кошмок сөз түрүндөгү сын атоочтор кирет:

*Мисалы: эстүү – баштуу, улуу – кичүү, жакшы – жаман, кызыл ала, ак саргыл, кара көк, бала кыял, жолборс жүрөк.*

**410.** Окугула. Сын атооч сөздөрдү таап көчүргүлө. Кандай жол менен жасалганын түшүндүргүлө.

Жамийланын жүрүш-турушунда кайраттуулук бар эле. Ал өжөр, ачык айрым, тамашакөй, тайманбас, шыңга

бойлуу келин. Ал күлгөндө, анын чымкый кара көзүнөн ден соолуктун, жаштыктын күчү көрүнө түшчү ( Ч.А.).

📖 **411.** Сын атооч сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Кайсы сөз түркүмүнөн жасалганын айтып бергиле.

Жүдөңкү, киргил, мактанчаак, сүттөй, урушчаак, өнөрпоз, канаттуу, суусуз, балдай, илимпоз, оттой, атчан, найзачан, тамашакөй, намыскөй, кийимчен.

**412.** Төмөнкү сөз жасоочу мүчөлөрдү колдонуп, сын атооч катышкан сүйлөмдөрдөн түзгүлө.

-луу; -чыл; -дай; -гыч; -аак.

***Үлгү***: бала + луу = балалуу.
Балалуу үй – базар.

## § 78. Сын атоочту морфологиялык жактан талдоо

**! Талдоонун тартиби:**

Сын атоочтун берген мааниси, грамматикалык түзүлүшү;
Уңгу, мүчөгө ажыратуу, кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгын аныктоо, кайсы мүчөлөр аркылуу жасалды?
Сын атоочтун сүйлөмдөгү аткарган кызматы.

***Талдоонун үлгүсү:***

Кызыл жүздүү жигит сылык, сыпайы, адептүү, тартиптүү экен.

***Оозеки талдоо:***

Кызыл жүздүү – сын атооч, заттын сыпатын билдирип, кандай? деген суроого жооп берди; Уңгусу – **кызыл жүз**; мүчөсү: - **дүү**. Сүйлөмдүн аныктоочу, татаал түзүлүштө.

**Сылык, сыпайы** – уңгу түрүндөгү сын атооч, кандай? деген суроого жооп берди. Жөнөкөй түзүлүштө, сүйлөмдүн бир өңчөй баяндоочу. **адептүү, тартиптүү** – жөнөкөй түзүлүштөгү сын атооч, кандай? деген суроого жооп берди. Сүйлөмдүн бир өңчөй баяндоочу. Уңгусу: **адеп, тартип** – зат атооч, **- луу** мүчөсү уланып, заттан сын атооч жасалды.

***Жазуу түрүндөгү талдоо:***

*кандай?* *кандай?* *кандай?*

Кызыл жүздүү жигит сылык, сыпайы, адептүү, тартиптүү экен.

**413.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп, сын атоочко морфологиялык талдоо жүргүзгүлө. Сын атоочтун сүйлөмдөгү кызматын айтып бергиле.

Жакшы атанын баласы жанга салган болоттой. Бийик, кооз, сонун үйлөр салынды. Биздин жер берекелүү, кооз, малга жагымдуу. Айлана жымжырт, караңгы.

**414.** Асты сызылган сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Сын атоочтун кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгын айтып бергиле.

Мээнеткеч адам кичине болсо да чоң күч, анын колунан бардыгы келет. Максатсыз жашаган адам агып бараткан дөңгөчкө тете. Шордуу чычкан сокур мышык бар дегенге ишенет. Кайрымдуу жүрөк картайбайт.

**415.** Берилген сүйлөмдөрдү сын атоочторду колдонуу менен маанисине карап бүтүргүлө.

Бүгүн аба ырайы … Күн … , асман … Абанын температурасы 30 ° С … Кечээ аба ырайы … болду, … шамал согуп, жаан жаады.

📖 **416.** Текстти окуп, сын атооч сөздөрдү тапкыла.

Аба ырайы кандай болорун пияздын кабыгынан билсе болот. Эгерде кабыгы жука болсо, анда кыш жылуу болот. Эгерде кабыгы калың болуп, бири-биринен оңой ажырабаса, анда кыш өтө суук болот.

Балчыларга аба ырайы жөнүндө аарылар билдирет. Эгер бал челектин чоң көзөнөктөрүн ачык калтырышса, кыш жылуу болот. Кичине көзөнөктөрүн ачык калтырышса, кыш аяздуу болот. Күзүндө токойдогу кумурсканын уюгу бийик болсо, кыш ызгаардуу болот.

# IV чейрек

## § 79. Этиш

!

Этиш заттын кыймыл-аракетин билдирип, эмне кылды? эмне кылып жатат? эмне кылат? деген суроолорго жооп берет.

**Лексикалык белгиси:**

Заттын кыймыл-аракетин билдирет.

**Морфологиялык белгиси:**

Жак жана чак боюнча өзгөрөт.

**Синтаксистик кызматы:** этиштер сүйлөмдө баяндоочтук милдет аткарат. Ээ менен жак жана сан боюнча ээрчишет.

*Мисалы: Эмгекти сүйгөндү эл сүйөт. Эл эмне кылат? – сүйөт – баяндооч.*

.

📖 **417.** Этиштерди таап, сүйлөмдөгү аткарган милдетин аныктагыла.

Адам эмгеги менен даңктанат. Кыштын камын жазда ойло. Абийириңди жашыңдан сакта. Ысык-Көл кышында тоңбойт. Кайгысы жок кара сууга семирет. Өпкөсү жок өзүн мактайт. Адам өлөт, искусство эч качан өлбөйт. Алымдын аракетинен Каныбек бардыгын тааныды.

📖 **418.** Тамсилди окуп, кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү тапкыла. Кандай суроого жооп берет?

Ит сөөк тиштеп, көпүрөдөн өтүп келе жатты, дал суунун орто жерине келгенде, эки жакты карады. Суудан дагы бир иттин сөөк тиштеп турганын көрдү. Адегенде ушунун сөөгүн тартып жейин деген ой менен имерилди. Суугa секиреpде, өз сөөгүн ыргытып жиберди. Агып-агып, өлө жаздап араң чыгып келди. (Р. Ш.).

✍📖 **419.** Берилген сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө. Эмне үчүн булар этиш деп аталат? Аларды уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Ырдады, иштеди, сүйлөдү, окуп жатат, батты, кетип бара жатат, отурду.

📖✍**420.** Окуп, көчүрүп жазгыла. Кыймылды билдирген сөздөрдүн астын сызгыла. Ал сөздөр кандай суроолорго жооп берет? Сүйлөмдө кайсы милдетти аткарганын айтып бергиле.

Эртең менен жымжырттык,
Ээн үйдө калгамын.
Алаканга апамдын,
Атын жазып алганмын.
Булгабадым кагазды,
Же дубалды чийбедим.

Мен апамдын ысымын,
Алаканга түйгөмүн.
Алаканын ачканым,
Бакыт нурун чачканым.

*А. Барто*

## § 80. Жөнөкөй жана татаал этиш .

**!**

Жөнөкөй этиш бир гана сөздөн, татаал этиш эки же андан көп сөздөн турат.
Татаал этиштер өзүнчө жазылат, айрым учурларда бирге жазылат.

*Мисалы: бара жатат – баратат.*
*келе жатат – келатат.*

Жазууда этиштин эки түрү тең колдонулат.

📖✍**421.** Текстти окуп, жөнөкөй этиштерди бир бөлөк, татаал этиштерди бир бөлөк көчүргүлө. Этиштерге кандай суроолор берилерин айткыла.

**Боорукер бала.**

Келе жатып бала королдун сарайына туш келет. Сарайга кирип, иштей турган жумуш табылар бекен деп сурайт. Король аны каардуу, карыган кызматкерине жиберет. Ал кызматкер баланы көргөндө, жаман ойго кетет. Королго барып:

- Жаңы келген бала мактанчаак экен. Бир кап күрүчтү, бир кап кумшекерди аралаштырып бергиле. Бир күндүн ичинде бөлүп берем деп мактанды, - дейт.

Король баланы чакырып алды да, кызматкердин айтканындай күрүч менен кумшекерди аралаштырып, кайра бөлгүн деп буйруду.

Король колдон келбес иш бергенине баланын көзү жетип, ыйлап отурду. Кумурскалар жөрмөлөп келип, жардамдашты. Эртең менен король таң калды. Балага ыраазы болду.

📖 **422.** Кыймыл-аракетти билдирген төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөр түзгүлө. Бул сөздөр кайсы затка таандык экенин түшүндүргүлө.

Сүйлөп жатат, гүлдөйт, сайрайт, учат, бышат, ырдап берди, ойногусу келип турат, бара жаткан элем.

✍**423.** Көчүрүп жазгыла, этиш сөздөрдүн алдын сызгыла.

Жутуп алып бууну,
Жерге себет сууну.
Асмандап учуп жүргөнү
Элестетет кууну.

✍**424.** Ойлонуп, татаал этиштер катышкан үч сүйлөм түзгүлө. Анын сүйлөмдө аткарган милдетин аныктагыла.

## § 81. Этиштин жасалышы

!

**Морфологиялык жол менен жасалышы:**

**- ла:** балтала, кайчыла, коздо
**- лан:** намыстан, капалан
**- а:** сана, чене, көзө
**- кар**: башкар, откор, аткар
**- сыра**: алсыра, уйкусура, кансыра
**- лаш:** достош, сүйлөш

**Синтаксистик жол менен жасалышында** эки же андан көп сөз өз ара тизмектешип, кыймыл-аракет жөнүндөгү бир гана маанини берет:
сүйлөй баштады, көрүп бер, жардам кыл, ала келди, ойноп-күлүп, алышып-беришип.

| Синтаксистик жол менен жасалган татаал этиштер | | | |
|---|---|---|---|
| Эки этиш сөз-дүн тизмегинен жасалат: *келип кет, жазып отурат, карап тур ж.б.* | Атооч сөз менен жардамчы этиштин тизмегинен жасалат: *кулак сал, адам бол, бата кыл ж.б.* | Татаал этиштин тутумундагы биринчи сөзү негизги, кийинкиси болсо, жардамчы этиш деп аталат. | Жардамчы этиштерге эт, де, бол, кыл деген сөздөр кирет: *азамат бол, убада кыл, сабыр эт ж.б.* |

✍**425.** Этиштин морфологиялык жол менен жасалышына жана синтаксистик жол менен жасалышына мисалдар келтиргиле.

✍**426.** Этиш сөздөрдү көчүргүлө жана суроо бергиле.

Жаабайм деп жаан алдады,
Кургак жерим калбады.
Кайыңдарды талдарды,
Калтыратма кармады

Айнекти жаан каккылап,
Абдан маашыр аткулак
Талдын тармал бутагы.
Тамды турат чапкылап (Т. К.).

✍**427.** Биринчи топтогу мүчөлөрдү этишке улап андан зат атооч, экинчи топтогу мүчөлөрдү зат атоочко улап, андан этиш сөздөрдү жасагыла. Жаңы сөздөр кандай жол менен жасалганын түшүндүргүлө.

| | |
|---|---|
| -ма | -ла |
| -мак | -лан |
| -гыч | -лаш |
| - ыч | -кар |

✍📖**428.** Көчүрүп, этиштер кайсы заттын кыймылына таандык экенин түшүндүргүлө.

Жипти суудан алат
Шашпай торун жаят.
Чалынган бечараны,
Чыгарбайт, койбойт аяп.
Көмүскө кычыкта жашайт.
Мунун атын ким атайт?

## § 82. Этиштин жакталышы

**!**

Этиштин жак, сан боюнча өзгөрүшү жакталыш деп аталат.
Зат атоочко улануучу жак мүчөлөр этишке да улана берет.

Этишке улануучу жак мүчөлөр.

| | Жекелик сан | | Көптүк сан | |
|---|---|---|---|---|
| *Жак* | *Толук түрү* | *Толук эмес түрү* | *Толук түрү* | *Толук эмес түрү* |
| I | -мын: бар-а-мын | -м: бар-а-м | -быз: бар-а-быз | -к: бар-ды-к |
| II | -сың: бар-а-сың | -ң: бар-са-ң | -сыңар: бар-а-сыңар | -ңар: бар-са-ңар |
| *сылык түрү* | -сыз: бар-а-сыз | -ңыз: бар-са-ңыз | -сыздар: бар-а-сыздар | -ңыздар: бар-са-ңыздар |
| III | -т: бар-а-т | - | -т: бар-ыш-а-т | - |

📖 **429.** Текстти окуп, белгиленген сөздөргө кайсы мүчө уланганын айтып бергиле.

Жай мезгилинде көбүнчө эс аламын. Мен Арсланбапта эс алганды жакшы көрөм. Сиз да эс алыңыз. Арсланбап Кыргызстандын түштүгүндө орун алган. Анда бийик – бийик жаңгак жыгачтары өсөт. Тоосунда эки шаркыратма агып турат. Баарыбыз чогуу ойнойбуз, китеп окуйбуз, ырдайбыз. Ошентип, жалпыбыз жайдын кереметин толук сезебиз, толкунданабыз.

📖 **430.** Текстти окугула. Жак мүчө уланган этиштерди таап, уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Силердин бир күнүңөр кандай өтөт? Мен эртең менен саат алтыда турам. Физзарядка жасайм, жуунам, эртең мененки тамакты ичемин. Сабакка барам. Сабак окуп, досторума, мугалимдерге кезигем. Сабактан кийин үйгө келем. Тамагымды ичип, бөбөгүмдү ойнотом. Өзүм да эс алам. Анан сабакка даярданамын, тапшырмаларды аткарам, китеп окуйм. Кечки тамакка отурамын, телевизор көрөм. Ата-энем, бөбөгүм менен сүйлөшөм. Анан уктайм.

📖 **431.** Берилген этиштерди уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Жак мүчөлөрдүн түрлөрүн айтып бергиле.

Ырдайбыз, ырдайсыз, алсаң, барамын, барам, көрөсүң, көрсөң, жүрүңүз, жүрүңүздөр, бийлейт, окуңуз, бассаң, бассаңыз.

✍ **432.** Биринчи жактын жак мүчөлөрүнүн ар бирин тиешелүү этиш сөзгө улап жазгыла.

| | |
|---|---|
| -мын: | -быз: |
| -мун: | -биз: |
| -мин: | -буз: |
| -мүн: | -бүз: |

**433.** Төмөнкү этиштерди экинчи жак менен (толук, толук эмес түрдө), жекелик, көптүк санда жактагыла.

Бар, барса, бил, билсе.
Кон, консо, көр, көрсө.

**434.** Көп чекиттин ордуна жак мүчөлөрдү коюп, көчүрүп жазгыла.

Биз бактылуу жашай… 2. Мен бардык сабагымды даярда… 3. Сиз качан келди… 4. Силер кечээ келген… 5. Атам жумушуна бара… 6. Апам мени менен үйдө кала…

**435.** Көчүрүп жазып, баш мүчөлөрдүн астын сызгыла. Баяндоочту уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Биз силерди окутабыз. 2. Телевизордон «Керемет көч» деген берүүнү көрдүк. 3. Биз улууларды дайыма сыйлайбыз, айтканын угабыз. 4. Эже-агайлар бизди окутушат, көп нерсеге үйрөтүшөт. 5. Досторумду мен жакшы көрөм.

## § 83. Этиштин чактары

**!**

Этиш сөздөр кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурдан мурда болгонун, же сүйлөп жаткан учурдан кийин болгонун, же ошол учурда болорун билдирет.
Ушул өзгөчөлүккө ылайык этиштер үч чак менен айтылат: учур чак, келер чак, өткөн чак.
Чак–этишке гана мүнөздүү категория.

## Учур чак

!

Учур чак сүйлөп жаткан мезгилде болуп жаткан кыймыл-аракетти билдирет.
*Мисалы: Бизде кыргыз тили сабагы болуп жатат.*
Учур чак түзүлүшү боюнча жөнөкөй жана татаал түрүндө болот.
Учур чактын жөнөкөй түрү этишке –уу+да, -а(й) мүчөлөрүнүн жалганышы менен жасалат: кубандыр+уу+да, айт+уу+да, оку+й+т, көр+ө+т.
Татаал түрү –а, -е, -й, -ып формасындагы чакчылдарга жак мүчө жалгана турган *жат*, *тур*, *отур*, *жүр* деген жардамчы этиштердин кошулушу аркылуу жасалат: көр+**үп** жүр+ө+**мүн**, бар+**а** жат+**а**+**мын**.

**436.** Этиштерди учур чакка келтирип жазгыла.

Жаз, иште, көр, өткөр, куттукта, эс ал, бар.

**437.** Кашаанын ичиндеги этиштерди учур чакка келтирип жазгыла. Этиштер кыймыл-аракеттин кайсыл учурда болгонун билдиргенин айтып бергиле.

Мен Бишкек шаарында (жаша). Мээрим улуттук-компьтердик гимназияда (окуп). Айдана балдар бакчасына (бар). Окуучулар сабак (оку). Өнөрпоздор өнөрүн (тарт). Бешинчи класста кыргыз тил сабагы (бол).

**438.** «Менин бүгүнкү күнүм» деген темада чакан аңгеме түзүп, учур чактагы этишти көрсөткүлө.

**439.** Окуп, учур чакта турган этиштерди таап, аны уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Учур чактагы этиш кайсы мүчөлөрдүн жардамы менен жасалганын байкагыла.

Жакында биз окуу жылын аяктайбыз. Классташтарым сабактарын окуп жатышат. Мугалим көп нерселерди айтып берүүдө. Биз болсо, кунт коюп угуудабыз. Аба ырайы жылуу болуп калды. Айдалган жер-жемиштер акырындык менен кылтыйып чыгууда.

**440.** Учур чактагы этиштердин жөнөкөй жана татаал түрлөрүн катыштырып, бир нече сүйлөм түзгүлө.

## § 84. Келер чак

!

Келер чак сүйлөп жаткан мезгилден кийин болуучу кыймыл-аракетти билдирет.
Келер чак маанисине карай экиге бөлүнөт: айкын келер чак, арсар келер чак.
Айкын келер чакта кыймыл-аракеттин болору же болбосу ишенимдүү көрсөтүлөт. Этишке -а(-й) жана тиешелүү жак мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу жасалат: *Мисалы: Жакында биз көлгө бар+а+быз.*
Арсар келер чак -ар жана жак мүчөлөрү аркылуу жасалат: *Мисалы: Жакында биз көлгө бар+ар+быз.*
Кээде арсар жана айкын келер чактардан кийин эле, экен, эмес деген жардамчы этиштер кошо айтылат.
*Мисалы: Эртең жаан жаайт экен*.

**441.** Сүйлөмдөгү учур чактагы этиштерди келер чакка айландырып көчүрүп жазгыла.

Ала-Тоо аянтында кызыктуу концерт болуп жатат. Майрамдык кечеде жаштар ырдап-бийлөөдө. Комузчулар болсо, комуз чертүүдө. Эл аралык симпозиумга бардык өлкөлөрдөн делегациялар келип жатышат.

**442.** Окугула. Этиш сөздөрдү таап, алардын чагын жана жасалышын аныктагыла.

-Чоңойгондо сен ким болосуң?
-Мен мугалим боломун.
-Мен дарыгер болгум келет.
-Мен ата-энем менен иштеймин.
-Мен айдоочу болгум келет.
-Мен окууну улантамын.

**443.** Жакында кайсы майрам болору жөнүндө чакан аңгеме түзгүлө. Этиштерди таап, уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

**444.** Берилген этиш сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып, кайсы чакта экенин, кантип жасалганын аныктагыла.

Дарыланып жатат, дарыланар, дарыланат, кат жазууда, кат жазат, кат жазар, сурап жатат, сурайт, сурар,бийлеп жатат, бийлейт, бийлөөдө.

**445.** Келер чак этиштерден тапкыла, аны уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Кандайча жасалганын айтып бергиле.

**446.** Ырда окуп, этиш сөздөрдү тапкыла. Аларды уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Футбол теп, шахматты бил, чебер жүрүп
Жеңип чыгып, жигиттерди четке сүрүп.
Жарышкын, секиргин, диск көтөр,
Антпесең теңтуштарың жүрөр күлүп.

Жарашпайт жабык жүрүү жаш муунга,
Ачык бол, өнөр үйрөн, бекер турба!
Ооруну соолор сүйбөйт, оору - жаман,
Соолуктун аты ким? – физкультура!



## § 85. Өткөн чак

!

Өткөн чак сүйлөп жаткан мезгилден мурун болгон кыймыл-аракетти билдирет.
Өткөн чактын төмөндөгүдөй түрлөрү бар: айкын өткөн чак, капыскы өткөн чак, жалпы өткөн чак, адат өткөн чак.
Айкын өткөн чак -ды мүчөсү аркылуу жасалат:
*Атам жумуштан кел+ди.*
Капыскы өткөн чак -ып, -ыптыр мүчөлөрү аркылуу жасалат:
*Бакдөөлөт чоң атасына кет+иптир.*
Жалпы өткөн чак -ган мүчөсү аркылуу жасалат:
*Былтыр Санжар Ысык-Көлгө бар+ган.*
Адат өткөн чак -чу, -чү мүчөлөрү аркылуу жасалат:
*Эжем дайыма комуз черт+чү.*

**447.** Учур чак, келер чак, өткөн чак формасындагы этиш

сөздөрдү тапкыла.

📖 **448.** Этиш сөздөрдү таап, сүйлөмдөгү милдетин аныктагыла. Уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Кайсы чакта турарын айтып бергиле. Маанисин түшүндүргүлө.

Адам эмгеги менен даңкталат. 2. Аганы көрүп, ини өсөт, эжени көрүп, сиңди өсөт. 3. Ак ойлоп, адал иште. 4. Кыштын камын жазда ойло. 5. Абийириңди жашыңдан сакта.

✍📖 **449.** Берилген этиштердин кайсы чакта турарын аныктап, өз-өзүнчө бөлүп жазгыла жана уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Арнаган, сүйлөөдө, айтар, окуптур, сүздү, окуду, көрөбүз, бара жатамын, иштечү, тартыптыр, ырдаган.

📖 **450.** Учур чак, келер чак жана өткөн чактардын өз ара окшоштугу менен айырмачылыктарын бөлүп көрсөткүлө.

📖 **451.** Таблица боюнча карап, этиштин өткөн чагы кандайча жасаларын түшүндүргүлө. Ар бирине мисал келтиргиле.

| Өткөн чак | Морфологиялык каражаттар |
|---|---|
| 1. Айкын өткөн чак: | -ды, -ди, -ду, -дү<br>-ты, -ти, -ту, -тү |
| 2. Капыскы өткөн чак: | -ып, -ип, -уп, -үп<br>-ыптыр, -иптир<br>-уптур, -үптүр |
| 3. Жалпы өткөн чак: | -ган, -ген, -гон, -гөн<br>-кан, -кен, -кон, -көн |
| 4. Адат өткөн чак: | -чу, -чү |


✍**452.** Берилген сөздөрдү таблицага карап, чактын түрлөрү боюнча жазгыла.

Оку, көр, бас, тарт, сүйлө.

***Үлгү***:

| айкын өткөн чак | капыскы өткөн чак | жалпы өткөн чак | адат өткөн чак |
|---|---|---|---|
| 1. окуду | окуптур | окуган | окучу |

📖 **453.** Схема боюнча дебат (талкуу) өткөргүлө.




## **Кеп маданияты.**

📖 **454.** Татаал учур чак этишти таап, аны жатыш жөндөмөсүндөгү кыймыл атооч менен алмаштыргыла.Алар өз ара синонимдеш болорун байкагыла.

1.Кайсы бирөө тээп түшүү үчүн арткы дөңөлөгүн таба албай убараланып жатат (М.А.). 2. Көздөрү ачыла элек бөлтүрүктөр бири-бирине ыкташып уктап жатышат (К.Ж.).3. А Саякбай айтып турат Манасты (О.С.).

📖 **455.** Татаал этиштер катышкан макалдардан жазгыла.

Маанисин түшүндүргүлө.Татаал этиштерге талдоо жүргүзгүлө.

📖 **456.** Жөнөкөй жана татаал учур чак этиштерди бөлүп алып, алардын чак маанилерин билдирген грамматикалык каражаттарды аныктагыла.

Жерди иңир каптай баштады,күндүн ырайы кайтадан бузулду (К.Б.). Дегеле сулуу кылып кырктырган көкүлүн алаканы менен сылап турду (Н.Б.). Суу эки жакка бөлүнө түштү,бирок мен сууга чөгүп эле бара жатам (К.Э.). Чабырлардын жалгыз бирөөнөн башкасы күн өткөн сайын торсоюшуп торолууда,семирүүдө (Ш.Б.). Соконун көчүн ээрчий карап,үй алдында Сакадай турат (К.Ж.).

## § 86. Этишке морфологиялык талдоо жүргүзүү.

!

***Талдоонун тартиби:***

Сөз түркүмү, жалпы мааниси, кандай суроого жооп берет?

Морфологиялык белгилери:

а) алгачкы түрү;
б) жакталышы;
в) саны (жекелик, көптүк);
г) чагы.

3. Сүйлөмдө аткарган синтаксистик кызматы.

***Талдоонун үлгүсү:***

Бүгүнкү сабак кызыктуу өттү

***Оозеки талдоо:***

Өттү – этиш, кыймыл-аракетти билдирди. Сабак эмне болду? – өттү.
Уңгусу – өт –буйрук этиш, жекелек сан;
-тү; айкын, өткөн чактын мүчөсү.
Сүйлөмдө баяндооч.

***Жазуу жүзүндө талдоо:***

Бүгүнкү сабак көңүлдүү өттү.

📖 **457.** Берилген сөздөрдү составдык бөлүктөргө ажыраткыла.

Келди, ырдады, сүйлө, окуган, чыкты, көрөт, жаады, баштады, бийле, алат.

✍ **458.** Кара тамга менен берилген сөздөрдү көчүрүп жазып, уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Тиш ооруганда колдун үстүнө муз **койсок оорутпай калат.** Себеби бардык оорулар **козголгондо,** биринчи ирет мээге белги **берилет.** Мээ дененин кайсы жери ооруп жаткандыгын **аныктайт.** Ошол убакта колдун үстүндөгү муздар ооруга терс таасирин **тийгизет.**

📖 **459.** Этиш сөздөрдү жак боюнча өзгөрткүлө жана аларды уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Айт, тарт, ырда, окуу, чыгуу, таң калуу.

📖 **460.** Сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүн тапкыла. Баяндоочтун милдетин кайсы сөздөр аткарды. Этиштик баяндоочтор кайсы жакта жана чакта турганын айтып бергиле.

Адам оозду ачып эстегенде, денеде жыйналган көмүр кычкыл газы дем менен бирге сыртка чыгат. Бет, ооз моюн баары кыймылга келип, баштагы кан айланууну жеңилдетет. Ошон үчүн эстегенден качпоо керек. Бирок оозду кол менен жаап эстөө – маданияттуулуктун белгиси болуп саналат.

📖 **461.** Текстти окуп этиш сөздөрдү тапкыла. Этишке мүнөздүү белгилерди айтып бергиле.

Эң байыркы өсүмдүк гингко же адантума деп аталып, Кытайда 180 миллион жыл мурун өскөн. Бул өсүмдүк динозаврлардын үйүр алган жайына айланган. Ал дарак

бүгүнкү күндө да өсүп турат.

📖 **462**. Текстти окуп, өткөн чак формасындагы этиш сөздөрдү тапкыла, аны составдык бөлүктөргө ажыраткыла.

**Жибек жолу**

Көптөгөн кылымдар бою соода кербендери Европадан Кытайга Чүй өрөөнү аркылуу басып өтүшкөн. Жолдогу каракчылардан товарларын коргоо үчүн кербендердин эки жагында куралданган атчандар коштогон.

Жолдон кудук кезикпей калуу коркунучун эске алып, сууну мол камдашкан. Байыркы Бурана мунарасы турган жерде чоң кербен сарай жайгашкан. Ысык-Көлгө жеткенде, жол башчылар кербендерди Нарынга жана Ат-Башыга бурушкан. Бир нече күн жол жүргөн соң, Кытайдын шаарларынын дарбазалары ачылган. Европалык коноктор Кытайдан түрдүү товарларды, өзгөчө жибекти алып өтүшкөн. Ошондуктан бул жол Жибек жолу деп аталып калган.

## 5-класста өтүлгөн материалдарды бекемдөө жана бышыктоо.

Суроолор жана тапшырмалар:

Тил илиминин фонетика, лексикология, морфология жана синтаксис бөлүмдөрү эмнени окутат?

Үндүүлөр жана үнсүздөр кандайча жасалат, ага кайсы тыбыштар кирет жана анын кандай түрлөрү бар?

Сөз деген эмне, ал кандай бөлүктөрдөн турат?

Эмне үчүн сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр деп бөлөбүз?

Сөз айкашы деген эмне? Анын кандай түрлөрү бар?

Сүйлөм мүчөлөрүн атагыла, жөнөкөй сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар? Татаал сүйлөм жөнүндө эмнелерди үйрөндүң, кандай түрлөрү бар?

Кыргыз тилинде кайсы сөз түркүмдөрү бар? Аларга

мүнөздүү грамматикалык белгилерди атагыла.

Төл жана бөтөн сөздөр, аларга коюлуучу тыныш белгилерин айтып бергиле.

📖 **463.** Сүйлөмдөрдү окугула. Жазууда жана оозеки кепте бир өңчөй мүчөлөрдө кандай өзгөчөлүктөр болорун айтып бергиле. Бир өңчөй мүчөлөр өз ара кандай байланышты?

1.Касым менен Майсалбек куду эле Субанкулдун өзү, куюп койгондой окшош. (Ч.А.) 2. Байкеме көп киши келчү, аны көп киши чакырчу, акылдашчу. (Ш.С.) 3. А сен, Каныке, эстүү, токтоо, чыдамкай бол. (К.Ж.) 4. Бөлмөнүн ичи таза, ары жарык, ары кең. (К.Б.) 5. Каныбектин айрыкча жек көргөнү - Айымбача менен Кылыч. (К.Ж.). 6. Узун бойлуу, кең далылуу,ак саргыл жигитке шашып келе жаткан Өмүрбек урунуп калды. (А.Т.). 7. Туш кийиздин ак, кызыл, мала кызыл, сары, күрөң саймаларын устат байбиче орду-орду менен кынаганына таң калдык. (А.Ак.). 8. Алардын үй-бүлөсү бири-бирине кайрымдуу, ынтымактуу, көңүлдүү жашачу. (Ш.С.) 9. Мен жазуулары ар түрдүү таштарды музейден да, талаадан да, тоолордон да көрдүм. (К.Ж.) 10. Дал ошол учурда Абыл, Өмүш, Ормуш келди. (Н.Б.) 11. Ал атка да өзү ыргып минди, эч ким менен коштошподу, сүйлөшпөдү. 12. Анын колунан иш да, аш да келчү. (А.Т.) 13. Козубек анын бутуна жыгылды, жалынды, жалбарды. (К.Б.) 14. Мен буга чейин мынчалык ачылган ары сулуу, ары жыттуу розаларды көрө элек болчумун. (К.Ж.)

📖 **464.** Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдөн мисал келтиргиле. Бир өңчөй мүчөлөрдүн өз ара байланышуу жолдорун айтып бергиле.

✍**465.** Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй

сүйлөмдөрдү аныктагыла жана тиешелүү тыныш белгилерин жазгыла.

1.Апам унчуккан жок башын чайкап төмөн түшүрдү. (Ч.А.) 2. Чоң суугa бети-колумду жуудум да сайда тушалган аттарды көздөй чуркадым. (Ч.А.) 3. Эки жакты карануу менен чайды да жарытып ичпедиңиз же кездеше турган аянычтуу адамыңыз бар беле. (К.Ж.) 4. Жаман жолдош жоого алдырат жаман сөз доого калтырат. (макал) 5.Ормондун каш-кабагы түнөрүп көзү акырая кадалганда Жанкарачтын каны качкан өңүнө кызыл жүгүрдү. (К.О.) 6. Кичинекей Табылдым интернатта ооруп калганда чүрпөлүү тоок сыяктуу жанынан карыш узаган жок элем. (А.Т.) 7. Күн кайра салкындагандан кийин койлор өрүштү карай жайылышты. (К.Ж.)

📖 **466.** Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр эмнеси менен айырмаланышат, алардын окшоштуктары кайсы?

📖 **467.** Төл жана бөтөн сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Тике сөздүн төл сөздөн мурда жана кийин колдонулушундагы тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө.

📖 **468.** Берилген сүйлөмдөрдү окуп, төл жана бөтөн сөздөрдү тапкыла. Бөтөн сөздүн мааниси өзгөрүлбөй, так сакталып берилгенин аныктагыла.

1. «Таза балээ эми болот турбайбы»,-деп Эдигейдин эси эңгирей баштады. (Ч.А.) 2. «Балдарга деңиз тууралуу айта жүр!»-деди Абуталип. (Ч.А.) 3.Апам: «Эл тарткан азапты эл менен кошо тарт», - деп келинин кайраттандырмакчы болуп жемелейт. (Ч.А.) «Улутту улут кылган анын –тили», - деп айткан Ч.Айтматов.

📖 **469.** Текстти көркөм окуп, айтылыш максатына карай кандай сүйлөмдөр экенин аныктагыла.

**Чоң эненин табышмагы**

Чоң эне алма багынын жанынан өтүп баратып, бир алманын томолонуп жатканын көрүп калды. Чоңдугу чыныдай экен. Чоктой кыпкызыл, жыты буркурайт. «Неберелериме ала барайын,» - деп ойлоду ал.

Балдар чоң эненин колундагы алманы көрө сала: «Укмуш чоң экен, ээ!» - деп чурулдап жиберишти. Чоң эне балдарга кайрылды:

- Бул алманы алгач эмне кылыш керек?
- Жеш керек! – деп кыйкырды Бекдөөлөт.
- Бычак менен бөлүү керек! – деди Айдана.

А чоң эне болсо, бир сөздү күтүп балдарды суроолуу карап турду.

Силер да ойлонсоңор, ал кайсы сөз эле? (*Т.М.)*

📖 **470**. Сүйлөмдөн бир өңчөй мүчөлөрдү тапкыла жана алардын аткарган милдетин аныктагыла.

Ат жабдыктарына ээр, жүгөн, нокто, жабуу, камчы, үзөңгү, көмөлдүрүк, куюшкан, басмайыл, желдик, тердик, ичмек, каптырга жана көрпөчө кирет.

Ээр - ат жабдыктарынын эң негизгиси. Үзөңгү, куюшкан айрым учурда көмөлдүрүк тагылып, атка басмайыл менен тартылат.

Атты ийкемдүү башкаруу жана байлоо үчүн жүгөн, нокто колдонулат. Кыргыздарда атты сол жагынан токушат.

📖 **471**. Татаал сүйлөмдөрдү тапкыла. Алар канча жөнөкөй сүйлөмдөн уюшулду жана алар бири-бири менен кандайча байланышканын айтып бергиле.

Акулалардын 350 түрү бар. Эң кичинекей акуланын көлөмү карандаштай болуп, салмагы 200 граммга жетет. Эң чоң акуланын кит жана гигант деген эки түрү бар. Чоң акулалар адам баласына эч качан кол салбайт, ал эми ак

акула адамдар үчүн коркунучтуу. Анын узундугу 5-6 метрден 12 метрге чейин жетсе, тиштери үч кырдуу болуп, өтө курч келет. Акулалардын жашоо узактыгы – 30 жыл. Ар бир акуланын өзүнүн туруктуу турак-жайы болгондуктан, өзүнүн жашаган аймагына гана аңчылыкка чыгышат. Кээ бир мамлекеттерде акулаларды кармап, алардын боорлорунан ар кандай витаминдерди жасашат. Акуланын бардык түрүнө эле аңчылык кылууга тыюу салынган.

📖 **472.** Кара тамга менен берилген сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыраткыла.

**Мексикада** өскөн Асан-Үсөн **гүлү** 24 саат бою **өзүнүн** өңүн бир канча жолу **алмаштырып турат**. Таң атарда ак түстө, анан ачык кызыл, түшкө маал кочкул кызыл **болсо,** кечке жуук кырмызы **өңдө** болот.

Караңгы **кирери** менен кайрадан ак **түстө** болот. **Баарынан** кызыгы бул гүл ак түстө **болгондо** гана жыт чыгарат.

📖✍**473.** Текстти окуп, белгиленген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

### Аарылар - тазалыктын символу

Канчалык көп болбосун,бир уюкта жашаган **курт-кумурскалардын** ар биринин өз милдети, иши бар экенин биз окуу китептеринен билебиз. Мисалы, **аарынын уюгун** алып көрсөк, бир уюкта жашаган аарылардын саны орто эсеп менен 80 **миңге** чейин чыгат жана андагы ар бир аарынын өзүнүн иши бар: бири **гүлдөрдөн** бал жыйнайт, экинчиси уюкту кайтарат, **үчүнчүсү** уюкту тазалайт. Мына ушул уюктун **тазалыгын** камсыз кылган аарылар керексиз **калдыктарды** сыртка чыгарып, уюкту

**желдетип** турушат.

*Жандыктардын биз билбеген сырлары*

📖 **474.** Кара тамга менен берилген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып, сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү мүчөлөрүн тапкыла.

**Жирафтын** боюнун **узундугу** 5м 80см. Ал эми жаңы төрөлгөн жирафтын бою 183см. Анын мойнунда **адамдыкындай** эле 7 **омурткасы** бар.

Тыйын чычкандын **сезгич** **муруттары башында** эле болбостон, **буттарында** да бар.

📖 **475.** Макалдарды окуп, белгиленген сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыраткыла.

**Акылдуу** сөз эстүү адамдын **жүрөгүнөн** орун алат.Жайык **өзөндүн** суусу жай агат.Токой өрттөнсө, **дүмүрү** калат.Асмандаган **шамдын жарыгы** алыска жетет.**Калкын** тоногон хан оңбойт.Чоң иштин **ийгилиги** майдадан башталат.Билбеген **жердин** ой-чуңкуру көп.

📖 **476.** Кара тамга менен басылган сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыраткыла.

**Апамдын майрамы**

Байчечекей таап **алдым**
Ойноп жүрүп **талаада.**
Ачпаса да **гүлдөрүн,**
Алып бардым аны апама.
**Кубангандан** апам мени,
**Кучагына** батырды.
**Мээриминен** бир заматта,
Байчечекей ачылды.

Григоре Виеру (Молдавия).



📖 **477.** Кара тамга менен берилген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн түрлөрүн аныктагыла.

Асман тиреген күңгөй-тескей **Ала-Тоолорунун ойдуңунда чалкып жаткан жергебиздин** бермети – Ысык-Көл. Ал жылдын кайсы **мезгили** болбосун көз жоосун **алат.** Аны ого бетер **көркүнө** чыгарган ак кар, көк муз баскан **тоо кыркалары** алыстан көрүнөт.

**478.** Төмөнкү сөздөрдүн антонимдерин таап көчүргүлө, маанилерин түшүндүргүлө.

Жайлоо, жайпак, жакындат, жалган, жалкы, илгери, ирettүү, ишенимдүү, калың, кордук, маданияттуу, март, түшүмдүү, макта, күнөөлүү.

**479.** Берилген сөздөрдү таандык мүчөлөрүнө жараша топтоштуруп жазгыла.

Баласы, китебим, атаңыз, максаты, атабыз, тилегим, китебиң, балаңыз, колуң, көлүңүз, атаң, тилеги, салты, салтың, үйү, үйүбүз, досуң, досум, досу, мээримиңиз, китебим, сабагыңыз, оюбуз.

***Үлгү:***

| 1-жак | 2-жак | 3-жак |
|---|---|---|
| китебим | атаңыз | баласы |

**480.** Таандык категориянын грамматикалык каражаттарын айтып бергиле жана мисал келтиргиле.

**481.** Берилген сөздөрдү таандык мүчө менен өзгөрткүлө.

Тоо, өлкө, апа, бала, гүл, тартип, чогулуш, сабак, асман, жер, суу, эне, кыз, дос.

**482.** Таандык мүчөлүү сөздөрдү таап, морфологиялык талдоо жүргүз.

1. Тилим менен атак алам,даңк алам,
   Тилим - айкөл, сөз жетпести даңктаган.

2. Көргүлөчү куйругун,
Куйругунан мурду узун,
Атын таап, андан соң,
Тапкылачы тумшугун.
3. Өмүрүм окуу менен өттү менин,
Үйрөнүп дүйнө сырын бүттүм дедим (О.Х.).
4. Ушул тилде атам,апам сүйлөгөн,
Ушул тилде бабам Манас үндөгөн.
Ушул тилде чечип тагдыр түйүнүн,
Ушул тилде турмуш сырын үйрөнгөн.

5. Сөзүн сыйлаганың,өзүн сыйлаганың. 6. Күнгө ыргыткан ташың өз башыңа тиет. 7. Мен элем элимди сагынган, туулган жер тузуна багынган.

**483.** Жекелик санда жана көптүк санда турган сөздөрдү өз-өзүнчө бөлүп жазгыла.

Балдар,жоон, бурганак, талаа, мал, куш, эл, таш, ит-куш, кыз-кыркын, ага-жеңе, калк, бакыт, тазалык, каармандык, асман, мектеп, китептер, күз, кыш, дүйшөнбү, январь, каймак, кол, көз, мээлей, өтүк.

**484.** Берилген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла жана мүчөнүн кайсы түрү экенин айтып бергиле.

Бөбөгүм, бөбөгүң, энебиз, мектеби, мектебиңер, максатым, кызыкчылыгы, айылың, кызы, күндөрү, апам, досу, кызым, күндөрүң, көйнөгүң, агам, үйүң, тартиби.

**485.** Берилген сын атоочтордон туунду сын атооч жасагыла. Кандай жол менен жасалганын түшүндүргүлө.

Дарак, токой, канат, сүт, кылкан, чөп, адеп, кызык,суу, китеп, кант, адилет, даам, бал, булак, балык, темир, тууган, жердеш, уйку, акыл, класс, мээрим.

**486.** Морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалган сын атоочторду аныктап, себебин түшүндүргүлө.

Балалуу, айыпкер, күнөөлүү, кара-кочкул, улуу-кичүү, өнөрпоз, ойноок, бузук, эринчээк, узун бойлуу, кызыл ала, асынма, сынык, ачык, жээрде кашка, ак көңүл, кымча бел, ак пейил, мансапкор, илимпоз, ажырагыс, таарынчаак, кең далылуу, бүркүт кабак, жаман-жуман.

📖 **487.** Берилген этиштерди составдык бөлүктөргө ажыраткыла. Мүчөнүн түрлөрүн аныктагыла.

Барам, күлөм, көрдүң, барабыз, көрсөң, келсең, баргансың, барат, көргөм, көргөнмүн, тарткам, тартканмын, келесиң, келгенсиң, окуганбыз, бардык.

✍**488.** Учур чактагы, келер чактагы этиштерди көптүк, жекелик санда жактап, мүчөлөрдү аныктагыла.

Бара жатам, көрсөтүп турам, окуй берем, иштөөдөмүн, барам, кол коем, үн салам.

📖 **489.** Жак боюнча өзгөргөн этиштер кайсы чакка тиешелүү. Составдык бөлүктөргө ажыраткыла. Мүчөлөрдүн түрлөрүн айтып бергиле.

| | | |
|---|---|---|
| 1. барабыз | келербиз | окуудамын |
| 2. барасыңар | келерсиңер | окуудасыңар |
| барасыздар | келерсиздер | окуудасыз |
| 3. барат (-ышат) | келишер | окууда |

📖 **490.** Берилген сөздөр кайсы чакта турат? Составдык бөлүктөргө ажыраткыла жана мүчөнүн түрлөрүн айтып бергиле.

Барыптырмын, барыптырсың, барыптырсыздар, баруучумун, барчусуң, келчүсүң, бардык, бардым, бардың, баргам, келгем, тургам.

📖 **491.** Берилген сүйлөмдөрдөн жак мүчөлүү сөздөрдү тапкыла жана кайсы жакта экенин түшүндүргүлө.

1.Жээлиге бербе, Осмонкул,
Жеңе турган Калыкмын (К.А.).
2.Таланттуу хирургсуң, жүрөккө операция жасаганы жатасың (Т.А.).
3. Ак туйгун менмин талпынган,
Ак пери сенсиң калкыңдан (А.Т.).
4. Булбулсуң десең, мен – булбул
Каргасың десең, мен – карга (Б.С.).
5. Үйүр-үйүр жылкы айдаган,
Атам жүргөн жерди сагынам (К.Т.).

**492.** Зат атоочторду жактагыла. Мүчөнүн түрлөрүн айтып бергиле.

Окуучу, ата, эне, бала, тууган, мугалим, адам, учкуч, врач, эже.

**Шарттуу кыскартуулар**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | К.Т. | К. Тыныстанов | 43 | К.Э. | К.Эсенкожоев |
| 2. | С.Р. | С. Рысбаев | 44 | Т.С. | Ток. Самудинов |
| 3. | Х.К. | Х. Карасаев | 45 | К.Т. | Керим Турапов |

| | | |
|---|---|---|
| 4. | Т.Ж. | Т. Жефферсон |
| 5. | Т.С. | Т. Сыдыкбеков |
| 6. | Т.Б. | Т. Байзаков |
| 7. | А.Т. | А. Токомбаев |
| 8. | Ч.А. | Ч. Айтматов |
| 9. | Б.А. | Б. Алыкулов |
| 10. | А.К. | А. Кыдыров |
| 11. | М.О. | М .Орунбеков |
| 12. | Ш.Б. | Ш. Бейшеналиев |
| 13. | А.О. | А. Осмонов |
| 14. | С.Ө | С. Өмүрбаев |
| 15. | К.Ж. | К. Жантөшев |
| 16. | К.К. | К.Каимов |
| 17. | Б.С. | Б.Сарногоев |
| 18. | Ү.А. | Ү. Асаналиев |
| 19. | Р.Ж. | Р. Жайлообаева |
| 20. | Ш.Са. | Ш.Садыбакасов |
| 21. | М.Э. | М.Элебаев |
| 22. | А.Акм. | А.Акматалиев |
| 23. | К.О. | К.Осмоналиев |
| 24. | Т.М. | Т.Мидинов |
| 25. | Т.Б. | Т. Байзаков |
| 26. | О.Х. | Омор Хаям |
| 27. | Т.А. | Т. Абдумомунов |
| 28. | Ж.М. | Ж.Мамытов |
| 29. | Н.Б. | Н.Байтемиров |
| 30. | Жең. | Жеңижок |
| 31. | Т.К. | Т. Кожомбердиев |
| 32. | Э.И. | Э.Ибраев |
| 33. | Д.Ж. | Д. Жалгасынова |
| 34. | К.Б. | К. Бобулов |
| 35. | Ж.Б. | Ж.Бекниязов |
| 36. | К.А. | К. Акиев |
| 37. | С.Ж. | С. Жусуев |
| 38. | А.А. | А. Алгожоев |
| 39. | Р.Ш. | Р.Шүкүрбеков |
| 40. | Р.Г. | Р. Гамзатов |
| 41. | Б.У. | Б. Усубалиев |
| 42. | М.А. | М. Алыбаев |

| | |
|---|---|
| 46 | «Залкар ойлор» |
| 47 | «Ой гүлдөрү» |
| 48 | «Кыргызстан токойлору» |
| 49 | «Кыргыз поэзиясынын антологиясы» |
| 50 | « Балдар адабияты» |
| 51 | «Дүйнөдөгү кызыктар» китеби |
| 52 | «Чыгыш насааттарынан» |
| 53 | «Да» журналы |
| 54 | «Өсүмдүктөр дүйнөсүндө» |
| 55 | «Курманбек» эпосу |
| 56 | «Манас» эпосу |
| 57 | «Гүлсарат» |
| 58 | «Саманчынын жолу» |
| 59 | «Келкел» |
| 60 | «Мезгил жана Алыкул» |
| 61 | «Манас» энциклопедиясы |
| 62 | «Эр Төштүк» эпосу |
| 63 | Кыргыз эл жомокторунан |
| 64 | «Накыл сөздөр» |

## Мазмуну

§1 Тил пикир алышуунун куралы........................................................................ 5
§2..Кептин тил менен карым-катышы.................................................................... 8
§3 Текст, анын мүнөздүү белгилери...................................................................... 10

§4 Тексттин маанилик бүтүндүгү........................................................................ 12
§5 Тексттин темасы жана анын андагы негизги ой............................................. 16
§6 Тексттин планы................................................................................................ 19
§7 Кептин түрлөрү................................................................................................. 21
§8 Сүрөттөө............................................................................................................ 24
§9 Ой жүгүртүү...................................................................................................... 27
§10 Расмий иштиктүү стиль, анын түрлөрү........................................................ 31
§11 Сөз айкашы...................................................................................................... 35
§12 Сөз айкашынын тутумундагы сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдору....... 39
§13 Ыкташуу байланышы...................................................................................... 41
§14 Башкаруу байланышы..................................................................................... 43
§15 Таандык байланыш......................................................................................... 44
§16 Сөз айкашы боюнча талдоо............................................................................ 46
§17 Сүйлөм............................................................................................................. 47
§18 Жай сүйлөм...................................................................................................... 50
§19 Суроолуу сүйлөм............................................................................................. 52
§20 Илептүү сүйлөм............................................................................................... 54
§21 Буйрук сүйлөм................................................................................................. 55
§22 Сүйлөм мүчөлөрү............................................................................................ 57
§23 Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү.............................................................................. 58
§24 Аныктооч......................................................................................................... 59
§25 Толуктооч........................................................................................................ 61
§26 Бышыктооч...................................................................................................... 63
§27 Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү.................................................................... 65
§28 Бир өңчөй мүчөлөрдүн байланышуу жолдору жана тыныш белгилери...... 67
§29 Жалаң жана жайлма сүйлөм........................................................................... 69
§30 Каратма сөздөр................................................................................................ 71
§31 Жөнөкөй сүйлөмдү талдоо............................................................................. 73
§32 Татаал сүйлөм.................................................................................................. 75
§33 Тең байланыштагы татаал сүйлөм................................................................. 77
§34 Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм.................................................... 80
§35 Төл жана бөтөн сөздөр.................................................................................... 82
§36 Диалог.............................................................................................................. 84
§37 Синтаксистик талдоо....................................................................................... 87
§38 Фонетика жөнүндө түшүнүк.......................................................................... 89
§39 Тыбыш жана тамга.......................................................................................... 92
§40 Үндүү жана үнсүз тыбыштар......................................................................... 94
§41 Жоон жана ичке үндүүлөр.............................................................................. 95
§42 Эриндүү үндүүлөр........................................................................................... 97
§43 Кең жана кууш үндүүлөр................................................................................ 98
§44 Кыска жана созулма үндүүлөр...................................................................... 100
§45 Бир сөз ичинде үндүүлөрдүн ээрчишип өзгөрүүсү…………………… 102
§46 Үнсүз тыбыштардын бөлүнүшү..................................................................... 104
§47 Интонация........................................................................................................ 108
§48 Орфоэпия жана орфография........................................................................... 110

§49 Бир сөз ичинде к, п тыбыштарынын г, б тыбышына өзгөрүп айтылышы жана жазылышы.......................................................................................................... 111
§50 Фонетикалык талдоо....................................................................................... 114
§51 Лексика жана кеп маданияты......................................................................... 117

§52 Сөздүн лексикалык жана грамматикалык мааниси....................................... 118
§53 Бир маанилүү жана көп маанилү сөздөр…......................................... 121
§54 Сөздүн тике жана өтмө мааниси........................................................... 122
§55 Синонимдер............................................................................................ 125
§56 Омонимдер............................................................................................. 128
§57 Антонимдер............................................................................................ 129
§58 Сөз жасоо, сөздүн курамы.................................................................... 134
§59 Мүчөлөрдүн түрлөрү............................................................................. 136
§60 Тубаса жана туунду сөз......................................................................... 139
§61 Сөздү курамдык бөлүгү боюнча талдоо……………………………… 142
§62 Сөз түркүмү, аны классификациялоо.................................................. 143
§63 Зат атооч жана кеп маданияты.............................................................. 146
§64 Жөнөкөй жана татаал зат атоочтор...................................................... 148
§65 Зат атоочтун жасалышы........................................................................ 151
§66 Энчилүү жана жалпы зат атоочтор....................................................... 153
§67 Энчилүү аттардын жазылышы.............................................................. 154
§68 Зат атоочтордун көптүк санда өзгөрүшү............................................. 156
§69 Таандык мүчөлөр, анын түрлөрү........................................................... 157
§70 Жак, таандык мүчөлөр........................................................................... 158
§71 Таандык мүчөнүн сылык түрү.............................................................. 160
§72 Жалпы таандык мүчө............................................................................. 161
§73 Зат атоочтун жакталышы....................................................................... 163
§74 Зат атоочторду морфологиялык жактан талдоо.................................. 166
§75 Сын атооч жана кеп маданияты............................................................ 168
§76 Жөнөкөй жана татаал сын атоочтор..................................................... 169
§77 Сын атоочтун жасалышы....................................................................... 172
§78 Сын атоочторду морфологиялык жактан талдоо................................. 173
§79 Этиш жана кеп маданияты.................................................................... 175
§80 Жөнөкөй жана татаал этиш.................................................................. 176
§81 Этиштин жасалышы.............................................................................. 178
§82 Этиштин жакталышы............................................................................. 179
§83 Этиштин чактары, учур чак.................................................................. 182
§84 Келер чак................................................................................................. 183
§85 Өткөн чак............................................................................................... 184
§86 Этишке морфологиялык талдоо жүргүзүү.......................................... 187
5-класста өтүлгөн материалдарды бекемдөө жана бышыктоо............................ 189
Шарттуу кыскартуулар.............................................................................. 199
Мазмуну....................................................................................................... 200

**Койлубаева Айгүл, Койлубаева Айнура**

**Кыргыз тили**
**(5 – класс үчүн окуу китеби)**

Редактор: Рысбаев С.
Көркөм редактор: Хасанов С.
Корректор: Оторбаева С.
Тех.редактор: Жакыпова Ч.
Компьютердик калыпка салган: Донbackonбаева Д.А., Жумашева Ж.Ж.

Терүүгө 10.01.2010-ж. Басууга 25.02.2010-ж.
Офсет кагазы №1. Форматы 60х90$^{1/16}$
"Мектеп" ариби. Түстүү ыкма менен басылды.
Көлөмү 14 б.т.

Заказ 189. Нускасы 500.
Тел.: 52696.

**Тил-поэзиян линде**

Уламадан уккан Сөз,
Угуттанып чыккан Сөз.
Арбын жөлөк толгон Сөз,
Ат көтөргүс болгон Сөз.
Эрендерден алган Сөз,
Энчи болуп калган Сөз.
Карылардан алган Сөз,
Калк ичинде калган Сөз.
Белес-белес бороондоп,
Беш удургуп өткөн Сөз.
Кылымдардын кыйырынан,
Кол чайкаган кыргызга,
Желдей тарап кеткен Сөз.

**"Манас"**

Тил арстан босогоңдо комдонгон,
Бошоп кетсе, өзүңдү да жеп койгон.

**Жусуп Баласагын**

Жараткан бергенин бүт койбой алат,
Бир гана жылуу сөзүң аман калат.

Кылымга атың сактайт сөздөр даана,
Сөз - күчтүү, бийик көрүп, аны баала.

**Фирдоуси**

Кымбаттан кыналышып бүткөн тилим,
Кылымдан ыйык энем күткөн тилим.
Төрөлүп бул дүйнөгө көз ачканда,
Жаралып жаным менен бүткөн тилим.

**Абдрасул Токтомушев**

**Сөз менен ма[illegible] зүлөт,**
**Сөз менен ма[illegible]үлөт.**

**Сөз менен акыл- эс жетилет,**
**Сөз менен аруулук кетилет.**

**Сөз менен акыйкат жол табат,**
**Сөз менен арамдык кол салат.**
**Сөз менен ар-намыс ылганат,**
**Сөз менен ак кагаз булганат.**

**Сөз менен айтылат тамаша.**
**Сөз менен ырк бузуу жанаша.**

**Сөз менен достошот касташкан.**
**Сөз менен жеңилет басташкан.**

**Сөз менен ажаат ачылат.**
**Сөз менен ажал да чачылат.**

**Түмөнбай Байзаковө**

**Жакшы сөз сүйкүм угулат,**
**Жакшы сөз күндөн жылуураак.**
**Жакшы адам сөзгө түшүнөт,**
**Жакшы адам сөзгө жыгылат.**

**Жалил Садыков**

**Эне тилин билбеген,**
**Эси жогун аныктайт.**
**Эне тилин сүйбөгөн,**
**Элин сүйүп жарытпайт.**

**Байдылда Сарногоев**

**Кыргыз туруп кыргыз тилин билбесе,**
**Билсем деген ниетине кирбесе,**
**Дилин, тилин чанып алган немени**
**Түшүналбайм болот экен ким десе!?**

**Үсөнбек Асаналиев**